КЫРГЫЗ БАНКЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЁТ

финансылык отчёт

2025

Бишкек-2026

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2025-жыл үчүн жылдык отчёту.***
***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2025-жыл үчүн финансылык отчёту***

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2025-жыл үчүн жылдык отчёту Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы №92 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 50 жана 64-беренелерине ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчёту Улуттук банк Башкармасынын 2026-жылдын 18-февралындагы №2026-П-15/10-5-(ВД) токтому менен бекитилген.

Улуттук банктын 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн өзүнчө финансылык отчёту Улуттук банк Башкармасынын 2026-жылдын 18-февралындагы №2026-П-15/10-6-(ВД) токтому менен бекитилген.

**Редакциялык кеңеш:**

| | |
|---|---|
| Төрага | Сулайманбекова Ж.С. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Абдыгазиев С.К. |
| | Абылгазиева А.Б. |
| | Алиев А.А. |
| | Акулуева М.Ш. |
| | Бегалиева С.А. |
| | Джураева М.Ш. |
| | Жапарова Э.М. |
| | Мамбеткул кызы А. |
| Жооптуу катчы | Кокулов С.Б. |

Сандарды тегеректөөдөн улам, акыркы катардагы суммалар дал келбей калышы мүмкүн.

Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга уруксат берилет, ал эми цитата келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2026-жыл.

Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын Басылмалар жана маалыматтарды берүү бөлүмүнө кайрылуу зарыл.

Телефон: (+996 312) 66 90 15 (+1200)
Электрондук почта: skokulov@nbkr.kg
www.nbkr.kg

"M-MAXIMA"
ЖЧК тарабынан калыпка салынган жана басылып чыгарылган
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 197/1

# МАЗМУНУ

## 2-китеп

## IV. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2025-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТУ


10-ГЛАВА. 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ ........ 7

10.1. Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусу ........ 8

10.2. 2025-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчёт ... 12

10.3. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчёт ........ 13

10.4. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчёт ........ 14

10.5. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчёт ........ 15

10.6. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчёт ........ 17

10.7. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчётко карата эскертүүлөр........ 19

11-ГЛАВА. 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ ........ 113

11.1. Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусу ........ 114

11.2. 2025-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчёт........ 118

11.3. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчёт....... 119

11.4. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн жыйынды киреше жөнүндө өзүнчө отчёт.... 120

11.5. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчёт ........ 121

11.6. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө өзүнчө отчёт ........ 123

11.7. 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн өзүнчө финансылык отчётко карата эскертүүлөр ........ 125

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2025-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТУ

IV

# 10-ГЛАВА. 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

## МАЗМУНУ


| | Беттери |
|---|---|
| КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ | 8 |
| КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТ | |
| Финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчёт | 12 |
| Пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчёт | 13 |
| Жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчёт | 14 |
| Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчёт | 15 |
| Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчёт | 17 |
| Консолидацияланган финансылык отчётко карата эскертүүлөр | 19 |

bakertilly

Ибраимов көчөсү, 103
"Виктори" бизнес борбору, 7-кабат
Бишкек ш., 720011
Кыргыз Республикасы

Т: +996 (312) 90 05 05
Ф: +996 (312) 91 05 05
contact@bakertilly.kg
www.bakertilly-ca.com

## КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына жана Аудит боюнча комитетине:

**Аудитордун пикири**

Биз, 2025-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчёттон, көрсөтүлгөн күнгө карата бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчёттон, жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчёттон, капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчёттон жана көрсөтүлгөн датага карата бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчёттон, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги жоболору боюнча кыскача маалыматты кошо алганда, консолидацияланган финансылык отчётко карата эскертүүлөрдөн турган Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – "Улуттук банк") жана анын туунду уюмдарынын (мындан ары – "Топ") консолидацияланган финансылык отчётуна аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибиз боюнча тиркелген консолидацияланган финансылык отчётто Топтун 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча консолидацияланган финансылык абалынын бардык олуттуу аспектилери, ошондой эле көрсөтүлгөн күнгө карата бүткөн жыл ичинде анын консолидацияланган финансылык натыйжалары менен консолидацияланган акча каражаттарынын жылышы, консолидацияланган финансылык отчётко карата 2-эскертүүдө көрсөтүлгөн консолидацияланган финансылык отчётту даярдоо принциптерине ылайык так чагылдырылган.

**Пикирди билдирүү үчүн негиз**

Биз аудитти Эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүздүк. Ошол стандарттарга ылайык биздин милдеттерибиз корутундунун "Консолидацияланган финансылык отчётко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги" бөлүгүндө чагылдырылган. Биз, Бухгалтерлер үчүн эл аралык этика стандарттары боюнча кеңеш тарабынан кабыл алынган "Кесипкөй бухгалтерлердин эл аралык этика кодексине" (мындан ары – "Кодекс") жана Кыргыз Республикасында консолидацияланган финансылык отчётко жүргүзүлгөн аудитке тиешелүү этикалык талаптарга ылайык, Топтон көз каранды эмеспиз жана биз ушул талаптарга жана Кодекске ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык. Биз алган аудитордук далилдер пикирибизди билдирүү үчүн негиз катары жетиштүү жана талапка жооп берет деп болжолдойбуз.

**Улуттук банктын 2025-жыл үчүн жылдык отчётунда чагылдырылган башка маалымат**

Башка маалыматта Улуттук банктын 2025-жыл үчүн жылдык отчётунда чагылдырылган маалымат камтылат, бирок консолидацияланган финансылык отчёт жана биздин ал боюнча аудитордук корутунду башка маалыматта камтылбайт. Башка маалымат үчүн жоопкерчилик жетекчиликке жүктөлөт.

Өзүнчө финансылык отчётко аудитти биз жүргүзүп жаткандыктан, биздин милдет – башка маалымат менен таанышып чыгуу жана башка маалымат менен өзүнчө финансылык отчёт жана аудиттин жүрүшүндө бизге маалым болгон маалымат ортосунда олуттуу дал келбестиктер жоктугун жана башка маалыматта чыгарылган консолидацияланган финансылык отчёттогу маалыматтан кыйла бурмаланган башка маалымат камтылбагандыгын карап чыгуу саналат.

Бул консолидацияланган финансылык отчётту чыгаруу учурунда Улуттук банктын жылдык отчёту бекитилген эмес жана биз бул маалымат боюнча кандайдыр бир ишенимди билдирген пикирди сунуштабайбыз.

**Маанилүү жагдай – эсепке алуу принциптери**

Биз көңүлүңүздөрдү консолидацияланган финансылык отчётко карата 2-эскертүүгө бурабыз, анда эсепке алуу принциптери чагылдырылган. Консолидацияланган финансылык отчёт Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талаптарын сактоодо Улуттук банкка көмөк көрсөтүү максатында даярдалган.

Демек, бул консолидацияланган финансылык отчётту башка максаттарда пайдаланууга жол берилбейт. Биз бул маселе боюнча модификацияланган пикирибизди билдирбейбиз.

**Жетекчиликтин жана Аудит боюнча комитеттин консолидацияланган финансылык отчёт үчүн жоопкерчилиги**

Жетекчилик консолидацияланган финансылык отчётко карата 2-эскертүүдө чагылдырылган консолидацияланган финансылык отчётту даярдоо принциптерине ылайык консолидацияланган финансылык отчёттун даярдалышы жана анда маалыматтардын так чагылдырылышы, ошондой эле жетекчилик алгылыксыз иш алып баруунун же каталарга жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду камтыбаган консолидацияланган финансылык отчётту даярдоо үчүн зарыл деп эсептеген ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

Консолидацияланган финансылык отчётту даярдоодо жетекчилик, Топту жоюу, анын ишин токтотуу ниетин билдирген учурларды кошпогондо же жетекчиликтин мындан башка альтернативасы жок болсо, Топ өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө баа берүү, иш үзгүлтүксүздүгүнө тиешелүү маалыматтарды чечмелеп берүү жана бухгалтердик эсепке алуунун негиздери катары иш үзгүлтүксүздүгү боюнча принциптердин колдонулушу үчүн жоопкерчиликтүү болот.

Аудит боюнча комитет Топтун консолидацияланган финансылык отчётун даярдоо процессин көзөмөлдөө үчүн жооптуу болуп саналат.

**Консолидацияланган финансылык отчётко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги**

Биздин максат – консолидацияланган финансылык отчётто алгылыксыз иш-аракеттерден же каталарга жол берүүдөн улам олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жеткиликтүү ишенимде болуу жана биздин пикир камтылган аудитордук корутундуну даярдоо. Жеткиликтүү ишеним толук ишенимде болуу дегенди түшүндүрөт, бирок Эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө олуттуу бурмалоолор дайыма аныктала тургандыгын гарантиялабайт. Бурмалоолор алгылыксыз иш алып баруунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн же каталар өз-өзүнчө же биригип пайдалануучулар ушул консолидацияланган финансылык отчёттун негизинде кабыл алган экономикалык чечимдерге таасирин тийгизиши ыктымалдыгын болжолдосок, алар олуттуу болуп эсептелинет.

Эл аралык аудит стандарттарына жана Финансылык отчёттун эл аралык стандарттарынын кошумча талаптарына ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, биз бүтүндөй аудит жүргүзүү мезгили ичинде кесипкөй көз карашка таянабыз жана кесиптик скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары, биз:

- алгылыксыз иш-аракеттердин же каталарга жол берүүнүн кесепетинен консолидацияланган финансылык отчётто олуттуу бурмалоолорду аныктап, тобокелдиктерге баа беребиз; ошол тобокелдиктерге карата аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгабыз жана жүргүзөбүз; ой-пикирибизди билдирүү үчүн негиз болгон жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алабыз. Жогоруда белгиленген алгылыксыз иш-аракеттердин кесепетинен улам олуттуу бурмалоолордун аныкталбай калуу тобокелдиги, катага жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдигине караганда алда-канча жогору болуп саналат, анткени алгылыксыз иш алып барууда келишип алуу, атайлап жасоо, атайлап калтырып кетүү, маалыматтарды бурмаланган түрдө сунуштоо же ички контролдоо системасынын талаптарына жооп бербеген иш-аракеттерди көрүү сыяктуу жагдайлар камтылышы мүмкүн;
- Топтун ички контролдоо системасынын натыйжалуулугу жөнүндө пикирди билдирүү максатында эмес, жагдайларга ылайык келген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, аудит үчүн мааниге ээ ички контролдоо системасы түшүнүгүн алабыз;
- колдонулуп жаткан эсепке алуу саясатынын талаптагыдай мүнөзүнө, жетекчилик тарабынан эсептелген баалоо маанилеринин жана тиешелүү маалыматтардын чечмеленишинин негиздүүлүгүнө баа беребиз;
- жетекчилик тарабынан иш үзгүлтүксүздүгү боюнча колдонулган жол берүүнүн укук ченемдүүлүгү боюнча тыянак чыгарып, алынган аудитордук далилдердин негизинде Топ өз ишин үзгүлтүксүз улантууга жөндөмдүүлүгү боюнча олуттуу шектенүүлөр жаралышы мүмкүндүгүнөн улам жаралган жагдайларга же шарттарга байланыштуу белгисиздик орун алышы мүмкүндүгү же жоктугу жөнүндө тыянак чыгарабыз. Эгерде олуттуу белгисиздик жагдайы орун алгандыгы жөнүндө тыянакка келсек, биз аудитордук корутундуда консолидацияланган финансылык отчётто маалыматтарды талапка ылайык чечмелөөгө көңүл бурууга же маалымат талаптагыдай чечмеленбесе, өз пикирибизди модификациялоого тийишпиз. Биздин тыянактар аудитордук корутунду чыгарылган күнгө чейин алынган аудитордук далилдерге негизделет. Бирок келечекте орун алышы мүмкүн болгон жагдайлар же шарттар Топ өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн жоготууга алып келиши мүмкүн;

- бүтүндөй консолидацияланган финансылык отчёттун, анын түзүмүнүн жана мазмунунун чагылдырылышына, анын ичинде маалыматтардын чечмеленишине, ошондой эле консолидацияланган финансылык отчётто камтылган операциялардын жана иш жагдайынын так берилишин камсыз кыла алгандай сунушталгандыгына баа беребиз;
- консолидацияланган финансылык отчёт жөнүндө пикирибизди билдирүү үчүн Топтун финансылык маалыматы жана Топтун чарба иши боюнча жетиштүү талаптагыдай аудитордук далилдерди алабыз. Биз Топто аудит жүргүзүү, контролдоо жана аудитти жалпы жетектөө үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналабыз. Аудитордук пикир үчүн жооптуу болуп аудитор эсептелинет.

Биз жетекчилик жана Аудит боюнча комитет менен маалымат алмашуу аркылуу өз ара иш алып барабыз, ошондой эле аудиттин пландаштырылган көлөмү жана мөөнөтү жана аудитор көңүл бурган олуттуу маселелер, анын ичинде биз аудит процессинде аныктаган ички контролдук системасындагы олуттуу кемчиликтер жөнүндө маалыматтарды беребиз.

Биз ошондой эле жетекчиликке жана Аудит боюнча комитетке көз карандысыздыкка карата бардык тиешелүү этикалык талаптарды аткаргандыгыбыз жана аудитордун көз карандысыздыгына таасирин тийгизиши мүмкүн деген бардык негиздүү мамилелер жана башка маселелер жөнүндө, ал эми зарыл учурларда – бардык тиешелүү алдын алуу чаралары жөнүндө кабарлаганыбызды билдиребиз.

Кубат Алымкулов
Долбоор боюнча өнөктөш

Нурлан Бекенов
Долбоор боюнча өнөктөш

Сертификатталган бухгалтер, FCCA (Улуу Британия)
Аудитордун жеке каттоо номери № 11152,
2023-жылдын 16-ноябры
Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын, кесиптик аудитордук бирикмелердин бирдиктүү мамлекеттик реестринде катталган
Аудит боюнча өнөктөш,
Директор, “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧК

“Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧК Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын, кесиптик аудитордук бирикмелердин бирдиктүү мамлекеттик реестринин “Ачык кызыкчылык субъекттеринин, ири ишкердик субъекттеринин аудитине жол берилген аудитордук уюмдардын реестринде” катталган.
Жеке каттоо номери 2101510, 2023-жылдын 9-августу

2026-жылдын 18-февралы,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНА КАРАТА ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | |
| Монетардык алтын | 6 | 563 086 315 | 278 261 231 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 7 | 147 542 344 | 119 081 908 |
| Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | 8 | - | - |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 9 | 46 470 900 | 50 744 342 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 10 | 23 683 960 | 22 728 862 |
| Ассоциацияланган уюмга инвестициялар | 11 | 1 093 670 | 867 143 |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | 12 | 147 329 | - |
| Негизги каражаттар | 13 | 4 241 371 | 2 412 274 |
| Материалдык эмес активдер | | 165 952 | 65 376 |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар | 14 | 103 394 389 | 74 515 568 |
| Пайда салыгы боюнча кийинкиге калтырылган активдер | | 2 677 | 1 767 |
| Башка активдер | 15 | 2 089 901 | 2 537 583 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **891 918 808** | **551 216 054** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 16 | 300 778 298 | 240 424 733 |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | 17 | 196 050 859 | 128 319 507 |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары | 18 | 64 695 558 | 42 128 960 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 19 | 9 654 026 | 747 148 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 20 | 20 455 848 | 12 904 627 |
| Пайда салыгы боюнча кийинкиге калтырылган милдеттенмелер | | 13 382 | 3 833 |
| Башка милдеттенмелер | 21 | 1 880 734 | 647 614 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **593 528 705** | **425 176 422** |
| **КАПИТАЛ** | | | |
| Уставдык капитал | 22 | 4 000 000 | 4 000 000 |
| Милдеттүү резерв | | 8 262 982 | 8 262 982 |
| Чет өлкө валютасын жана монетардык алтынды кайра баалоо боюнча резерв | | 224 127 664 | 67 121 351 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды кайра баалоо боюнча резерв | | 37 945 | (168 537) |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 61 338 105 | 46 203 148 |
| **Жыйынтыгында, Улуттук банкка тиешелүү капитал** | | **297 766 696** | **125 418 944** |
| Контролдобогон катышуу үлүшү | | 623 407 | 620 688 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **298 390 103** | **126 039 632** |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер жана капитал** | | **891 918 808** | **551 216 054** |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

19-112-беттердеги эскертүүлөр ушул консолидацияланган финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ПАЙДА ЖЕ ЧЫГЫМ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| Натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен эсептелген пайыздык кирешелер | 23 | 9 544 068 | 8 906 763 |
| Пайыздык чыгашалар | 23 | (4 733 180) | (7 463 581) |
| **Таза пайыздык киреше** | **23** | **4 810 888** | **1 443 182** |
| Комиссиялык кирешелер | | 280 169 | 210 471 |
| Комиссиялык чыгашалар | | (111 590) | (42 778) |
| **Таза комиссиялык киреше** | | **168 579** | **167 693** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервди калыбына келтирүү/(түзүү) | 24 | 879 668 | (203 908) |
| Чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган пайда | 25 | 44 207 372 | 9 648 190 |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган пайда | 26 | 14 072 330 | 37 322 952 |
| Башка активдер жана кредиттик мүнөздөгү шарттуу милдеттенмелер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв түзүү | 24 | (16 042) | (76 179) |
| Ассоциацияланган уюмдун пайдасындагы үлүш | 11 | 400 505 | 251 142 |
| Башка кирешелер | 27 | 363 182 | 563 754 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **59 907 015** | **47 505 951** |
| **Операциялык кирешелер** | | **64 886 482** | **49 116 826** |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (528 965) | (595 956) |
| Административдик чыгашалар | 28 | (3 289 202) | (2 601 473) |
| Башка чыгашалар | 27 | (137 338) | (80 116) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(3 955 505)** | **(3 277 545)** |
| **Салык салууга чейинки пайда** | | **60 930 977** | **45 839 281** |
| Пайда салыгы боюнча чыгашалар | 29 | (61 566) | (58 737) |
| **Жыл ичинде алынган Улуттук банкка жана консолидацияланган туунду уюмдарга тиешелүү пайда** | | **60 869 411** | **45 780 544** |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдин колдонуудан калгандыгына байланыштуу чыгым | | - | (439 089) |
| **Жыл ичинде пайда** | | **60 869 411** | **45 341 455** |
| Көзөмөлдөбөгөн акционерлердин үлүшүнө тиешелүү пайда | | 37 727 | 38 688 |
| **Улуттук банкка тиешелүү пайда** | | **60 831 684** | **45 302 767** |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

19-112-беттердеги эскертүүлөр ушул консолидацияланган финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ЖЫЙЫНДЫ КИРЕШЕ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **Жыл ичиндеги пайда** | | **60 869 411** | **45 341 455** |
| **Белгилүү шарттарды аткарууда кийинки мезгилдердеги пайданын же чыгымдын курамына кайра классификацияланууга тийиш болгон башка жыйынды киреше/(чыгым)** | | | |
| Чет өлкө валютасын жана монетардык алтынды кайра баалоо боюнча резерв: | | | |
| - чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана монетардык алтынды кайра баалоодон таза пайда | | 193 166 537 | 27 018 492 |
| - пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялардан реализацияланган таза пайда | 25 | (36 160 224) | (7 783 571) |
| Сатуу үчүн каралган активдерге байланыштуу резервдер | | - | (127 824) |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды кайра баалоо боюнча резерв: | | | |
| - башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардын адилет наркынын өзгөрүүсүнөн таза пайда | | 206 482 | 4 218 |
| - пайда же чыгымдын курамына которулган башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан реализацияланган таза пайда | | - | (10 484) |
| **Пайда салыгын алып салуу менен жыл ичиндеги башка жыйынды киреше** | | **157 212 795** | **19 100 831** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды киреше** | | **218 082 206** | **64 442 286** |
| Төмөнкүлөргө тиешелүү: | | | |
| - Улуттук банктын менчик ээсине (Кыргыз Республикасы) | | 218 044 479 | 64 403 598 |
| - көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшүнө | | 37 727 | 38 688 |
| | | **218 082 206** | **64 442 286** |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

19-112-беттердеги эскертүүлөр ушул консолидацияланган финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Алынган пайыздар | | 6 533 710 | 6 242 953 |
| Төлөнгөн пайыздар | | (4 658 598) | (7 755 569) |
| Алынган комиссиялык төлөмдөр | | 299 153 | 226 214 |
| Төлөнгөн комиссиялык төлөмдөр | | (111 009) | (40 740) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялардан акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү | 25 | 8 047 148 | 1 864 623 |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар менен операциялардан акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү | | 14 077 846 | 37 304 146 |
| Башка кирешелер | | 369 134 | 407 242 |
| Эмгек акы боюнча төлөмдөр | | (2 460 426) | (1 817 952) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (886 243) | (390 338) |
| Эмгек акы боюнча чыгашаларды эске албаганда, административдик жана башка чыгашалар | | (711 472) | (625 240) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | | **20 499 243** | **35 415 339** |
| **Операциялык активдердин (көбөйүшү)/азаюусу** | | | |
| Монетардык алтын | | (87 509 957) | (116 680 438) |
| Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | | (11 248 420) | (11 950 596) |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | | 6 177 333 | (16 041 862) |
| Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | | 839 236 | - |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар | | (28 878 821) | 53 469 998 |
| Башка активдер | | (1 173 604) | (232 943) |
| **Операциялык милдеттенмелердин көбөйүшү/(азаюусу)** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | | 60 353 565 | 33 173 706 |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | | 67 720 966 | 69 358 013 |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары | | (16 349 994) | (9 731 171) |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | | 8 648 892 | (52 403 619) |
| Башка милдеттенмелер | | 1 179 236 | 19 067 |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши/(чыгышы)** | | **20 257 675** | **(15 604 506)** |
| Төлөнгөн пайда салыгы | | (50 171) | (54 088) |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кириши/(чыгышы)** | | **20 207 504** | **(15 658 594)** |

19-112-беттердеги эскертүүлөр ушул консолидацияланган финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЁТ (УЛАНДЫСЫ)

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Туунду уюм түрүндө узак мөөнөттүү активди реализациялоо | | - | 7 126 432 |
| Ассоциацияланган уюмдардын капиталындагы инвестициялардын көбөйүшү | 11 | (15 476) | - |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | | (328 068) | (296 538) |
| Негизги каражаттардын колдонуудан калышынан түшүүлөр | | - | 289 340 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестицияларды сатып алуу | | (948 593) | (13 796 530) |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды төлөөдөн түшүүлөр | | 924 649 | 6 224 850 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан алынган пайыздар | | 2 220 570 | 1 747 479 |
| Алынган дивиденддер | 11 | 189 454 | 60 675 |
| **Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кириши** | | **2 042 536** | **1 355 708** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Төлөнгөн дивиденддер | | (35 008) | (36 730) |
| **Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | | **(35 008)** | **(36 730)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүшү/(азаюусу)** | | **22 215 033** | **(14 339 616)** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | | 53 827 | (42 478) |
| Чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүшүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | | (6 128 038) | (5 076 538) |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 7 | 86 226 740 | 105 685 372 |
| **Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **7** | **102 367 561** | **86 226 740** |
| **Акчалай эмес операциялар** | | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен, ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелерди калыбына келтирүү | 20 | 6 689 864 | 3 202 303 |

**Тургунбаев М.Ж.**
*Улуттук банктын төрагасы*

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
*Башкы бухгалтер*

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

19-112-беттердеги эскертүүлөр ушул консолидацияланган финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү резерв | Чет өлкө валютасын жана монетардык алтынды кайра баалоо боюнча резерв | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарки боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды кайра баалоо боюнча резерв | Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдерге байланыштуу резервдер | Бөлүштү-рүлбөгөн пайда | Жыйынты-гында, Улуттук банкка тиешелүү капитал | Көзөмөл-дөбөгөн катышуу үлүшү | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2025-жылдын 1-январына карата калдык** | **4 000 000** | **8 262 982** | **67 121 351** | **(168 537)** | **-** | **46 203 148** | **125 418 944** | **620 688** | **126 039 632** |
| Жыл ичиндеги пайда | - | - | - | - | - | 60 831 684 | 60 831 684 | 37 727 | 60 869 411 |
| **Башка жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | | | | |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарки боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 206 482 | - | - | 206 482 | - | 206 482 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана монетардык алтынды кайра баалоодон таза пайда | - | - | 193 166 537 | - | - | - | 193 166 537 | - | 193 166 537 |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган таза пайда | - | - | (36 160 224) | - | - | - | (36 160 224) | - | (36 160 224) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **157 006 313** | **206 482** | **-** | **60 831 684** | **218 044 479** | **37 727** | **218 082 206** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын республикалык бюджетке бөлүштүрүү (22-эскертүү) | - | - | - | - | - | (45 696 727) | (45 696 727) | - | (45 696 727) |
| Көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшүнө дивиденддер | - | - | - | - | - | - | - | (35 008) | (35 008) |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** | **(45 696 727)** | **(45 696 727)** | **(35 008)** | **(45 731 735)** |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **4 000 000** | **8 262 982** | **224 127 664** | **37 945** | **-** | **61 338 105** | **297 766 696** | **623 407** | **298 390 103** |

МАЗМУНУ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЁТ (УЛАНДЫСЫ)

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү резерв | Чет өлкө валютасын жана монетардык алтынды кайра баалоо боюнча резерв | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды кайра баалоо боюнча резерв | Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдерге байланыштуу резервдер | Бөлүштү-рүлбөгөн пайда | Жыйынты-гында, Улуттук банкка тиешелүү капитал | Көзөмөл-дөбөгөн катышуу үлүшү | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2024-жылдын 1-январына карата калдык** | **4 000 000** | **8 262 982** | **47 886 430** | **(178 976)** | **144 529** | **13 336 437** | **73 451 402** | **820 045** | **74 271 447** |
| Жыл ичиндеги пайда | - | - | - | - | - | 45 302 767 | 45 302 767 | 38 688 | 45 341 455 |
| **Башка жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | | | | |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 4 218 | - | - | 4 218 | - | 4 218 |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан реализацияланган таза пайда | - | - | - | (10 484) | - | - | (10 484) | - | (10 484) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана монетардык алтынды кайра баалоодон таза пайда | - | - | 27 018 492 | - | - | - | 27 018 492 | - | 27 018 492 |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган таза пайда | - | - | (7 783 571) | - | - | - | (7 783 571) | - | (7 783 571) |
| Сатуу үчүн каралган активдерге байланыштуу резервдер | - | - | - | 16 705 | (144 529) | - | (127 824) | - | (127 824) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **19 234 921** | **10 439** | **(144 529)** | **45 302 767** | **64 403 598** | **38 688** | **64 442 286** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын республикалык бюджетке бөлүштүрүү (22-эскертүү) | - | - | - | - | - | (12 436 056) | (12 436 056) | - | (12 436 056) |
| Көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшүнө дивиденддер | - | - | - | - | - | - | - | (36 731) | (36 731) |
| "Керемет Банк" ААКты сатууга байланыштуу көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшүнүн азаюусу | - | - | - | - | - | - | - | (201 314) | (201 314) |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** | **(12 436 056)** | **(12 436 056)** | **(238 045)** | **(12 674 101)** |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **4 000 000** | **8 262 982** | **67 121 351** | **(168 537)** | **-** | **46 203 148** | **125 418 944** | **620 688** | **126 039 632** |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

19-112-беттердеги эскертүүлөр ушул консолидацияланган финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР**

*(миң сом)*

# 1 Негизги жоболор

## (а) Уюм жана анын негизги иши

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат, ал 1992-жылдын 12-декабрында “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аталышына ээ болгон. Улуттук банк 2022-жылы Улуттук банктын ишин жөнгө салган мыйзам актыларын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүү боюнча иштерди жүргүзгөн. 2022-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамын кабыл алган, бул Мыйзам 2022-жылдын 17-августунда күчүнө кирген жана учурда Улуттук банктын иши аталган Мыйзамга ылайык жөнгө салынып келет.

Кыргыз Республикасында баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоо Улуттук банктын негизги иш максаты болуп саналат. Ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн Улуттук банкка мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасынын натыйжалуу, ишенимдүү жана коопсуз иштешине өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта резервдерин тескөө; мыйзамдарга ылайык коммерциялык банктарды жана финансы-кредит уюмдарын лицензиялоо, алардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө милдеттери жүктөлгөн. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин финансылык агенти катары иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Чүй пр. 168.

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча өлкө аймагында Улуттук банктын 5 областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 703 жана 718 адамды түзгөн.

Улуттук банк анын курамына төмөнкү уюмдар кирген топтун (мындан ары – Топ) башкы компаниясы болуп саналат:

| Аталышы | Добуш берүүчү акциялар пайызы (%) 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры | Ишкердик түрү |
|---|---|---|---|
| “Кепилдик фонд” ачык акционердик коому | 91,22 | 91,22 | Гарантияларды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр |
| “Кыргыз инкассациясы” жабык акционердик коому | 100,00 | 100,00 | Баалуулуктарды ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

МАЗМУНУ

## 1 Негизги жоболор (уландысы)

### (а) Уюм жана анын негизги иши, уландысы

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк мурдагыдай эле “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК (мындан ары – “БПБ” ЖАК) ассоциацияланган уюмга салынган инвестицияларга ээ.

Улуттук банк 2025-жылдын төртүнчү чейрегинде туунду жана ассоциацияланган уюмдарды тескөө стратегиясын жүзөгө ашыруу максатында, “БПБ” ЖАКтын акционерлеринин 15 476 миң сом суммасындагы үлүшүн сатып алуу аркылуу “БПБ” ЖАКтын уставдык капиталындагы үлүшүн көбөйткөн. Акционерлердин үлүшүн сатып алуунун натыйжасында Улуттук банктын “БПБ” ЖАК ассоциацияланган уюмдун уставдык капиталындагы үлүшү 49,64 пайызды түзгөн (2024-жылдын 31-декабрына карата: 46,71 пайыз).

Ушул консолидацияланган финансылык отчёт Улуттук банк Башкармасынын 2026-жылдын 18-февралындагы токтому менен бекитилген.

### (б) Операциялык чөйрө

Кыргыз Республикасы экономиканын чакан өлчөмдөгү ачык моделине ээ жана өзүнүн тарыхый калыптанган экономика түзүмүнөн улам өз ара региондор ортосунда тыгыз соода жүргүзүү мамилелерине интеграцияланган. Рыногу калыптанып жаткан өлкө катары Кыргыз Республикасынын экономикасы тышкы экономикалык конъюнктуранын, негизги соода өнөктөш өлкөлөрдөгү жагдайдын, дүйнөлүк азык-түлүк жана чийки зат рыноктордогу баа динамикасынын, дүйнөлүк финансы рынокторунун жана капитал рынокторунун өнүгүү тенденцияларынын ж. б. өзгөрүүлөрүнө дуушарланууда. Мунун натыйжасында, Кыргыз Республикасында финансылык-чарба иши ички факторлор менен катар эле, тышкы өзгөрүүлөрдүн таасирине жараша жүзөгө ашырылат.

Сунушталган консолидацияланган финансылык отчётто Кыргыз Республикасында бизнес жүргүзүү шарттары Топтун ишине жана финансылык абалына кандай таасир тийгизип жатканына жетекчиликтин көз карашы чагылдырылган. Экономикада келечекте орун алышы ыктымал болгон шарттардын айкын таасири жетекчиликтин аларга баа берүүсүнөн айырмаланышы ыктымал.

## 2 Консолидацияланган финансылык отчётту даярдоонун негизги принциптери

### (а) Жалпы бөлүк

Бул консолидацияланган финансылык отчёт Топтун консолидацияланган финансылык абалын жана ишинин натыйжалуулугун Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык ишенимдүү берүү максатында жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын жоболорун эске алуу менен даярдалды.

“Ишенимдүү берүү” концепциясы тандалган концепциянын талаптарына ылайык келүүнү билдирет, ошондой эле:

- финансылык отчётту ишенимдүү берүүнү камсыз кылуу жетекчиден маалыматты ушул концепцияда каралган көлөмгө караганда көбүрөөк көлөмдө ачып берүүнү талап кылышы мүмкүндүгүн түшүндүрөт, же;

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 2 Консолидацияланган финансылык отчётту даярдоонун негизги принциптери (уландысы)

### (а) Жалпы бөлүк, уландысы

- финансылык отчётту ишенимдүү берүүнү камсыз кылуу үчүн концепциянын талаптарынан жетекчинин четтөөсү талап кылынышы мүмкүндүгүн айкын формада тааныйт. Мындай четтөөлөр өзгөчө сейрек жагдайларда гана талап кылынышы мүмкүн деп болжолдонот.

Төмөнкүлөрдү эске албаганда, Топтун эсепке алуу саясаты Финансылык отчёттун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган Финансылык отчёттун эл аралык стандарттарына (мындан ары – ФОЭС) жана Эл аралык финансылык отчётту чечмелөө боюнча комитет (КРМФО) тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизделген:

- монетардык алтын рыноктук нарк боюнча кайра бааланат, ал эми эгерде монетардык алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди рыноктук нарк боюнча кайра баалоодон жалпы таза реализацияланбаган натыйжа пайда катары саналса, анда ал башка жыйынды киреше аркылуу таанылат. Эгерде монетардык алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди рыноктук нарк боюнча кайра баалоодон жалпы таза реализацияланбаган натыйжа чыгым катары саналса, анда ал пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто таанылат, буга мурда таанылган таза реализацияланбаган пайда эсептен чыгарылган учурлар кирбейт, мындай болбосо ал башка жыйынды киреше катары таанылат. Монетардык алтындын жана чет өлкө валютасындагы активдердин, милдеттенмелердин жыйынды позициясынын бөлүгүн таанууну токтотууда мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, аталган активдердин жана милдеттенмелердин колдонуудан калуусунун орточо алынган коэффициентин эске алуу менен пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто таанылат.

Бул консолидацияланган финансылык отчёт Топ жакынкы келечекте өз ишин улантат деген көз караштан улам даярдалган.

### (б) Наркты аныктоо үчүн база

Бул консолидацияланган финансылык отчёт, 3 (а) эскертүүдө көрсөтүлгөндөй, монетардык алтынды жана адилет нарк боюнча бааланган айрым финансылык инструменттерди эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принцибине ылайык даярдалган.

### (в) Функционалдык валюта жана консолидацияланган финансылык отчёттун маалыматтарын чагылдырган валюта

Консолидацияланган финансылык отчётко камтылган статьялар Топ анда иш алып барган баштапкы экономикалык чөйрөнүн валютасында өлчөнөт (мындан ары – “функционалдык валюта”). Улуттук банктын жана анын туунду уюмдарынын функционалдык валютасы болуп кыргыз сому саналат, ал Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы катары Топ жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана алардын ишине таасирин тийгизген жана аларга байланыштуу башка жагдайлардын экономикалык маанызын толук чагылдырат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул консолидацияланган финансылык отчёттун маалыматтарын чагылдырган валюта болуп эсептелет.

Консолидацияланган финансылык маалымат сом түрүндө берилген жана миңге чейин тегеректелген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору

### (a) Алтынды эсепке алуу

Топтун алтын түрүндө активдери "Монетардык алтын" жана "Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар" статьяларына бөлүнөт. Алтын түрүндө активдерди классификациялоо жана финансы рынокторунда алтын түрүндө активдерди сатып алуу жана сатуу боюнча операциялар тартиби Улуттук банк Башкармасынын чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат.

### *(i) Монетардык алтын*

Монетардык алтын чет өлкө банктарындагы эсептерде жайгашкан жана Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясынын good delivery стандартындагы алтын куймаларды түшүндүрөт. Монетардык алтын акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу жана эл аралык резервдерди тескөө максатында түзүлгөн алтын түрүндө активдердин кыйла ликвиддүү бөлүгү болуп саналат.

Монетардык алтын консолидацияланган финансылык отчётто рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан мурунку отчёттук күнгө карата белгиленген кечки баанын негизинде аныкталат. Монетардык алтындын рыноктук наркын кайра баалоодон түшкөн пайда башка жыйынды кирешенин курамында түздөн-түз чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто капитал эсептериндеги башка жыйынды кирешенин курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Монетардык алтынга тиешелүү реализацияланган пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто эске алынат.

### *(ii) Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар*

Монетардык эмес алтын катары жалпы таанылган эл аралык стандарттарга ылайык келбеген стандарттуу эмес куймалар, ошондой эле пластина жана гранул түрүндө алтын эсептелет.

Алтын түрүндө запастар катары Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясынын good delivery сапатындагы эл аралык стандарттын талаптарына жооп берген алтын куймалар, алтын түрүндө запас түзүү максатында, кайра эритүү жана башка өндүрүштүк максаттарда, ошондой эле финансы рынокторунда сатуу үчүн сатып алынган, эл аралык сапат стандарттарынын мүнөздөмөлөрүнө ээ, бирок Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясынын сертификаты менен тастыкталбаган алтын куймалар саналат.

Эл аралык сапат стандарттарынын талаптарына жооп берген алтын куймалар катары алтын түрүндө запастар инвестициялык актив болуп саналган монетардык алтындын курамына кайра классификацияланышы мүмкүн. Кайра классификациялоодо алтын түрүндө запастар рыноктук наркы боюнча кайра бааланат жана кайра баалоо жыйынтыктары башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылат.

Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар ички баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү келечегинин алкагында Топтун запастарын түзүү үчүн каралган. Алар Топтун алтын түрүндө инвестициялык активдерине кирбейт жана Топтун активдүү депозиттик операцияларында колдонулбайт.

Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар запас болуп саналат жана алар сатып алуу наркынын жана мүмкүн болгон таза сатуу баасынын эң төмөнкүсү боюнча бааланат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (а) Алтынды эсепке алуу, уландысы

### *(ii) Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар, уландысы*

Монетардык эмес алтынды жана алтын түрүндө запастарды сатуу рыноктук нарк боюнча жүзөгө ашырылат жана активди контролдоого өткөн учурдан тартып, б.а. убада кылынган активди сатып алуучуга өткөрүп берүү аркылуу аткаруу милдети жүзөгө ашырылганда сатып алуучу активди өз каалоосу боюнча тескөө укугуна ээ болот жана сатып алуучу активди кабыл алуусуна таасирин тийгизиши мүмкүн болгон аткарылбаган милдеттенме жок учурда жүзөгө ашырылат жана таанылат. Убада кылынган активди көзөмөлдөөнү өткөрүп берүү учурун аныктоо үчүн активдер белгилүү бир жерге жеткирилгендигин, жоготуу тобокелдиктери жана пайда сатып алуучуга өткөндүгүн жана бардык кабыл алуу критерийлери аткарылгандыгынын объективдүү далилдери бар экендигин жана актив макулдашылган параметрлерге жооп бере тургандыгын да эске алуу зарыл.

Алтын түрүндө запастарга контролдун өтүшү сатуу боюнча бүтүм келишилген күнү ишке ашырылган катары эсептелет, мында активдин наркынын ордун толтуруу боюнча сатып алуучунун шартсыз дебитордук карызы таанылат, анткени мындай учурда ошол төлөмдү алуу убакыттын өтүшү менен гана шартталат.

### (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар

Чет өлкө валютасындагы операциялар Улуттук банктын функционалдык валютасына операциялар жүргүзүлгөн күнү колдонулган валюта курстары боюнча которулат. Отчёттук күнгө карата абал боюнча чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер, отчёттук күнгө карата колдонулган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат.

Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан түшкөн пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, натыйжалуу пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизацияланган нарк менен бир мезгил ичиндеги төлөөлөрдүн жана отчёттук мезгилдин акырына карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизацияланган нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт.

Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат.

Чет өлкө валютасындагы операциялардан улам реализацияланган пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто чагылдырылат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар, уландысы

***Алмашуу курстары***

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча консолидацияланган финансылык отчётту даярдоодо Топ тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| АКШ доллары/сом | 87,4177 | 87,0000 |
| Евро/сом | 102,8688 | 90,5844 |
| Атайын карыз алышуу укугу/сом | 119,8900 | 113,4592 |
| Канада доллары/сом | 63,9399 | 60,4330 |
| Австралия доллары/сом | 58,6097 | 54,0962 |
| Англия фунт стерлинги/сом | 117,9888 | 108,9624 |
| Кытай юаны/сом | 12,5094 | 11,9189 |
| Орус рубли/сом | 1,1233 | 0,8292 |
| Алтындын трой унциясы/сом | 381 823,0301 | 226 991,7000 |

### (в) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчёттун максаттарында акча каражаттары жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын жана адилет наркынын олуттуу өзгөрүү тобокелдигине дуушар болбогон “ностро” түрүндөгү эсептерди камтыйт жана ал Топ тарабынан кыска мөөнөттүү милдеттенмелерди жөнгө салуу үчүн колдонулат.

Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар суммасынан алынып салынат.

### (г) Консолидациялоо принциптери

Бул консолидацияланган финансылык отчётто Улуттук банктын, ошондой эле Улуттук банк тарабынан контролдоого алынган уюмдардын отчёту камтылган. Төмөнкү учурларда уюм контролдоого алынган катары саналат, эгерде Улуттук банк:

- инвестиция объекти – уюмга карата ыйгарым укуктарга ээ болсо;
- инвестиция объекти – уюмдун иш жыйынтыгынын өзгөрүүсү боюнча укуктарга ээ болсо / тобокелдиктерди тартса; жана
- өзгөрүлмө жыйынтык өлчөмүнө таасир этүү максатында инвестиция объекти – уюмга карата ыйгарым укуктарынан пайдалана алса.

Эгерде фактылар жана жагдайлар жогоруда келтирилген элементтердин биринде же үчтөн көбүндө өзгөрүү жүргөндүгүн көрсөтсө, Топ инвестиция объектин контролдоо мүмкүнчүлүгүнө баа берет.

МАЗМУНУ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Консолидациялоо принциптери, уландысы

Топ туунду уюмду контролдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон учурдан тартып консолидациялоо башталат жана аны контролдоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган учурдан тартып токтотулат. Атап айтканда, жыл ичинде ээ болгон же сатылган туунду уюмдун кирешелери жана чыгашалары, пайда же чыгым жана жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчётто, Топ туунду уюмду контролдоого алган учурдан тартып Топ ошол уюмду контролдобой калган күнгө чейин камтылат.

Пайда же чыгым жана башка жыйынды кирешенин ар бир компоненти Топ менен көзөмөлдөбөгөн үлүштүн ортосунда бөлүштүрүлөт. Туунду уюмдардын жалпы жыйынды кирешеси, бул көзөмөлдөбөгөн үлүштөр боюнча терс калдыктын келип чыгышына алып келсе дагы, Топ менен көзөмөлдөбөгөн үлүштөр ортосунда бөлүштүрүлөт.

***Көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшү***

Көзөмөлдөбөгөн үлүштөр пайданын же чыгымдын, ошондой эле түздөн-түз же кыйыр түрдө Топко таандык болбогон туунду уюмдардын таза активдеринин үлүшүн түшүндүрөт.

Көзөмөлдөбөгөн үлүштөр пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто – өзүнчө, ал эми финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто – өздүк капиталдын курамында, башкы уюмдун акционердик капиталынан өзүнчө сунушталат.

### (д) Финансылык активдер

Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер, Топ келишим боюнча тиешелүү финансылык инструменттер боюнча тарап катары иш алып барган шартта, Топтун финансылык абалы жөнүндө консолидацияланган отчётунда чагылдырылат. Топ, финансылык активдерди сатып алуу жана сатуу утурумдук мүнөзгө ээ экендигинен улам, аларды бүтүм келишилген күн боюнча чагылдырат.

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү*

ФОЭСтин (IFRS) 9-стандарты колдонулуучу чөйрөгө кирген, эсепке алууда таанылган бардык финансылык активдер баштапкы таануудан кийин Топтун бизнес-моделине ылайык амортизацияланган же адилет наркы боюнча бааланууга тийиш, бул финансылык активдерди жана акча агымдары келишиминде каралган мүнөздөмөлөрдү башкаруу үчүн зарыл, мында чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы “ностро” эсептер жана “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын финансылык активдерин жана милдеттенмелерин классификациялоо жана финансылык активдер боюнча келип чыгышы ыктымал болгон кредиттик чыгымдарга резервди эсептөө жөнүндө” жобого ылайык классификацияланган башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар эске алынбайт.

Атап айтканда:

- анын максатынан болуп карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөө гана саналган, келишимдерде каралган акча агымдарын алуу максатын көздөгөн бизнес-моделдин алкагында кармалып туруучу карыздык инструменттер баштапкы таануудан кийин амортизацияланган наркы боюнча бааланат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы*

- анын максатынан болуп карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөө гана саналган, келишимдерде каралган акча агымдарын алуу сыяктуу эле, тиешелүү карыздык инструменттерди сатуу максатын да көздөгөн бизнес-моделдин алкагында кармалып туруучу карыздык инструменттер баштапкы таануудан кийин башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.
- бардык башка карыздык инструменттер (мисалы, адилет наркы боюнча бааланган же сатууга каралган карыздык инструменттер) жана үлүштүк инструменттерге салынган инвестициялар баштапкы таануудан кийин пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.

Мында финансылык активди баштапкы таануу учурунда Топ ар бир өзүнчө жагдайда жокко чыгарууга мүмкүн болбогон тандоону/классификациялоону жүзөгө ашырууга укуктуу. Атап айтканда:

- эгерде, мындай инвестициялар соода үчүн каралбаса жана бизнести бириктирүүдө сатып алуучу тарабынан таанылган жана ага карата ФОЭСтин (IFRS) 3-стандарты колдонулган шарттуу сый акы болуп саналбаса, анда Топ башка жыйынды кирешенин курамында үлүштүк инструменттерге инвестициялардын адилет наркынын кийинки өзгөрүүлөрүн берүү тууралуу акыркы чечим кабыл алууга укуктуу; ошондой эле
- эгерде, мындай карыздык инструмент башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча таануу үчүн критерийлерге ылайык келсе жана бул эсепке алуу жагында дал келбөөчүлүктү четтетип же кыйла азайткан шартта (“адилет наркы боюнча эсепке алуу опциясы”), Топ мындай карыздык инструментти пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориясына киргизүү жөнүндө акыркы чечим кабыл алышы мүмкүн

<u>Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер</u>. Келишимде каралган акча агымдарын алуу үчүн активдерди кармап туруу жана финансылык активдерди сатуу боюнча бизнес-моделде финансылык активдерди тескөө келишиминде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууну көздөгөндөй эле, финансылык активдерди сатууну да максат кыла тургандыгы каралган. Аталган бизнес-моделдин алкагында финансылык активди сатуудан акча каражаттарын алуу артыкчылыктуу болуп саналат, бул “Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн активди кармап туруу” бизнес-моделине салыштырганда, активдердин тез сатылышы жана көлөмүнүн көптүгү менен мүнөздөлөт. Топтун өткөн мезгилдерде сатуу көлөмүнүн жоктугу же аздыгы, ошондой эле келечектеги күтүүлөр өзүнчө эмес, финансылык активдерди тескөөнүн белгиленген максатына жетишкендиги жана акча каражаттарынын агымдарынын ишке ашырылышы боюнча бирдиктүү, толук талдап-иликтөөнүн алкагында каралат, жана жогоруда көрсөтүлгөн фактыны бул активдерди которуу шарты катары кайра классификациялоо критерийи деп кабыл алынбайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

#### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы*

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдерге төмөнкү активдер кирет:

- чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы “ностро” эсептери (7-эскертүү);
- башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (9-эскертүү).

Чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы ностро эсептердеги калдыкты колдоого алуу ликвиддүүлүктү тескөө максатында жүзөгө ашырылат. Чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы ностро эсептерден төлөмдөр Топ өз функциясын аткаруусу үчүн күндөлүк операцияларды камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт.

Чет өлкөлүк мамлекеттик жана агенттик карыздык милдеттенмелерге, ошондой эле эл аралык финансылык уюмдардын карыздык баалуу кагаздарына инвестиция салуунун негизги максатынан болуп ликвиддүүлүктү жана эл аралык резервдин коопсуздугун камсыз кылуу саналат. Мамлекеттик жана агенттик карыздык милдеттенмелерге, ошондой эле эл аралык финансылык уюмдардын карыздык баалуу кагаздарына инвестициялар Улуттук банктын функцияларын аткаруу максатында финансы рынокторунда мөөнөтүнөн мурда сатылышы мүмкүн. Ошентип, бул статьялар бизнес моделинин чегинде кармалып турат, анын максаты келишимдик акча агымдарын алуу жана финансылык активдерди сатуу жолу менен ишке ашырылат, демек, башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркы ФОЭСтин (IFRS) “Адилет наркын баалоо” деп аталган 13-стандартына ылайык аныкталат.

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн адилет наркы боюнча пайдалар же чыгымдар буга чейин капиталдын курамында чагылдырылган топтолгон пайда же чыгым, пайда же чыгымдын курамына которулуп, активди таануу токтотулган учурга чейин башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылат.

<u>Амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер.</u> Келишимде каралган акча каражаттарынын агымын алуу үчүн активди кармап туруу боюнча бизнес-моделде, финансылык активдерди тескөө финансылык инструментти колдонуу мөөнөтү ичинде негизги сумманы жана пайыздарды төлөөлөрдү алуу аркылуу акча каражаттарынын агымын ишке ашыруу максатында жүргүзүлөт. Бул бизнес-моделдин алкагында финансылык активди ордун жабууга чейин кармап туруу артыкчылыктуу болуп саналат, бирок мөөнөтүнөн мурда ишке ашырууга тыюу салынган эмес.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган финансылык активдерге төмөнкү активдер кирет:

- чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер, эл аралык финансылык уюмдардагы мөөнөттүү депозиттер жана кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары (7-эскертүү);
- банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү);

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

***(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы***

- амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (10-эскертүү); жана
- дебитордук карыз (15-эскертүү).

Баштапкы баа берүүдөн кийин финансылык активдер амортизацияланган наркы боюнча күтүлгүчү кредиттик чыгымды алып салуу менен натыйжалуу пайыздык чен методу аркылуу бааланат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер. Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы же амортизацияланган наркы боюнча классификацияланбаган бардык башка финансылык активдер пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркы ФОЭСтин (IFRS) “Адилет наркын баалоо” деп аталган 13-стандартына ылайык аныкталат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн адилет наркы боюнча пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто таанылат.

**Кайра классификациялоо.** Топ ага ылайык тигил же башка финансылык активди кармап турган бизнес-модель өзгөргөн шартта, активдер кайра классификацияланат. Жаңы категорияга тиешелүү классификациялоого жана наркын баалоого карата талаптар Топтун финансылык активдеринин кайра классификацияланышына алып келген бизнес-моделдеги өзгөрүүлөр пайда болгондон кийин биринчи отчёттук мезгилдин биринчи күнүнөн тартып колдонулат. Келишимде каралган акча агымдарынын өзгөрүшү төмөндө келтирилген “Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу” бөлүгүндө келтирилген эсепке алуу саясатына ылайык талдап-иликтенет.

***(ii) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтарым сатуу келишими боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтарым сатып алуу келишими боюнча төлөөгө каралган эсептер***

Топ өз иш процессинде финансылык активдерди сатуу жана кайтарым сатып алуу жөнүндө макулдашууларды (мындан ары – “Репо келишимдери”), ошондой эле сатып алуу жана кайтарым сатуу жөнүндө макулдашууларды (мындан ары – “Кайтарым сатып алуу репо келишимдери”) түзөт. Репо жана кайтарым репо операциялары Топ тарабынан ликвиддүүлүктү тескөө каражаттарынын бири катары колдонулат.

Репо бүтүмдөрү – бул финансылык активдерди башка тарапка алынган акча же башка сый акыга эквиваленттүү суммада, плюс топтолгон пайыз түрүндө келечекте финансылык активдерди кайтарым сатып алуу боюнча милдеттенме менен бирге акчалай же башка сый акынын ордуна өткөрүп берүү тууралуу макулдашуу. Репо келишимдери боюнча операциялар эсепте каржылоо операциялары катары чагылдырылат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтарым сатуу келишими боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтарым сатып алуу келишими боюнча төлөөгө каралган эсептер, уландысы*

Репо келишимдери боюнча сатылган финансылык активдер мындан ары да консолидацияланган финансылык отчётто чагылдырылат, ал эми мындай келишимдер боюнча алынган каражаттар банктардагы депозитардык инструменттердин курамында активдерди күрөөгө коюу менен камсыздалган, алынган депозит катары чагылдырылат.

Кайтарым сатып алуу репо келишимдери боюнча сатылып алынган активдер консолидацияланган финансылык отчётто баалуу кагаздарды же башка активдерди күрөөгө коюу менен камсыздалган, депозитте жайгаштырылган каражаттар катары чагылдырылат жана банктардагы каражаттар жана/же берилген кредиттер катары классификацияланат.

Топ баалуу кагаздар боюнча репо келишимдерин жана кадимки рынок тажрыйбасына ылайык ал камсыздоого алган же берген баалуу кагаздар менен насыя бүтүмдөрүн түзөт. Кайтарым сатып алуу операцияларынын стандарттуу шарттарына ылайык, Кыргыз Республикасында камсыздоону алуучу бүтүм боюнча эсептешүүдө эквиваленттүү баалуу кагаздарды кайтарып берген шартта, камсыздоону сатууга же кайра күрөөгө коюуга укуктуу.

Баалуу кагаздардын контрагенттерге берилиши менчик укугуна байланыштуу тобокелдиктер жана пайдалар да берилген учурда гана финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто чагылдырылат.

### *(iii) Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер жана милдеттенмелер*

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер туунду финансылык инструменттерди түшүндүрөт жана өзүнө валюталык-пайыздык свопторду камтыйт. Туунду финансылык инструменттер алгач инструмент түзүлгөн күнгө карата адилет наркы боюнча таанылат, андан соң ар бир отчёттук күнгө карата адилет наркы боюнча кайра бааланат. Натыйжада келип чыккан пайда/чыгым дароо пайдага же чыгымга кошулат.

Алгылыктуу адилет наркы менен туунду финансылык инструменттер финансылык актив катары, ошол эле учурда терс адилет наркы менен туунду финансылык инструменттер финансылык милдеттенме катары таанылат.

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды таанууга жалпы ыкма. Топ пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланбаган төмөнкү финансылык инструменттерге карата күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу резервдерди таанийт:

- банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар (7-эскертүү);
- банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү);
- башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (9-эскертүү);

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

#### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

- амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (10-эскертүү);
- башка финансылык активдер (15-эскертүү); жана
- берилген финансылык гарантиялар (30-эскертүү).

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар үлүштүк инструменттерге инвестициялар боюнча таанылбайт.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды (төмөндө өзүнчө каралган түзүлгөн же сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча чыгымдарды кошпогондо) баалануучу резерв аркылуу баалоо зарыл, анын өлчөмү төмөнкүлөргө барабар:

- кийинки 12 ай ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнө, б.а. финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичиндеги кредиттик чыгымдардын бөлүгүнө барабар, ал отчёттук күндөн кийинки (“биринчи стадия”) 12 ай ичинде келип чыгышы мүмкүн болгон инструмент боюнча милдеттенмелердин аткарылбай калышынан улам келип чыгуучу кредиттик чыгымдарды билдирет;
- финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнө барабар, алар бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде инструмент боюнча милдеттенмелер аткарылбай калган бардык учурлардын натыйжасында келип чыгат (“экинчи стадия” жана “үчүнчү стадия”).

Финансылык инструментти бүтүндөй колдонуу мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын толук өлчөмү көлөмүндө баалануучу резервди түзүү аны баштапкы таануу учурунан тартып инструмент боюнча кредиттик тобокелдик олуттуу жогорулаган учурда же болбосо финансылык инструмент дефолтко учураган шартта түзүү талап кылынат. Калган бардык учурларда күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча резервдер 12 ай чегинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын көлөмүнө барабар өлчөмдө түзүлөт.

Сатылып алынган же түзүлгөн кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча, Топ баштапкы таануу учурунан тартып активдин бардык колдонуу мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын бардык өзгөрүлгөн өлчөмдөрүн баалоо резерви катары тааныйт; мында бардык өзгөрүүлөр пайда же чыгым курамында таанылат. Күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмдөрү алгылыктуу динамикага ээ болгон учурда мындай активдер үчүн нарксыздануудан пайда таанылат.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулат:

ECL = EAD * LGD * PD, мында

ECL – күтүлүүчү кредиттик чыгымдар;

EAD – тобокелдик алдындагы сумма;

LGD – дефолт учурундагы жоготуулар;

PD – дефолтко учуроо ыктымалдуулугу.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоо фактысы аныкталган шартта, Топ нарксыздануу боюнча талаптарга туура келген финансылык гарантия боюнча насыяларды жана келишимдерди сунуштоо боюнча бардык финансылык активдерге, милдеттенмелерге мониторинг жүргүзөт. Кредиттик тобокелдик олуттуу жогорулаган учурда Топ кийинки 12 ай ичиндеги гана эмес, кредит берүүнүн бүтүндөй мөөнөтүндө күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнүн негизинде бааланууучу резервдин өлчөмүнө баа берет. Кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулаган финансылык активдерге карата “экинчи стадиядагы активдер” деген термин колдонулат.

Баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосуна баа берүүдө, Топ отчёттук күнгө карата абал боюнча калган төлөө мөөнөтүнө жараша инструмент боюнча дефолтко учуроо тобокелдигин финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда калган төлөө мөөнөтү үчүн белгиленген отчёттук күнгө карата болжолдонгон дефолтко учуроо тобокелдигине салыштырат. Мындай баа берүүдө Топ өткөн мезгилдер үчүн жана болжолдонгон маалыматтарды кошо алганда, негизделген жана тастыкталган сандык жана сапаттык маалыматты эске алат, ал Топтун болжолдонгон маалыматтарын кошо алганда, тажрыйбасынын жана эксперттик баа берүүлөрүнүн негизинде өзүн актабаган сарптоолорсуз же аракеттерсиз алынышы мүмкүн.

Кредиттик нарксызданган финансылык активдер. Финансылык актив ал боюнча келечектеги акча агымдарынын эсептелишине терс таасирин тийгизүүчү бир же бир нече жагдайлар келип чыккан шартта, кредиттик нарксызданган финансылык актив болуп саналат. Кредиттик нарксызданган финансылык активдерге карата “үчүнчү стадиядагы активдер” деген термин колдонулат.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулоо критерийлери жана финансылык активдердин ар бир тобу боюнча кредиттин баасынын түшүүсү боюнча кеңири маалымат төмөндө келтирилген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

#### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү

Нарксыздануу белгилери Moody's Investors Service, Fitch Ratings, Standard & Poors, (мындан ары – тиешелүүлүгүнө жараша, Moody's, Fitch, S&P) эл аралык рейтингдик агенттиктердин, Топтун контрагенттеринин финансылык отчётторун жана алардын кредиттик тобокелдик деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берген башка маалыматты изилдөөнүн негизинде аныкталат.

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Бул активдердин кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулашынын белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- баштапкы таануудагы рейтингге салыштырганда жогоруда көрсөтүлгөн бир же андан көп рейтингдик агенттиктердин классификациясы боюнча контрагенттин узак мөөнөттүү рейтингинин Baa2 (BBB) рейтингинен төмөн деңгээлге начарлашы;
- Топтун контрагенттери боюнча лимиттерди аныктоо саясатына ылайык алар боюнча лимиттерди эсептөө учурунда контрагент-коммерциялык банкка белгиленген деңгээлден төмөн балл берилиши;
- контрагент катары менен 2 (эки) жыл же андан ашык мөөнөт ичинде жылдык таза чыгымга туш болсо;
- Топтун төлөм тапшырмаларына ылайык валюталык каражаттарды чегерүү боюнча милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтүнүн өтүп кетиши же негизги сумманын жана/же пайыздардын 3 (үч) күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнүшү;
- ири айып пулдар, соттук териштирүүлөр жөнүндө маалыматтар жана ишенимдүү булактардан алынган келечектеги отчёттук мезгил ичинде контрагенттин кредиттик тобокелдигинин деңгээлине таасирин тийгизүүчү башка терс маалыматтар.

Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттардын кредиттик нарксызданышынын белгилери катары төмөнкүлөр эсептелет:

- дефолт, б.а. контрагент өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгү жок болсо же андан баш тартса;
- милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү 30 күндөн өтүп кетсе;
- контрагент карызды реструктуризациялоону талап кылса;
- контрагентке бир же бир нече рейтингдик агенттик тарабынан D/Default, бир бөлүгү/айрымдары дефолтко учурагандыгы (RD/SD) рейтинги берилсе;
- ишенимдүү булактардан алгылыксыз, башкача маалымат түшсө, ал контрагенттин Топ менен түзүлгөн келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруусуна мүмкүндүк бербеген олуттуу финансылык кыйынчылыктар индикатору болуп саналат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө.

Ностро эсептер үчүн тобокелдик алдындагы сумма күндөлүк эсеп боюнча орточо жылдык калдыкка барабар (акыркы 12 ай ичиндеги ар бир айдын акырына карата эсептеги калдыктардын орточо мааниси катары эсептелген), ал Улуттук банктын отчёттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген.

Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер жана эл аралык финансылык уюмдардагы мөөнөттүү депозиттер үчүн тобокелдик алдындагы сумма Улуттук банктын отчёттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген активдер (негизги сумма жана пайыздар) боюнча келечекте келтирилүүчү келишимдик акча агымдарына барабар.

Дефолт учурундагы жоготуулар катары Топко келишимге ылайык таандык боло турган акча агымдары менен Топ контрагент дефолтко учураган шартта алууну болжолдогон акча агымдары ортосундагы айырманын үлүшү саналат. Дефолт учурундагы жоготуулар нөлдөн 100 пайызга чейин өзгөрүп турат жана төмөнкү формула боюнча эсептелет:

LGD =100% - RR, мында

RR (калыбына келтирүү чени) – рейтингдик агенттиктердин маалыматына ылайык контрагент же инструмент дефолтко учураган шартта, акча каражаттарын кайтарып берүү үлүшүнүн көрсөткүчү.

Дефолтко (PD) учуроо ыктымалдуулугу катары дефолттун орточо кумулятивдик чендери пайдаланылат, алар Moody's эл аралык рейтингдик агенттиги тарабынан жарыяланат жана жаңыртылып турат. Ал эми альтернатива катары S&P рейтингдик агенттиги берген ушул сыяктуу чендер пайдаланылат. Эгерде, контрагент Moody's жана S&P агенттиктеринин рейтингине ээ болбосо, анда ага карата Fitch агенттигинин ушул сыяктуу рейтинги колдонулат.

**Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды баалоо**

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн кредиттик чыгымдардын кыйла жогорулашынын белгилеринен болуп бул эмитенттердин суверендүү рейтингинин баштапкы таануудагы рейтингге салыштырмалуу эл аралык рейтингдик агенттиктин шкаласы боюнча 2 (эки) же андан көбүрөөк деңгээлге төмөндөшү саналат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

<u>Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардын кредиттик нарксызданышынын белгилери катары төмөнкүлөр эсептелет:</u>

- дефолт, б.а. контрагент өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгү жок болсо же андан баш тартса;
- милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү 30 күндөн өтүп кетсе;
- контрагент карызды реструктуризациялоону талап кылса;
- контрагентке бир же бир нече рейтингдик агенттик тарабынан D/Default, бир бөлүгү/айрымдары дефолтко учурагандыгы (RD/SD) рейтинги берилсе;
- ишенимдүү булактардан алгылыксыз, башкача маалымат түшсө, ал контрагенттин Топ менен түзүлгөн келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруусуна мүмкүндүк бербеген олуттуу финансылык кыйынчылыктар индикатору болуп саналат.

<u>Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө.</u>

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн тобокелдик алдындагы сумма Улуттук банктын отчёттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген активдер (негизги сумма жана пайыздар) боюнча келишимдик акча агымдарынын келтирилүүчү наркына барабар. Банктардагы эсептер жана депозиттер боюнча келишимдик акча агымдарын дисконттоо үчүн дисконттоо коэффициенти финансылык актив боюнча натыйжалуу пайыздык чен болуп саналат.

Дефолт учурундагы жоготуулар келишимге ылайык Топко таандык боло турган акча агымдары менен Топ контрагент дефолтко учураган шартта алууну болжолдогон акча агымдары ортосундагы айырманын үлүшү болуп саналат. Дефолт учурундагы жоготуулар нөлдөн 100 пайызга чейин өзгөрүп турат жана төмөнкү формула боюнча эсептелет:

LGD =100% - RR, мында

RR (калыбына келтирүү чени) – рейтингдик агенттиктердин маалыматына ылайык контрагент же инструмент дефолтко учураган шартта, акча каражаттарын кайтарып берүү үлүшүнүн көрсөткүчү.

Дефолтко (PD) учуроо ыктымалдуулугу катары дефолттун орточо кумулятивдик чендери пайдаланылат, алар Moody’s эл аралык рейтингдик агенттиги тарабынан жарыяланат жана жаңыртылып турат. Ал эми альтернатива катары S&P рейтингдик агенттиги берген ушул сыяктуу чендер пайдаланылат. Эгерде, контрагент Moody’s жана S&P агенттиктеринин рейтингине ээ болбосо, анда ага карата Fitch агенттигинин ушул сыяктуу рейтинги колдонулат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

**Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды баалоо**

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингинин бир жыл ичинде (акыркы 12 ай ичинде) эл аралык рейтингдик агенттигинин шкаласы боюнча 2 (эки) жана андан жогору деңгээлге төмөндөшү амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулашынын белгиси болуп саналат.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардын кредиттик нарксызданышынын белгиси катары төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, келишимдик милдеттенмелердин 30 күндөн ашык мөөнөткө аткарылбай калышы эсептелет.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн тобокелдик алдындагы сумма баалуу кагаздардын негизги суммасынын жана алар боюнча келечекте алынуучу пайыздар калдыгына келтирилген наркка барабар.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн дефолт учурунда жоготуулар Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингинин негизинде эсептелет.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча дефолтко учуроо ыктымалдыгы катары Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингине дал келген дефолттун орточо алынган кумулятивдик чендери пайдаланылат.

**Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Кредитти баштапкы таануу учурунда ага дефолт келип чыгуу тобокелдигинин төмөн деңгээли ыйгарылат, б.а. берилген кредит биринчи стадияга кирет, мында акыркы инстанция кредитин жана банкка берилген, Улуттук банктын тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк системасына ылайык ишенимсиз катары аныкталган, ал боюнча дефолтко учуроо ыктымалдыгы 100 пайызга барабар катары белгиленген ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредит кирбейт.

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Эгерде, банктын же финансылык уюмдун отчёттук мезгил ичинде дефолтко учуроо ыктымалдыгы көрсөткүчү акыркы 60 ай ичинде Кыргыз Республикасынын бүтүндөй банк системасында дефолтко учуроо ыктымалдуулугунун 40 же 10 пайызына кирсе, анда бул факт банктын жана эл аралык уюмдун кредиттик тобокелдиги кыйла жогору катары бааланат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Берилген кредиттин кредиттик нарксызданув белгиси катары келишим милдеттенмелерин төмөнкү мөөнөттөрдө аткарбагандык болуп саналат:

- “овернайт” кредити жана 7 күндүк кредит боюнча – төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, 1 (бир) күндөн ашык мөөнөткө;
- ишенимсиз банкка ликвиддүүлүгүн колдоого берилген кредитти эске албаганда, башка кредиттер боюнча – төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, 30 (отуз) күндөн ашык мөөнөткө.

Банктарга жана башка эл аралык уюмдарга берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө.

Берилген кредиттер үчүн тобокелдик алдындагы сумма берилген кредиттин негизги суммасынын жана алар боюнча келечекте алынуучу пайыздардын калдыгынын келтирилген наркына барабар.

Берилген кредиттер үчүн дефолт учурундагы жоготуулар күрөөлүк камсыздоонун түзүмүнө жараша болот жана аларды эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулат:

$$LGD = \frac{EAD - [\sum_{i=1}^{n} Collateral_i * (1 - Disc_factor_i)]}{EAD}$$, мында

EAD – тобокелдик алдындагы сумма;

$Collateral_i$ – күрөөлүк камсыздоонун белгилүү бир түрүнүн наркы

$Disc_factor_i$ – күрөөлүк камсыздоонун белгилүү бир түрүнө ылайык келүүчү дисконт.

Берилген кредиттер үчүн дефолтко учуроо ыктымалдуулугу (PD) карыз алуучулардын финансылык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына жана кредит алган банктардын жана финансылык уюмдардын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына негизделген, адистештирилген моделдин негизинде эсептелет.

**Финансылык гарантия боюнча келишимдер**

Финансылык гарантия боюнча келишим – бул, карыз алуучу карыздык инструменттин шарттарына ылайык төлөмдөрдү өз учурунда жүргүзбөгөндүгүнө байланыштуу гарантия ээси тарткан чыгымдардын ордун жабуу үчүн эмитентти белгилүү бир төлөмдөрдү жүргүзүүгө милдеттендирүүчү келишим.

Топ тарабынан түзүлгөн финансылык гарантия келишимдери боюнча милдеттенмелер алгач адилет наркы боюнча бааланат, андан кийин (эгерде, жетекчилик аларды пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категорияга киргизбесе) төмөнкү өлчөмдөрдүн көбүрөөгү боюнча чагылдырылат:

- ФОЭСтин (IFRS) 9-стандартына ылайык аныкталган күтүлүүчү кредиттик чыгымдар алдында баалануучу резервдин суммасы; жана
- пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто таанылган, топтолгон амортизацияны эсептен чыгаруу менен (зарылчылыгына жараша) баштапкы таанылган сумма.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

#### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификацияланбаган финансылык гарантия боюнча келишимдер финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто баалануучу милдеттенмелер катары берилет, ал эми кайра баалоонун натыйжалары пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто башка кирешелердин курамында чагылдырылат.

#### *(v) Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу резервдин финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто берилиши*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу резерв финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто төмөнкүдөй көрсөтүлөт:

- Амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн: активдердин дүң баланстык наркынан алып салынган катары;
- Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган карыздык инструменттер үчүн: күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу резерв инвестицияларды кайра баалоо боюнча резервдин курамында кайра баалоо суммасын таануу менен активдердин баланстык наркына киргизилет;
- Кредиттерди сунуштоо боюнча милдеттенмелер жана финансылык гарантия боюнча келишимдер үчүн: баалануучу милдеттенме катары; ошондой эле
- Эгерде, кредиттерди сунуштоо боюнча милдеттенмеде пайдаланылган компонент сыяктуу эле, пайдаланылбаган компонент да камтылса жана Топ пайдаланылбаган компонент үчүн күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды пайдаланылган компонент үчүн чыгымдардан өзүнчө бөлүп аныктай албаса, анда Топ отчётто эки компонент үчүн чогуу алынган баалануучу резервди көрсөтөт. Чогуу алгандагы сумма пайдаланылган компоненттин дүң баланстык наркынан алып салуу катары берилет. Баалануучу резервдин өлчөмүнүн пайдаланылган компоненттин дүң баланстык наркынан кандай болбосун артышы баалануучу милдеттенме катары көрсөтүлөт.

#### *(vi) Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу*

Финансылык активди баштапкы таануу күнү менен төлөө күнү ортосунда финансылык актив боюнча акча агымдарын жөнгө салуучу келишимдик шарттар кайра каралып чыкса же башка модификация жүрсө, финансылык актив модификацияланат. Модификация келишимде каралган акча агымдарынын суммасына жана/же мөөнөтүнө ошол эле убакыт ичинде, же болбосо келечекте таасирин тийгизет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (д) Финансылык активдер, уландысы

#### *(vi) Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу, уландысы*

Финансылык активдерди модификациялоодо Топ бул модификация активди таанууну токтотууга алып келерине баа берет. Модификациялоо натыйжасында келишим шарттарында олуттуу айырмачылыктар келип чыкса, анда ал активди таанууну токтотууга алып келет. Өзгөртүлгөн шарттар баштапкы келишим шарттарынан олуттуу айырмалана тургандыгын аныктоо үчүн Топ сапаттык жана сандык факторлорду иликтеп чыгат. Эгерде келтирилген нарктын маанилери ортосундагы айырма 10 пайыздан жогору болсо, Улуттук банк кайра каралган шарттар баштапкы шарттардан кыйла айырмаланат жана таанууну токтотууга алып келет деп эсептейт.

Топ модификацияланган финансылык активдер боюнча кредиттик тобокелдикти сапаттык жана сандык маалыматтарга баа берүү аркылуу контролдоп турат.

Активди таанууну токтотууга алып келбеген, финансылык активдин келишим шарттары өзгөргөн учурда Топ баштапкы таануу учурунан тартып мындай актив боюнча кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулагандыгын төмөнкүлөрдү салыштыруу менен аныктайт:

- баштапкы таанууда колдо болгон маалыматтардын жана баштапкы келишим шарттарынын негизинде бааланган, активдин калган колдонуудагы мөөнөтү ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугун; жана
- кайра каралган шарттарга жараша отчёттук күнгө карата абал боюнча активдин калган колдонуу мөөнөтү ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугун.

Топ тиешелүү келишим боюнча акча агымдарына укук токтотулган шартта гана (анын ичинде келишим шарттарынын олуттуу өзгөрүшүнө алып келүүчү модификациялоо натыйжасында) же финансылык актив жана активге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктер жана пайдалар башка тарапка өткөрүлүп берилген учурда, финансылык активди таанууну токтотот.

Эгерде Топ активге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бербесе жана өзүндө сактабаса жана өткөрүп берилген активди контролдоону улантып жатса, анда ал бул активдеги жана ага байланыштуу милдеттенмедеги өз үлүшүн тиешелүү суммаларды төлөөгө мүмкүн болгон өлчөмдө чагылдырат. Эгерде Топ өткөрүлүп берилген финансылык активдерге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүндө калтырса, анда ал бул активди эсепке алуусун улантат, ал эми өткөрүп берүүдө алынган акча каражаттарын камсыздалган насыя түрүндө чагылдырат.

Эгерде Топ өздүк карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда ал финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчёттон алынып салынат жана милдеттенменин баланстык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруу ортосундагы айырма, милдеттенмени мөөнөтүнөн мурда төлөөдөн келип чыккан пайда же чыгым курамына кошулат.

Топ карызды өндүрүү боюнча бардык чаралар кабыл алынгандан кийин ишенимсиз катары бааланган активдерди эсептен алып салат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (е) Ижара

***Топ ижарачы катары***

Топ, кыска мөөнөттүү ижарадан жана төмөн нарктагы активдерди ижарага алуудан тышкары бардык ижара келишимдерин таанууда жана баалоодо бирдей ыкманы колдонот. Топ ижара төлөмдөрүн жүргүзүүгө карата ижара боюнча милдеттенмелерди жана базалык активдерди пайдалануу укугун билдирген пайдалануу укугу формасындагы активдерди тааныйт.

Пайдалануу укугу формасындагы активдер

Топ пайдалануу укугу формасындагы активдерди ижара башталган күнгө карата тааныйт (б.а. базалык актив пайдалануу үчүн жеткиликтүү болгон күн). Пайдалануу укугу формасындагы активдер баштапкы нарк боюнча, топтолгон амортизацияны жана нарксыздануудан кийин топтолгон чыгымдарды алып салуу менен ижара боюнча милдеттенмелерди кайра баалоого корректировкаларды киргизүү менен бааланат. Пайдалануу укугу формасындагы активдердин баштапкы наркында ижара боюнча таанылган милдеттенмелердин өлчөмү, ижара боюнча алынган демилгелөөчү төлөмдөрдү эсептен чыгаруу менен ижара башталган күнгө карата же мындай күнгө чейин ишке ашырылган баштапкы түз сарптоолор жана ижара төлөмдөрү камтылат. Эгерде Топ ижара мөөнөтүнүн акырында ижарага алынган активге карата менчик укугуна ээ боло тургандыгына анчалык ишенбесе, пайдалануу укугу формасында таанылган актив төмөнкү мезгилдердин ичинен кыйла кыска мезгил аралыгында линиялык метод түрүндө амортизацияланат: активди колдонуунун болжолдуу мөөнөтү же ижара мөөнөтү. Пайдалануу укугу формасындагы активдердин нарксыздануусу текшерилет.

Ижара боюнча милдеттенмелер

Ижара башталган күнгө карата Топ ижара мөөнөтү ичинде ишке ашырыла турган ижара төлөмдөрүнүн келтирилген наркы боюнча бааланган ижара боюнча милдеттенмелерди тааныйт. Ижара төлөмдөрүндө алууга карата ижара боюнча кандай болбосун демилгелөөчү төлөмдөрдү эсептен чыгаруу менен белгиленген төлөмдөр (анын ичинде айкын белгиленген төлөмдөр), индекске же ченге жараша белгиленүүчү өзгөрүлмө ижара төлөмдөрү жана күтүлгөндөй эле, жоюу наркында гарантиялар боюнча төлөнө турган суммалар камтылат. Ижара төлөмдөрүндө ошондой эле, эгерде Топ ушул опционду аткара тургандыгына толугу менен ишенсе сатып алууга опционду аткаруу баасы жана эгерде ижара мөөнөтү Топ ижараны токтотууга опционду потенциалдуу аткара тургандыгын чагылдырса, ижараны токтотуу үчүн айып пул төлөөлөрү камтылат. Индекстен же ченден көз каранды болбогон өзгөрүлмө ижара төлөмдөрү, мындай төлөмдөрдү жүргүзүүгө алып келген жагдай же шарт келип чыккан мезгил ичиндеги чыгаша катары таанылат.

Ижара төлөмдөрүнүн келтирилген наркын эсептөө үчүн Топ, эгерде ижара келишиминде каралган пайыздык ченди жеңил аныктоо мүмкүн эмес болсо, ижара башталган күнгө карата кошумча карыздык каражаттарды тартуу ченин колдонот. Ижара башталган күндөн кийин ижара боюнча милдеттенмелер өлчөмү пайыздардын чегерилишин чагылдыруу үчүн жогорулайт жана ишке ашырылган ижара төлөмдөрүнүн жүргүзүлүшүн чагылдыруу үчүн азаят. Мындан тышкары, модификациялоо учурунда, ижара мөөнөтү өзгөргөн, белгиленген ижара төлөмдөрү иш жүзүндө өзгөргөн же базалык активди сатып алууга опционду баалоо өзгөргөн шартта, ижара боюнча милдеттенмелердин баланстык наркы кайра бааланат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (е) Ижара, уландысы

Кыска мөөнөттүү ижара жана төмөн нарктагы активдерди ижарага алуу

Топ кыска мөөнөттүү ижара келишимдерине карата кыска мөөнөттүү ижараны таануудан бошотууну колдонот (б.а. аларда ижара башталган күнгө карата алдын ала каралган ижара мөөнөтү 12 айдан ашпаган мөөнөттү түзгөн жана сатып алууга опцион каралбаган келишимдерге карата). Топ ошондой эле, анын наркы төмөн деп эсептеген (б.а. 5000 АКШ долларынан аз) кеңсе жабдуусу боюнча ижара келишимине карата төмөн нарктагы активдер боюнча ижараны таануудан бошотууну колдонот. Кыска мөөнөттүү ижара жана төмөн нарктагы активдерди ижарага алуу боюнча ижара төлөмдөрү ижара мөөнөтү ичинде линиялык методдо ижара боюнча чыгаша катары таанылат.

***Операциялык ижара – Топ ижарага берүүчү катары***

Топ алар боюнча активге ээ болууга байланыштуу дээрлик бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бербеген ижара операциялык ижара катары классификацияланат. Ижарадан келип чыккан киреше бүтүндөй ижара мөөнөтү ичинде линиялык методго ылайык эсепке алынат жана операциялык мүнөзгө ээ болгондуктан пайда же чыгым жөнүндө отчёттогу пайда курамына камтылат. Операциялык ижара келишимдерин макулдашуу жана түзүү процессинде келип чыккан баштапкы түз сарптоолор ижарага берилген активдин балансстык наркына кошулат жана бүтүндөй ижара мөөнөтү ичинде ижарадан киреше сыяктуу эле негизде таанылат. Шарттуу ижара төлөмдөрү алар алынган мезгил ичинде пайда катары таанылат.

### (ж) Финансылык эмес активдердин нарксызданышы

Калтырылган салыктардан айырмаланган башка финансылык эмес активдер ар бир отчёттук күнгө карата абал боюнча нарксыздануу белгилеринин болушу боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин ордун толтуруу наркы катары сатуу боюнча чыгашалар жана пайдалануудан алынган баалуулуктар эсептен алынгандан кийинки адилет нарктын эң эле жогору өлчөмү саналат. Пайдалануудан баалуулукту аныктоодо келечекте алуу болжолдонгон акча каражаттарынын агымы салык салууга чейинки дисконттоо ченин пайдалануу менен ошол учурга карата келтирилген алардын наркына карата дисконттолуп, алар акчанын убактылуу наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Акча каражаттарынын агылып киришин шарттабаган, башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон активдердин орду толтурулуучу наркы, актив аларга таандык болгон, акча каражаттарын топтогон активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын топтогон активдер тобунун балансстык наркы анын орду толтурулуучу наркынан ашса, нарксыздануудан чыгым таанылат.

Финансылык эмес активдердин нарксызданышынан келип чыккан бардык чыгымдар пайда же чыгым курамында чагылдырылат жана орду жабылуучу наркты аныктоодо колдонулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр болгондо гана калыбына келтирилет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (з) Ассоциацияланган уюмга инвестициялар

Топтун ассоциацияланган уюмга инвестициялары үлүштүк катышуу ыкмасы боюнча эсепке алынат, ага ылайык инвестициялар баштапкы таануу учурунда өздүк наркы боюнча бааланат, андан соң алардын наркы инвестордун инвестициялоо объектилеринин таза активдериндеги үлүшүн сатып алуудан кийинки өзгөрүүсүн эске алуу менен корректировкаланат. Инвестордун пайдасына же чыгымына анын инвестиция объектиси боюнча пайдасында же чыгымында камтылат, ал эми инвестордун башка жыйынды кирешеси анын инвестиция объектисинин башка жыйынды кирешесиндеги үлүшүн камтыйт.

Пайданы бөлүштүрүүнүн натыйжасында инвестиция объектисинен алынган дивиденддер инвестициянын баланстык наркын азайтат.

Топ инвестициялар объектинин чыгымындагы жыйынды үлүшү анын инвестиция объектисинин чыгымындагы үлүшүнө барабар же арткан учурда, кошумча чыгашалардагы өз үлүшүн таанууну токтотот.

### (и) Негизги каражаттар

Негизги каражаттардын объектилери нарксыздануудан келип чыккан чыгымдарды жана топтолгон амортизацияны алып салуу менен баштапкы наркы боюнча консолидацияланган финансылык отчётто чагылдырылат. Эгерде, негизги каражаттардын объектилери ар башка пайдалуу колдонуу мөөнөтүнө ээ болгон бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

Негизги каражаттар боюнча амортизация аларды пайдалуу колдонуу болжолдонгон мөөнөт ичинде эскилиги жеткендиги боюнча бирдей ченемде чегерүү методу боюнча чегерилет жана пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат. Амортизация объект сатылып алынган күндөн тартып чегерилет, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттардын объектилери үчүн аны куруу иштери аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда чегерилет. Жер тилкелери боюнча амортизация чегерилбейт.

Негизги каражаттардын ар кандай объектилерин пайдалуу колдонуу мөөнөттөрү төмөндө келтирилген:

| | |
|---|---|
| Имараттар | 50-75 жыл |
| Курулмалар | 20 жыл |
| Эмерек жана жабдуулар | 7 жыл |
| Компьютердик жабдуулар | 7 жыл |
| Транспорт каражаттары | 7 жыл |
| Аймакты ыңгайлаштыруу | 10 жыл |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (к) Материалдык эмес активдер

Сатылып алынган материалдык эмес активдер консолидацияланган финансылык отчётто, топтолгон амортизациянын жана narксызданууdan келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептен алып салгандан кийин айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайын программалык камсыздоолорго лицензияларды сатып алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында эске алынат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация аларды пайдалуу колдонуунун болжолдонгон мөөнөтү ичинде, эскилиги жеткендиги боюнча бирдей ченемде чегерүү методу боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдерди пайдалуу колдонуу мөөнөтү 5 жылга чейинкини түзөт.

### (л) Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер

Узак мөөнөттүү активдер жана колдонуудан калган активдер тобу, эгерде алардын баланстык наркы, негизинен, өндүрүштүк иште пайдалануу процессинде эмес, сатуу учурунда орду жабылса, анда сатуу үчүн каралган катары классификацияланат. Эгерде, актив (же колдонуудан калган топ) мындай активдерди (же колдонуудан калган топту) сатуунун адаттагы, типтүү болуп саналган шарттарында гана аны учурдагы абалында тез арада сатуу үчүн жеткиликтүү болсо, анда аталган шарт аткарылган катары саналат, ошол эле учурда активди сатуу ыктымалдуулугу жогору деңгээлде болууга жана аны сатуу үчүн каралган катары классификацияланган учурдан тартып бир жыл ичинде сатып өткөрүлүүгө тийиш.

Эгерде Топ туунду уюмдун контролдук топтомун сатуу планын кабыл алса, мындай туунду уюмдун бардык активдери жана милдеттенмелери жогоруда аталган критерийлерди аткарууда Топ мурдагы туунду уюм сатылгандан кийин андагы көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшүн сактап калгандыгына карабастан, сатуу үчүн каралган катары кайра классификацияланат.

Эгерде Топ көз каранды же биргелешкен ишканага финансылык салымдын же анын бир бөлүгүнүн колдонуудан калышы боюнча сатуу планын кабыл алса, жогоруда айтылган шарттар аткарылган шартта, мындай финансылык салым же анын бир бөлүгү сатуу үчүн каралган катары классификацияланат. Мында Топ сатуу үчүн каралган катары классификацияланган бөлүгүнө карата үлүштүк катышуу ыкмасын колдонууну токтотот.

Сатуу үчүн каралган катары классификацияланбаган көз каранды же биргелешкен ишканага салымдардын калган бөлүгү үлүштүк катышуу ыкмасын колдонуу менен эсепке алынышы улантылат. Эгерде, салымдардын колдонуудан калышы Топтун көз каранды же биргелешкен ишканага олуттуу таасирин жоготуусуна алып келсе, анда Топ алар колдонуудан калган учурда үлүштүк катышуу ыкмасын колдонууну токтотот.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (м) Финансылык милдеттенмелер

Финансылык милдеттенмелер Топ келишим боюнча тиешелүү финансылык инструментке карата тарап болуп саналган учурда Топтун финансылык абалы жөнүндө консолидацияланган отчётто чагылдырылат. Топ бүтүм келишилген күн боюнча финансылык милдеттенмелерди сатып алуу жана сатуунун утурумдук мүнөзүн чагылдырат.

Топтун туунду финансылык милдеттенмелеринен тышкары бардык финансылык милдеттенмелери амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат.

Топ финансылык милдеттенмелердин орду жабылган, жокко чыгарылган же алар боюнча талап кылуу мөөнөтү бүткөн учурда гана аларды таанууну токтотот. Таануу токтотулган финансылык милдеттенмелердин баланстык наркы менен төлөнгөн же төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун ортосундагы айырма пайданын же чыгымдын курамында таанылат.

Топ менен кредитор ортосунда карыздык инструменттерди кыйла айырмаланган шарттар менен алмашуу баштапкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алынат. Топ учурдагы финансылык милдеттенменин же анын бөлүгүнүн шарттарынын олуттуу өзгөрүүсүн баштапкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алат. Топ, эгерде баштапкы натыйжалуу пайыздык чен боюнча дисконттолуп алынган комиссиялык сый акыны эсептен алып салуу менен комиссиялык сый акыны төлөөнү кошо алганда, жаңы шарттарга ылайык акча агымдарынын дисконттолуп келтирилген наркы баштапкы финансылык милдеттенме боюнча калган акча агымдарынын дисконттолуп келтирилген наркынан кеминде 10 пайызга айырмаланса, шарттар олуттуу айырмаланат деген жол берүүлөргө таянат. Эгерде модификация олуттуу болбосо, анда алардын: (1) милдеттенменин модификациялоого чейинки баланстык наркы; жана (2) модификациялоодон кийин акча агымдарынын келтирилген наркынын ортосундагы айырма башка пайда же чыгымдын курамында модификациялоодон кийинки киреше же чыгым катары пайдаларда же чыгымдарда таанылууга тийиш.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*



## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (н) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто номиналдык наркы боюнча эсепке алынат. Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар милдеттенмелер катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса жайларында жайгашкан улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын курамына кирбейт.

Жүгүртүүгө чыгарылбаган банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен сарптоолор, алар жүгүртүүгө чыгарылганга чейин башка активдер курамында эсепке алынат.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто өзүнчө статья катары чагылдырылат.

### (о) Уставдык капитал жана резерв

Топ уставдык капиталдын белгиленген суммасына ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Топтун уставдык капиталы баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү резерв пайданын Мыйзамда белгиленген бөлүгү же толугу менен республикалык бюджетке чегерилгенден кийин таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү резерв баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

### (п) Салык салуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Улуттук банк пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Бюджетке Улуттук банк тарабынан жүзөгө ашырылган ишке чегерилүүчү бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык ишке ашырылат. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдары салыктын бардык түрү боюнча төлөөчүлөр болуп саналат.

Пайда салыгынын суммасында күндөлүк салыктын суммасы жана калтырылган салыктын суммасы камтылат. Пайда салыгы башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган операциялар же түздөн-түз капитал эсебинде чагылдырылган, менчик ээлери менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша башка жыйынды кирешенин курамында же түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган суммаларды кошпогондо, пайда же чыгым курамында толук көлөмдө чагылдырылат. Күндөлүк пайда салыгы жыл ичиндеги салык салынуучу пайданын болжолдуу өлчөмүнө жараша отчёттук күнгө карата колдонууда болгон пайда салыгы боюнча эсептик ченди, ошондой эле мурдагы отчёттук жылдар ичиндеги пайда салыгынын суммасын тактоонун натыйжасында келип чыккан милдеттенмелердин суммаларын эске алуу менен эсептелет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (п) Салык салуу, уландысы

Кийинкиге калтырылган салык активдери жана кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери консолидацияланган финансылык отчётто чагылдыруу үчүн аныкталган, активдер менен милдеттенмелердин баланстык наркы менен алардын салык базасынын ортосунда келип чыгуучу убактылуу айырмага карата чагылдырылат. Кийинкиге калтырылган салык активдери жана кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери төмөнкү убактылуу айырмаларга карата таанылбайт: консолидацияланган финансылык отчётто гудвиллди чагылдырууга байланышкан жана салык салынуучу базаны азайтпаган айырмалар, аларды баштапкы чагылдыруу фактысы бухгалтердик да, салык салынуучу да пайдага таасирин тийгизбеген активдерге жана милдеттенмелерге кирүүчү айырмалар; ошондой эле башкы компания аталган айырмалардын ишке ашырылган убактысын контролдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жана бул убактылуу айырмалар жакынкы аралыкта ишке ашырылбай тургандыгына ишенген учурда, туунду уюмдарга салынган инвестицияларга байланыштуу убактылуу айырмалар.

Кийинкиге калтырылган салык активдерин жана кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелерин эсептөө салык боюнча натыйжаларды чагылдырат, алар Топ ал боюнча отчёттук мезгилдин акырына карата активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркынын ордун жабууну же калыбына келтирүүнү пландаштырып жаткан ыкмага жараша болот.

Кийинкиге калтырылган салык активдеринин жана кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелеринин өлчөмү салык чендерине жараша аныкталат, алар келечекте, убактылуу айырманы калыбына келтирүү учурунда, отчёттук күнгө карата колдонуудагы же күчүнө кирген мыйзамдарга таянуу менен колдонулат.

Кийинкиге калтырылган салык активдери келечекте убактылуу айырманын, салыктар жана пайдаланылбаган салык жеңилдиктери боюнча кабыл алынбаган чыгашалардын ордун жабууга жетиштүү өлчөмдө салык салынуучу пайда алуу ыктымалдыгына жараша чагылдырылат. Кийинкиге калтырылган салык активдеринин өлчөмү тиешелүү салык пайдасын ишке ашыруу ыктымалдыгы жок болгон даражада азайтылат.

### (р) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчётто таанылышы

Топ кардарларга сунуштаган ар кандай кызмат көрсөтүү түрлөрүнөн комиссиялык киреше алат. Комиссиялык кирешелер төмөнкү эки категорияга бөлүнүшү мүмкүн:

Белгилүү бир мезгил аралыгында кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн алынган комиссиялык кирешелер

Белгилүү бир мезгил аралыгында кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн алынган комиссиялык кирешелер тиешелүү милдеттер аткарылгандыгына жараша ошол мезгил ичинде чегерилет. Мындай статьяларда комиссиялык кирешелер жана активдерди тескөө үчүн сый акы, жоопту сактоо жана башка башкаруу жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөр камтылат. Эгерде кредитти колдонуу мүмкүндүгү жогору болсо, кредитти берүү үчүн милдеттенмелер үчүн комиссиялык төлөм жана кредит берүүгө байланыштуу башка комиссиялык төлөм келерки мезгилдерге кирет (кредиттерди берүүгө түздөн-түз байланыштуу сарптоолор менен катар эле) жана насыя боюнча натыйжалуу пайыздык ченди корректировкалоо катары таанылат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (р) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчётто таанылышы, уландысы

Операцияларды жүзөгө ашыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодон түшкөн комиссиялык кирешелер

Үчүнчү жактын атынан операцияларды жүзөгө ашыруу боюнча сүйлөшүүлөрдү өткөрүү же анда катышуу үчүн алынган комиссиялык төлөм, мисалы, Банктын аткаруу милдети катары акцияларды же башка баалуу кагаздарды сатып алууда макулдашуу түзүү же болбосо бизнестерди сатып алуу же сатуу, мындай операция аяктагандан кийин таанылат. Аткарууга карата белгилүү бир милдеттерге байланыштуу комиссиялык төлөмдөр (же комиссиялык төлөмдөрдүн бөлүгү) тиешелүү критерийлер аткарылгандан кийин таанылат. Эгерде келишимде өзгөрүлмө ордун толтуруу каралса, комиссиялык кирешелер өзгөрүлмө ордун толтурууга мүнөздүү белгисиздикти андан ары жоюуда пайданын таанылган топтолмо жыйынтыгынын суммасы олуттуу азайтылбай тургандыгынын жогору деңгээлде мүмкүн боло турган деңгээлде гана таанылат.

Башка кирешелер жана чыгашалар тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификациялангандарды эске албаганда, бардык финансылык инструменттер боюнча пайыздык кирешелер жана чыгашалар натыйжалуу пайыздык чен методун колдонуу менен пайдалар же чыгымдар эсептеринде “Таза пайыздык киреше” курамында “Пайыздык кирешелер” жана “Пайыздык чыгашалар” катары чагылдырылат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориясындагы финансылык инструменттер боюнча пайыздар отчёттук мезгил ичиндеги адилет наркы боюнча өзгөрүүлөрдүн курамында камтылат.

Натыйжалуу пайыздык чен – бул, финансылык инструмент боюнча келечекте эсептелүүчү акча агымдарын финансылык активдин же милдеттенменин күтүлүп жаткан колдонуу мөөнөтү ичинде же кыйла кыска мөөнөт ичинде (эгерде колдонулса) таза баланстык наркынын өлчөмүнө чейин дисконттоо чени. Келечектеги акча агымдары инструменттин бардык келишим шарттарын эске алуу менен бааланат.

Натыйжалуу пайыздык чендин ажырагыс бөлүгү болуп саналган жана насыя жөнүндө тигил же бул келишүүлөргө түздөн-түз тиешеси бар бардык сый акылар, тараптар төлөгөн жана алган суммалар, ошондой эле бүтүм боюнча сарптоолор жана бардык башка сый акылар же жеңилдиктер эсепке алынат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориясындагы финансылык активдер үчүн бүтүм боюнча сарптоолор баштапкы таануу учурунда пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (р) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчётто таанылышы, уландысы

Пайыздык кирешелер/пайыздык чыгашалар кредиттик нарксызданбаган болуп саналган (башкача айтканда, финансылык активдин амортизацияланган наркын күтүлгүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу резервдин өлчөмүнө корректировкалаганга чейин) финансылык активдердин дүң баланстык наркына же финансылык милдеттенмелердин амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ченди пайдалануу аркылуу эсептелет. Кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча пайыздык кирешелер мындай активдердин (б.а. күтүлгүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу резервди эсептен алып салуу менен алардын дүң баланстык наркын) амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ченди колдонуу аркылуу эсептелет. Түзүлгөн же сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер үчүн (POCI) натыйжалуу пайыздык чен финансылык активден келечекте күтүлгүчү акча агымдарын аныктоо учурунда күтүлгүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүн чагылдырат.

### (с) Фидуциардык активдер

Топ үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан улам агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо бул активдерди жана аларга байланыштуу кирешелерди консолидацияланган финансылык отчёттон алып салат, себеби бул активдер Топтун активдери болуп саналбайт.

### (т) Өз ара чегеришүү

Финансылык активдер жана милдеттенмелер өз ара чегерилет жана финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто, чагылдырылган суммаларды өз ара чегеришүү боюнча юридикалык жактан бекитилген укук, ошондой эле же өз ара чегеришүү же болбосо бир учурда активди сатуу жана милдеттенмени аткаруу ниети болгон учурларда гана таза өлчөм чагылдырылат. Чегерүүнү ишке ашыруу укугу келечекте орун алышы мүмкүн болгон жагдайдан көз каранды болбоого жана юридикалык жактан бардык төмөндө келтирилген жагдайлардан корголууга тийиш:

- адаттагы иштин жүрүшүндө;
- дефолт учурунда; жана
- уюмдун, же контрагенттердин биринин кудуретсиздиги же банкроттугу учурунда.

ФОЭСке ылайык уруксат берилген учурлардан тышкары, кирешелер жана чыгашалар пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто өз ара чегерилбейт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 4 Жаңы жана кайра каралган стандарттарды колдонуу

Топ консолидацияланган финансылык отчётту даярдоодо 2025-жылдын 1-январынан башталган жылдык отчёттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген жана өз ишинде колдонгон төмөнкү жаңы жана кайра каралган стандарттарды кабыл алган:

- ФОЭСтин (IAS) "Валюта курстарынын өзгөрүшүнүн таасири" деп аталган 21-стандартына түзөтүүлөр (валюта алмаштыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу), валютанын алмаштырыла тургандыгын баалоо тартибин, ошондой эле валютаны алмаштыруу мүмкүн болбогон же олуттуу чектелген учурларда алмашуу курсун аныктоо жана маалыматты ачыктоо талаптарын тактайт. Бул түзөтүүлөр чет өлкө валютасында көрсөтүлгөн операцияларды жана калдыктарды ыраатту жана ачык-айкын чагылдырууга багытталган.

Бул түзөтүүлөр Топтун консолидацияланган финансылык отчётуна олуттуу таасирин тийгизген жок.

**Жаңы стандарттар, түшүндүрмөлөр жана колдонуудагы стандарттарга жана түшүндүрмөлөргө киргизилген түзөтүүлөр**

Төмөндө жаңы стандарттар, түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр келтирилген, алар чыгарылган, бирок Топтун консолидацияланган финансылык отчёттуулугунун датасына карата күчүнө кире элек.

- ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9 жана ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер: маалыматты ачып берүү" деп аталган 7-стандарттарына түзөтүүлөрдө, айрыкча бизнес-моделдер жана акча агымдары бөлүгүндө финансылык активдерди кайра классификациялоо, баалоо жана маалыматты ачып көрсөтүү каралган жана негизинен ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9-стандартын колдонууга жана ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер: маалыматты ачып берүү" деп аталган 7-стандартынын шайкештикти камсыз кылуу жана сапаттуу, ачык-айкын эсепке алууга багыттаган бүтүмдөрдүн ачык экономикалык мазмунун чагылдыруу максатында тобокелдиктер жөнүндө маалыматын ачып көрсөтүүгө карата талаптарын корректировкалоого тиешелүү.
- ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9 жана ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер: маалыматты ачып берүү" деп аталган 7-стандарттарына карата "Жаратылыш булактарынан алынган электр энергиясын берүү келишимдери" түзөтүүлөрү, алар жаратылыш булактарынан алынган электр энергиясын берүү келишимдеринин мазмунун түшүндүрөт, ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9-стандартына "жеке муктаждыктары үчүн колдонуу" талаптарын пайдалануу тартибин тактайт, ошондой эле хеджирлөө боюнча эсепке алуу талаптарына өзгөртүүлөрдү киргизет, анын ичинде хеджирленүүчү статья катары күтүлгөн операциялардын өзгөрүлмө номиналдык көлөмүн аныктоого уруксат берет, ал жаратылыш булагынан өндүрүүнүн күтүлгөн өзгөрүлмө көлөмүнө дал келет. Түзөтүүлөр 2026-жылдын 1-январынан же кийинчерээк башталган жылдык отчёттук мезгилдер үчүн колдонулат; мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 4 Жаңы жана кайра каралган стандарттарды колдонуу (уландысы)

- ФОЭСтин бухгалтердик эсепке алуунун стандарттарын жыл сайын өркүндөтүү боюнча 11-чыгарылышы, анда ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык отчёттуулуктун эл аралык стандарттарынын биринчи колдонулушу" деп аталган 1-стандартына, ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер: маалыматты ачып берүү" деп аталган 7-стандартына, ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9-стандартына, ФОЭСтин (IFRS) "Консолидацияланган финансылык отчёт" деп аталган 10-стандартына жана ФОЭСтин (IAS) "Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчёт" деп аталган 7-стандартына карата бир катар тактоолор камтылган. Бул тактоолор түшүнүксүз жагдайларды четтетүүгө жана стандарттардын бирдей колдонулушун камсыз кылууга багытталган. Стандарттар 2026-жылдын 1-январынан же кийинчерээк башталган жылдык отчёттук мезгилдер үчүн колдонулат.
- ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык отчёттуулуктагы маалыматтарды берүү жана ачып берүү" деп аталган 18-стандарты, ал ФОЭСтин (IAS) "Финансылык отчётту берүү" деп аталган 1-стандартын алмаштырат жана анда отчёттун түзүмүнө карата жаңы талаптар, кирешелердин жана чыгашалардын классификациясы, ошондой эле маалыматты ачып берүү боюнча кеңейтилген талаптар камтылат. Стандарт 2026-жылдын 1-январынан же кийинчерээк башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонулат.
- ФОЭСтин (IFRS) "Коомдук жоопкерчиликсиз туунду ишканалар: маалыматты ачып берүү" деп аталган 19-стандартын колдонууга киргизүү. Бул стандартка ылайык, белгилүү бир критерийлерге жооп берген туунду уюмдар финансылык отчёттогу маалыматты ачып берүүнүн жөнөкөйлөтүлгөн талаптарын колдоно алышат. 2027-жылдын 1-январынан же кийинчерээк башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонулат.

Топ тарап бул стандарттарды, оңдоолорду жана түшүндүрмөлөрдү, эгерде мүмкүн болсо, алар күчүнө кирген күндөн тартып колдонууну көздөйт.

## 5 Баа берүүдөгү олуттуу жол берүүлөр жана белгисиздикти шарттаган булактар

Топтун эсепке алуу саясатын колдонуу процессинде жетекчилик башка булактардан алуу мүмкүн болбогон активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркы боюнча божомолдоолорду, баа берүүлөрдү жана жол берүүлөрдү сунуштоого тийиш. Баа берилген маани жана анын негизин түзгөн жол берүүлөр мурдагы тажрыйбадан жана башка факторлордон улам түптөлөт, алар белгилүү бир учурларда орундуу болуп саналат. Айкын натыйжалар баа берүүнүн маалыматтарынан айырмаланышы мүмкүн.

Баа берүүлөр жана ага байланыштуу жол берүүлөр дайыма кайра каралып турат. Баа берүүлөрдөгү өзгөрүүлөр, эгер алар ушул мезгил ичинде эле таасирин тийгизсе, баа берүү кайра каралган мезгилде, же өзгөрүүлөр учурдагы сыяктуу эле, келечектеги мезгилге да таасирин тийгизе турган болсо, баа берүү кайра каралган мезгилде жана келечектеги мезгилдерде да чагылдырылат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

МАЗМУНУ

## 5 Баа берүүдөгү олуттуу жол берүүлөр жана белгисиздикти шарттаган булактар (уландысы)

**Олуттуу жол берүүлөр**

***Финансылык активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдар***

ФОЭСтин (IFRS) 9-стандартына ылайык финансылык активдердин бардык категориялары боюнча чыгымдарды баалоо пикирди колдонууну талап кылат, атап айтканда, күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды аныктоо учурунда жана кредиттик тобокелдиктин олуттуу көбөйүшүн баалоо учурунда келечектеги акча агымдарынын келип чыгуу көлөмүн жана мөөнөтүн жана камсыз кылуу наркын баалоо зарыл. Мындай эсептөө баалары бир катар факторлордон көз каранды болот, аларды өзгөртүү күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын баа берүү резервдеринин ар кандай суммаларына алып келиши мүмкүн. Топтун күтүлүүчү кредиттик чыгымдарын эсептөөлөр өзгөрүлмө баштапкы маалыматтарды жана алардын өз ара көз карандыларды тандоо боюнча бир катар жол берүүлөрдү камтыган татаал моделдердин жыйынтыгы болуп саналат. Пикирлер жана эсептөө баа берүүлөрү деп эсептелген күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө моделдеринин элементтерине төмөнкүлөр кирет:

- Дефолт ыктымалдыгын аныктоо үчүн (PD) Улуттук банк тарабынан колдонулуучу ички кредиттик рейтингди ыйгаруу системасы;
- Улуттук банк тарабынан кредиттик тобокелдиктин олуттуу көбөйгөндүгүн баалоо үчүн колдонулуучу критерийлер, анын натыйжасында финансылык активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдар бүтүндөй мөөнөт ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдар менен бирдей суммада бааланууга жана сапаттуу баа берилиши зарыл;
- Ар кандай формулаларды жана баштапкы маалыматтарды тандоону кошо алганда, күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө моделдерин иштеп чыгуу;
- Макроэкономикалык сценарийлер жана экономикалык маалыматтар ортосундагы өз ара байланыштарды, ошондой эле дефолтко учуроо ыктымалдыгынын көрсөткүчтөрүнө (PD), дефолттун тобокелдикке дуушарлануу көлөмүнө (EAD) жана дефолтко учуроодо жоготууларга (LGD) таасирин аныктоо; жана
- Болжолдуу макроэкономикалык сценарийлерди тандоо жана күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү моделдери үчүн экономикалык баштапкы маалыматтарды алуу үчүн ыктымалдуулукту эске алуу менен аларга баа берүү.

Толук маалымат 24, 31-эскертүүлөрдө берилген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 6 Монетардык алтын

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Монетардык алтын** | | |
| Чет өлкө банктарындагы эсептердеги жана куйма түрүндөгү алтын | 563 086 315 | 278 261 231 |
| | **563 086 315** | **278 261 231** |

Чет өлкө банктарындагы эсептердеги жана куйма түрүндөгү алтын Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга жана Шанхай алтын биржасынын стандартына ылайык келет.

**Алтындын чет өлкө банктарындагы депозиттерде концентрацияланышы**

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Топ Fitch Ratings Inc. (мындан ары – Fitch) эл аралык агенттиги тарабынан ыйгарылган А+ деңгээлиндеги кредиттик рейтинг менен чет өлкө банктарындагы эсептериндеги алтынга ээ.

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Топ өздүк капиталынын 10 пайызынан ашкан чет өлкө банктарындагы эсептериндеги алтын калдыгына ээ.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 7 Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Банктардагы эсептер жана депозиттер** | | |
| **Банктардагы “ностро” эсептери** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 2 683 771 | 1 669 420 |
| - А дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 31 987 534 | 25 422 772 |
| - ВВ- дан ВВВ чейинки кредиттик рейтинги менен | 152 262 | 28 443 |
| - кредиттик рейтинг ыйгарылбаган | 2 841 707 | 3 500 274 |
| **Жыйынтыгында, банктардагы “ностро” эсептери** | **37 665 274** | **30 620 909** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (149 938) | (212 937) |
| | **37 515 336** | **30 407 972** |
| **Банктардагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - АА- дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 16 127 319 | 18 029 000 |
| - А- дан А+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 24 800 376 | 11 560 421 |
| -В- дан В+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 1 287 181 | - |
| - кредиттик рейтинг ыйгарылбаган | 2 977 090 | 3 280 714 |
| **Жыйынтыгында, банктардагы мөөнөттүү депозиттер** | **45 191 966** | **32 870 135** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (17 183) | (14 967) |
| | **45 174 783** | **32 855 168** |
| **Эл аралык финансылык уюмдардагы эсептер жана депозиттер** | | |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсеп | 23 475 140 | 18 239 947 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | 20 787 867 | 17 093 868 |
| **Жыйынтыгында, эл аралык финансылык уюмдардагы эсептер жана депозиттер** | **44 263 007** | **35 333 815** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (41) | (30) |
| | **44 262 966** | **35 333 785** |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 20 589 259 | 20 484 983 |
| **Жыйынтыгында, кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар** | **147 542 344** | **119 081 908** |

### Каражаттардын банктарда жана башка финансылык уюмдарда концентрацияланышы

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Топтун банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы эсептеринде суммасы өз-өзүнчө өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан калдыктары жок (2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Топ АА+ кредиттик рейтингине ээ үч банкта жана башка финансылык уюмдарда эсептер боюнча калдыктарга ээ, алардын суммасы өз-өзүнчө алганда өздүк капиталдын 10 пайызынан ашат. Ушул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 50 799 775 миң сомду түзгөн).

Кредиттик рейтингдер Fitch рейтингдик агенттигинин стандарттарына же башка эл аралык рейтингдик агенттиктеринин ушул сыяктуу стандарттарына ылайык берилген.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24, 31-эскертүүлөрдө чечмеленген.

## 7 Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар (уландысы)

### Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчёттун максаттары үчүн төмөнкүлөрдү камтыйт:

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Банктардагы акча эквивалентинде камтылган "ностро" эсептери | 37 515 336 | 30 407 972 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 23 475 125 | 17 093 850 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы "ностро" эсептери | 20 787 841 | 18 239 935 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 20 589 259 | 20 484 983 |
| **Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчёттогу акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **102 367 561** | **86 226 740** |

Акча каражаттарынын эквиваленттери мөөнөтү өткөн катары саналбайт.

## 8 Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген кредиттер** | | |
| - кредиттик рейтинг ыйгарылбаган | - | 155 605 |
| **Жыйынтыгында, банктарга жана эл аралык уюмдарга күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервди эсептен алып салганга чейинки кредиттер** | **-** | **155 605** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | - | (155 605) |
| **Жыйынтыгында, банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер** | **-** | **-** |

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Топтун калдыгы өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан коммерциялык банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттери жок.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24, 31-эскертүүлөрдө чечмеленген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*



## 9 Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| А кредиттик рейтингиндеги Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн казына облигациялары | 7 304 686 | 6 886 134 |
| АА+ кредиттик рейтингиндеги Канада Өкмөтүнүн казына облигациялары | - | 1 082 376 |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **7 304 686** | **7 968 510** |
| Кредиттик рейтинг ыйгарылбаган эл аралык финансылык уюмдардын карыздык баалуу кагаздары | 38 282 217 | 38 504 361 |
| ААА кредиттик рейтингдеги агенттик баалуу кагаздар | 883 997 | 4 271 471 |
| | **46 470 900** | **50 744 342** |

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Топ үлүшү өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан контрагенттери болгон эмес (2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Топ үлүшү өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан бир контрагентке ээ болгон. 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча аталган контрагентке карата кредиттик тобокелдикке дуушарлануусу 29 456 905 миң сомду түзөт).

Кредиттик рейтингдер Fitch рейтингдик агенттигинин стандарттарына же башка эл аралык рейтингдик агенттиктеринин ушул сыяктуу стандарттарына ылайык берилген.

Күтүлгүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24-эскертүүдө чечмеленген.

## 10 Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| В– кредиттик рейтингиндеги Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигациялары | 24 110 226 | 23 159 444 |
| Күтүлгүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (426 266) | (430 582) |
| | **23 683 960** | **22 728 862** |

Күтүлгүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24, 31-эскертүүлөрдө чечмеленген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 11 Ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар

Ассоциацияланган уюмга инвестициялардын жылышын төмөнкүдөй чагылдырууга болот:

| | Баланстык наркы |
|---|---|
| **2024-жылдын 1-январы** | **676 676** |
| Ассоциацияланган уюмдун пайдасындагы үлүш | 251 142 |
| Ассоциацияланган уюмдан алынган дивиденддер | (60 675) |
| **2024-жылдын 31-декабры** | **867 143** |
| Ассоциацияланган уюмдун акционерлеринин үлүштөрүн сатып алуу | 15 476 |
| Ассоциацияланган уюмдун пайдасындагы үлүш Ассоциацияланган | 400 505 |
| уюмдан алынган дивиденддер | (189 454) |
| **2025-жылдын 31-декабры** | **1 093 670** |

| Ассоциацияланган уюмга инвестициялар | Иштин түрү | Ээлик кылуу үлүшү, % | 2025-жылдын 31-декабры | Ээлик кылуу үлүшү, % | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|
| "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК | Процессингдик кызмат көрсөтүүлөрү | 49,64 | 1 093 670 | 46,71 | 867 143 |
| | | | **1 093 670** | | **867 143** |

Топтун ассоциацияланган уюму катталган жана өз ишин Кыргыз Республикасында жүргүзөт.

Улуттук банк 2025-жылдын төртүнчү чейрегинде туунду жана ассоциацияланган уюмдарды тескөө стратегиясын ишке ашыруу максатында, "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтын акционерлеринин 15 476 миң сом суммасындагы үлүшүн сатып алуу аркылуу "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтын уставдык капиталындагы үлүшүн көбөйткөн. Акционерлердин үлүшүн сатып алуунун натыйжасында Улуттук банктын "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтын уставдык капиталындагы үлүшү 49,64 пайызды (2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча: 46,71 пайызды) түзгөн.

## 12 Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | 147 329 | - |
| | **147 329** | - |

Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер 2026-жылдын 27-январында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине сатылган негизги каражаттардын объекттери түрүндө көрсөтүлгөн. Бул объекттердин ордун толтуруу наркы 466 482 миң сомду түзгөн.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 13 Негизги каражаттар

| | Жер | Имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | | |
| **2025-жылдын 1-январына карата калдык** | **134 652** | **1 120 599** | **1 054 877** | **193 874** | **164 866** | **577 639** | **3 246 507** |
| Сатып алуулар | - | 711 770 | 44 218 | 113 488 | 30 102 | 1 409 222 | 2 308 800 |
| Колдонуудан калгандар | - | (42 854) | (40 079) | (39 084) | (3 724) | (58) | (125 799) |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдерге которуу | - | (140 656) | (6 427) | (246) | - | - | (147 329) |
| Ордунан которулгандар | 39 127 | 1 445 367 | 178 674 | 1 105 | - | (1 757 395) | (93 122) |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **173 779** | **3 094 226** | **1 231 263** | **269 137** | **191 244** | **229 408** | **5 189 057** |
| ***Амортизация*** | | | | | | | |
| **2025-жылдын 1-январына карата калдык** | **-** | **(253 510)** | **(408 602)** | **(86 781)** | **(85 340)** | **-** | **(834 233)** |
| Жыл ичиндеги чегерүүлөр | - | (32 923) | (148 505) | (31 997) | (24 754) | - | (238 179) |
| Колдонуудан калгандар | - | 42 732 | 40 049 | 39 082 | 2 863 | - | 124 726 |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **-** | **(243 701)** | **(517 058)** | **(79 696)** | **(107 231)** | **-** | **(947 686)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | | |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **173 779** | **2 850 525** | **714 205** | **189 441** | **84 013** | **229 408** | **4 241 371** |

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча сатып алууларда жалпы суммасы 1 243 514 миң сомду түзгөн мамлекеттик менчик формасындагы ишканага алдын ала төлөөлөрдү таануу жана 21-эскертүүдө ачып көрсөтүлгөн бааланууучу милдеттенме камтылат.

2025-жылы Улуттук банк башкы подрядчы – мамлекеттик менчик формасындагы курулуш компаниясын ишке тартуу менен Киев көчөсү, 189 дарегиндеги административдик имараттын курулушун аяктады.

Курулушу аяктаган объекттин шайкештигин баалоо боюнча 1 171 362 миң сом суммасындагы актыга 2025-жылдын 23-октябрында кол коюлган. 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча подрядчы менен эсептешүүлөрдүн документ түрүндө таризделиши текшерүү жана макулдашуу процессинде турат. Башкы подрядчы баалардын өсүшүн эске алуу менен аткарылган иштердин жана колдонулган материалдардын наркын кайра эсептегендигин, ошондой эле кошумча аткарылган иштердин тизмегин билдирген.

Улуттук банктын жетекчилиги ФОЭСтин “Негизги каражаттар” деп аталган 16-стандартынын талаптарына таянып, курулушу аяктаган объекттин шайкештигин баалоо актысынын негизинде пайдаланууга даяр болгон учурдан тартып негизги каражаттардын объекттерин тааныган, ошондой эле башкы подрядчынын сарптоолорун компенсациялоо ыктымалдуулугу жана эң жакшы баа тууралуу кесипкөй пикирди колдонуу менен, 2025-жылдын 31-декабрына карата 21-эскертүүдө ачып көрсөтүлгөн бааланууучу милдеттенмени тааныган.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 13 Негизги каражаттар (уландысы)

| | Жер | Имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | | |
| **2024-жылдын 1-январына карата калдык** | **209 036** | **1 056 604** | **662 741** | **528 131** | **161 756** | **540 022** | **3 158 290** |
| Сатып алуулар | - | 4 228 | 413 025 | 59 985 | 13 318 | 113 394 | 603 950 |
| Колдонуудан калгандар | (74 384) | (505) | (24 559) | (392 928) | (10 208) | (9 766) | (512 350) |
| Ордунан которулгандар | - | 60 272 | 3 670 | (1 314) | - | (66 011) | (3 383) |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **134 652** | **1 120 599** | **1 054 877** | **193 874** | **164 866** | **577 639** | **3 246 507** |
| ***Амортизация*** | | | | | | | |
| **2024-жылдын 1-январына карата калдык** | **-** | **(228 502)** | **(297 520)** | **(430 390)** | **(74 023)** | **-** | **(1 030 435)** |
| Жыл ичиндеги чегерүүлөр | - | (25 494) | (135 616) | (50 379) | (21 525) | - | (233 014) |
| Колдонуудан калгандар | - | 486 | 24 541 | 392 925 | 10 208 | - | 428 160 |
| Ордунан которулгандар | - | - | (7) | 1 063 | - | - | 1 056 |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **-** | **(253 510)** | **(408 602)** | **(86 781)** | **(85 340)** | **-** | **(834 233)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | | |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата** | **134 652** | **867 089** | **646 275** | **107 093** | **79 526** | **577 639** | **2 412 274** |

2025-жыл ичинде 147 329 миң сом суммасындагы негизги каражаттар сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдерге которулган (2024-жылы: болгон эмес).

2025-жыл ичинде 93 122 миң сом суммасындагы негизги каражаттар материалдык эмес активдерге которулган (2024-жылы: 3 383 миң сом суммасында).

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Топтун толугу менен өз алдынча амортизацияланган негизги каражаттары жана материалдык эмес активдери, тиешелүүлүгүнө жараша, 34 318 миң сомду жана 28 987 миң сомду түзгөн.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 14 Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Алтын түрүндө запастар | 100 837 737 | 72 245 123 |
| Монетардык эмес алтын | 2 556 652 | 2 270 445 |
| | **103 394 389** | **74 515 568** |

2025 жана 2024-жылдар ичинде Улуттук банк тышкы рынокто эл аралык резервдин курамына кирбеген алтынды сатуу операцияларын, ошондой эле ички баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү келечеги алкагында Улуттук банктын запастарын түптөө максатында сатып алуу операцияларын да жүргүзгөн. Сатылган монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастардан түшкөн каражаттар менен өздүк наркы боюнча маалымат 26-эскертүүдө чечмеленген.

## 15 Башка активдер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Дебитордук карыз | 493 855 | 512 695 |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (140 641) | (121 211) |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **353 214** | **391 484** |
| Запастар | 958 367 | 590 839 |
| Берилген аванстар | 718 565 | 1 382 058 |
| Нумизматикалык баалуулуктар | 51 178 | 160 617 |
| Башкалар | 8 577 | 12 585 |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык эмес активдер** | **1 736 687** | **2 146 099** |
| | **2 089 901** | **2 537 583** |

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24, 31-эскертүүлөрдө чечмеленген.

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча берилген аванстар мамлекеттик менчик формасындагы ишканага 550 617 миң сом суммасындагы алдын ала төлөөнү камтыйт (2024-жылдын 31-декабрына карата: курулушу бүтө элек объект боюнча курулуш-монтаждоо иштерин аткарууга 1 171 362 миң сом).

## 16 Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 304 007 805 | 243 313 538 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкнотторду жана монеталарды алып салуу менен | (3 229 507) | (2 888 805) |
| | **300 778 298** | **240 424 733** |

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар калктын колундагы жана уюмдарда жайгашкан жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын номиналдык наркын билдирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 17 Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын эсептери | 104 741 734 | 80 911 121 |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине таандык коммерциялык банктардын жана финансылык уюмдардын эсептери | 90 019 188 | 46 343 648 |
| Башка финансылык уюмдардын эсептери | 1 289 937 | 1 064 738 |
| | **196 050 859** | **128 319 507** |

2025-жылдын 31-декабрына карата Топто эки коммерциялык банктын эсептери боюнча өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан калдык катталган (2024-жылдын 31-декабрына карата: беш коммерциялык банк). Бул банктардын эсептериндеги калдыктардын жалпы көлөмү 2025-жылдын 31-декабрына карата 90 019 188 миң сомду (2024-жылдын 31-декабрына карата: 95 667 611 миң сом) түзгөн.

## 18 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эсептериндеги каражаттар кирет.

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Улуттук валютада | 64 447 026 | 41 773 714 |
| Чет өлкө валютасында | 248 532 | 355 246 |
| | **64 695 558** | **42 128 960** |

## 19 Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга төмөнкүдөй төлөө мөөнөтүнө жана баланстык наркына ээ баалуу кагаздар кирет:

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Улуттук банктын төлөө мөөнөтү 7 күн болгон ноталары | 777 311 | 747 148 |
| Улуттук банктын төлөө мөөнөтү 91 күн болгон ноталары | 5 446 782 | - |
| Улуттук банктын төлөө мөөнөтү 182 күн болгон ноталары | 3 429 933 | - |
| | **9 654 026** | **747 148** |

Улуттук банк акча-кредит саясатын жүргүзүү алкагында баалуу кагаздарды чыгарууга жана алар менен кабыл алынган эл аралык тажрыйбага ылайык операциялардын бардык түрлөрүн ишке ашырууга укуктуу. Улуттук банктын ноталары Улуттук банктын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу жайгаштырылат, анын катышуучуларынан болуп Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары саналат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 20 ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 20 455 848 | 12 904 627 |

Атайын карыз алышуу укуктарын (мындан ары – АКУ) бөлүштүрүү, алардын суммасын эл аралык валюта фондунун (мындан ары – ЭВФ) мүчөсү болгон өлкөлөрдүн эл аралык резервдерин толуктоо жана ликвиддүүлүгүн колдоо максатында ЭВФтин мүчөсү болгон өлкөлөрдүн ортосунда анын чечими боюнча АКУ суммаларын шартсыз бөлүштүрүү болуп саналат. Мындай бөлүштүрүү глобалдуу финансылык каатчылыкка каршы жамааттык монетардык жоопболуп саналат, ал ликвиддүүлүк проблемасын башынан кечирип жаткан өлкөлөргө шарттар менен чектелбеген олуттуу финансылык ресурстарды берүү аркылуу ишке ашырылат. Бул ресурстар жөнгө салууга муктаждыкты азайтууга жана экономикалык өнүгүү саясатынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн валюталык запасын толуктоо аркылуу глобалдуу экономикалык системанын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууга каралган.

ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн арасында АКУну жалпы бөлүштүрүү алардын ЭВФтеги квотасына пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылган (32-эскертүү). Мындан тышкары, 2009-жылдын 10-августунда глобалдуу ликвиддүүлүктү жогорулатуу максатында, ЭВФтин Келишимдер статьясына төртүнчү түзөтүү күчүнө кирген, анда АКУну бир жолу атайын бөлүштүрүү каралган.

Ушул түзөтүүгө ылайык, Кыргыз Республикасын кошо алганда, ЭВФке мүчө өлкөлөргө атайын бөлүштүрүү 2009-жылдын 9-сентябрында ишке ашырылган. Мүчө өлкөлөр жана АКУга ээлик кылуучулар аларды ЭВФ менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонушу мүмкүн. Кыргыз Республикасы 84 737 миң АКУ өлчөмүндө бөлүштүрүлгөн каражатты пайдалануу укугуна ээ болгон.

2021-жылы ЭВФ COVID-19 пандемиясынын терс таасирин жөнгө салуу зарылдыгына байланыштуу, катышуучу өлкөлөрдүн арасында АКУну бөлүштүргөн, жыйынтыгында 2021-жылдын 23-августунда Кыргыз Республикасы бөлүштүрүлгөн АКУнун өлчөмүн 170 222 миңге көбөйткөн. Анын пайыздык чени жума сайын ЭВФ тарабынан аныкталат жана ал бүткүл дүйнө боюнча бөлүштүрүлгөн АКУну алуучулар үчүн бирдей болуп саналат.

2022-жылдын 13-майында Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2021-жылы ЭВФтен Кыргыз Республикасына бөлүштүрүлгөн АКУну өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууга кол коюлган. Ага ылайык, бөлүштүрүлгөн АКУ Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын ордун жабуу максатына колдонулат.

2025-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Улуттук банкка 56 741 миң АКУ калыбына келтирилген, ал 2021-жылы Кыргыз Республикасына ЭВФ тарабынан бөлүштүрүлгөн АКУнун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине Улуттук банк тарабынан өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуунун алкагында берилген (2024-жылы: 28 370 миң АКУ).

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 20 ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер (уландысы)

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелери тиешелүүлүгүнө жараша 169 848 миң АКУну жана 85 111 миң АКУну (2024-жылдын 31-декабрына карата: тиешелүүлүгүнө жараша 113 107 миң АКУ жана 141 852 миң АКУ) түзгөн.

Кийинки таблицада Топтун финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелериндеги өзгөрүүлөр, анын ичинде акча агымдары менен шартталган өзгөрүүлөр сыяктуу эле, акчага байланышпаган өзгөрүүлөр да сунушталган. Финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер дегенден улам, Топтун акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчётто чагылдырылган же чагылдырыла турган, финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын агымынын курамындагы милдеттенмелерди, акча агымдарын түшүнүүгө болот.

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **2025-жылдын 1-январы** | **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i)** | **Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо** | **Башка өзгөрүүлөр (ii)** | **2025-жылдын 31-декабры** |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 12 904 627 | - | 840 129 | 6 711 092 | 20 455 848 |
| | **12 904 627** | **-** | **840 129** | **6 711 092** | **20 455 848** |

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **2024-жылдын 1-январы** | **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i)** | **Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо** | **Башка өзгөрүүлөр (ii)** | **2024-жылдын 31-декабры** |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 10 204 524 | - | (500 390) | 3 200 493 | 12 904 627 |
| | **10 204 524** | **-** | **(500 390)** | **3 200 493** | **12 904 627** |

(i) ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелерден акча агымдары акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчётто карыз алуулардан жана карыз алуулардын ордун жабуудан түшүүлөрдүн таза суммасын түзөт.

(ii) 2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча башка өзгөрүүлөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Улуттук банкка ЭВФтен Кыргыз Республикасына бөлүштүрүлгөн АКУ калыбына келтирилген жана чегерилген пайыздар боюнча өзгөрүүлөрдү өзүнө камтыйт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 21 Башка милдеттенмелер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Бааланууучу милдеттенме | 710 000 | - |
| Финансылык гарантиялар | 278 250 | 238 866 |
| Башкалар | 158 394 | 162 057 |
| **Жыйынтыгында башка финансылык милдеттенмелер** | **1 146 644** | **400 923** |
| Алынган аванстар | 466 732 | 517 |
| Башкалар | 267 358 | 246 174 |
| **Жыйынтыгында башка финансылык эмес милдеттенмелер** | **734 090** | **246 691** |
| | **1 880 734** | **647 614** |

2025-жылдын 31-декабрына карата бааланууучу милдеттенме Улуттук банктын жаңы имаратынын курулушун аяктоого байланыштуу ыктымалдуу милдеттенме боюнча эң жакшы баалоону билдирет (13-эскертүү).

2025-жылдын 31-декабрына карата алынган аванстарга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сатууга каралган узак мөөнөттүү активдер катары классификацияланган негизги каражаттар үчүн 466 482 миң сом суммасындагы төлөмү кирет.

## 22 Уставдык капитал

**Төлөнгөн капитал**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык Улуттук банктын уставдык капиталы 4 000 000 миң сомду түзөт.

**Республикалык бюджетке чегерүүлөр жана милдеттүү резерв**

Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын 13-февралындагы “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасын которуу маселелери жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык, Улуттук банктын 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча пайдасы финансылык отчёт көз карандысыз тышкы аудитор тарабынан тастыкталгандан кийин которулат.

2025-жылдын 19-февралында Улуттук банктын 2024-жылдагы бөлүштүрүү үчүн пайдасы 45 696 727 миң сом өлчөмүндө бекитилген, ал жүз пайыз өлчөмүндө Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине чегерилген (2024-жылы: 2023-жыл үчүн 12 436 056 миң сом өлчөмүндө таза пайда бекитилген, ал жүз пайыз өлчөмүндө Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине чегерилген).

Республикалык бюджетке чегерилген сумма жана милдеттүү резерв Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттарынын көбөйүшү катары чагылдырылгандыктан, алар акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчёттон алынып салынган.

МАЗМУНУ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 22 Уставдык капитал (уландысы)

### Капиталды тескөө

Улуттук банктын капиталы дегенден улам, анын бардык милдеттенмелерин эсептен алып салгандан кийинки Улуттук банктын активдеринин калдык наркын түшүнүү зарыл.

Улуттук банктын капиталды тескөөгө байланыштуу максаттары Улуттук банктын көз карандысыздыгын жана ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн капиталды тиешелүү деңгээлде колдоп турууга багытталган. Улуттук банк өзүнүн тескөөсүндө турган жалпы капиталды финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто камтылган өздүк капитал катары карайт.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамында каралган 4 000 000 миң сомду түзгөн уставдык капиталдын өлчөмүн эске албаганда, Улуттук банк үчүн анын капитал деңгээлине карата кандайдыр бир тышкы талаптар жок.

## 23 Таза пайыздык киреше

| | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Натыйжалуу пайыздык чен методун колдонуу менен пайыздык кирешелер** | | |
| Банктардагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы "ностро" эсептер | 3 312 640 | 2 983 211 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 2 918 939 | 2 430 120 |
| Банктардагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы мөөнөттүү депозиттер | 1 838 683 | 1 898 747 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 1 308 975 | 1 537 283 |
| Башкалар | 164 831 | 57 402 |
| | **9 544 068** | **8 906 763** |
| **Пайыздык чыгашалар** | | |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | (3 719 159) | (4 440 828) |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | (515 363) | (2 512 644) |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | (498 612) | (409 060) |
| Башкалар | (46) | (101 049) |
| | **(4 733 180)** | **(7 463 581)** |
| | **4 810 888** | **1 443 182** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 24 Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервди калыбына келтирүү/түзүү жана башка резервдер

| | Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар (7-эскертүү) | | Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү) | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (10-эскертүү) | Башка финансылык активдер (15-эскертүү) | | | Шарттуу милдеттенмелер (30-эскертүү) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | 1-стадия | 1-стадия | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | 1-стадия | Жыйынтыгында |
| **2025-жылдын 1-январына карата абал боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **22 743** | **205 191** | **155 605** | **266** | **430 582** | **4 418** | **619** | **116 174** | **155 249** | **1 090 847** |
| Резервдин суммасындагы өзгөрүү | | | | | | | | | | |
| Биринчи стадияга которуу | - | - | - | - | - | 156 | (156) | - | - | - |
| Экинчи стадияга которуу | - | - | - | - | - | (27) | 27 | - | - | - |
| Үчүнчү стадияга которуу | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Кредиттик тобокелдик параметрлери өзгөрүшүнүн натыйжасындагы нетто өзгөрүүлөр | - | - | - | - | (14 709) | 65 | 282 | - | - | (14 362) |
| Чыгымдардын ордун толтуруу | - | - | 682 826 | - | - | - | - | - | - | 682 826 |
| Түзүлгөн же сатылып алынган финансылык активдер | 27 080 | 15 302 | - | 259 | 10 393 | 40 | - | 25 275 | 21 321 | 99 670 |
| Таануу токтотулган финансылык активдер | (18 606) | (84 548) | (839 236) | (262) | | (487) | (207) | (5 588) | - | (948 934) |
| Башка өзгөрүүлөр | - | - | 805 | - | - | (11) | - | 61 | - | 855 |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **31 217** | **135 945** | **-** | **263** | **426 266** | **4 154** | **565** | **135 922** | **176 570** | **910 902** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 24 Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервди калыбына келтирүү/түзүү жана башка резервдер (уландысы)

| | Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар (7-эскертүү) | | Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү) | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (10-эскертүү) | Башка финансылык активдер (15-эскертүү) | | | Шарттуу милдет-тенмелер (30-эскертүү) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1-стадия** | **2-стадия** | **3-стадия** | **1-стадия** | **1-стадия** | **1-стадия** | **2-стадия** | **3-стадия** | **1-стадия** | **Жыйынтыгында** |
| **2024-жылдын 1-январына карата абал боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **14 000** | **166 931** | **159 335** | **26** | **238 656** | **5 642** | **933** | **128 426** | **100 426** | **814 375** |
| Резервдин суммасындагы өзгөрүү | | | | | | | | | | |
| Биринчи стадияга которуу | - | - | - | - | - | 12 | (12) | - | - | - |
| Экинчи стадияга которуу | (1) | 1 | - | - | - | (301) | 301 | - | - | - |
| Үчүнчү стадияга которуу | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Кредиттик тобокелдик параметрлери өзгөрүшүнүн натыйжасындагы нетто өзгөрүүлөр | - | - | - | - | (1 643) | - | - | - | - | (1 643) |
| Чыгымдардын ордун толтуруу | - | - | 163 | - | - | - | - | - | (21 356) | (21 193) |
| Түзүлгөн же сатылып алынган финансылык активдер | 13 088 | 108 112 | (163) | 259 | 200 179 | 1 088 | - | 932 | 76 179 | 399 674 |
| Таануу токтотулган финансылык активдер | (4 344) | (69 853) | - | (20) | (6 610) | (2 023) | (603) | (34 491) | - | (117 944) |
| Башка өзгөрүүлөр | - | - | (3 730) | 1 | - | - | - | 21 307 | - | 17 578 |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **22 743** | **205 191** | **155 605** | **266** | **430 582** | **4 418** | **619** | **116 174** | **155 249** | **1 090 847** |

МАЗМУНУ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 25 Чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган пайда

| | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган пайда | 36 160 224 | 7 783 571 |
| Чет өлкө валютасы менен жүргүзүлгөн “спот” бүтүмдөрүнөн алынган пайда | 8 047 148 | 1 864 619 |
| | **44 207 372** | **9 648 190** |

## 26 Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган пайда

| | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Түшкөн каражат** | | |
| Алтын түрүндө запастар | 26 349 303 | 97 349 268 |
| Монетардык эмес алтын | 2 169 019 | 456 327 |
| | **28 518 322** | **97 805 595** |
| **Өздүк наркы** | | |
| Алтын түрүндө запастар | (12 869 511) | (60 126 462) |
| Монетардык эмес алтын | (1 576 481) | (356 181) |
| | **(14 445 992)** | **(60 482 643)** |
| | **14 072 330** | **37 322 952** |

Отчёттук жылда алтын түрүндө запастар негизинен A+ кредиттик рейтинги бар чет өлкө банк-корреспондентине чет өлкө валютасына сатылган.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 27 Башка кирешелер жана чыгашалар

| | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Башка кирешелер** | | |
| Нумизматикалык баалуулуктарды сатуудан түшкөн киреше | 138 027 | 73 393 |
| Башкалар | 225 155 | 490 361 |
| | **363 182** | **563 754** |
| **Башка чыгашалар** | | |
| Нумизматикалык баалуулуктардын өздүк наркын таануу боюнча чыгашалар | (129 548) | (69 266) |
| Башкалар | (7 790) | (10 850) |
| | **(137 338)** | **(80 116)** |

2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн башка кирешелер чакан статьясына жер участогун сатуудан 214 956 миң сом суммасындагы пайда кирет.

## 28 Административдик чыгашалар

| | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Персоналга кеткен сарптоолор** | | |
| Эмгек акы | 2 185 507 | 1 605 150 |
| Социалдык фондго төлөөлөр | 353 828 | 274 315 |
| | **2 539 335** | **1 879 465** |
| **Башка административдик чыгашалар** | | |
| Амортизация жана эскилиги жеткендер | 265 126 | 250 670 |
| Ремонт иштери жана тейлөөлөр | 167 151 | 165 569 |
| Күзөт иштери | 132 807 | 102 761 |
| Байланыш жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | 40 473 | 40 194 |
| Жарыялоолор жана жазылуу | 24 159 | 22 323 |
| Иш сапарына кеткен чыгашалар | 23 950 | 22 815 |
| Кесиптик кызмат көрсөтүүлөр | 22 955 | 48 358 |
| Персоналды окутуу | 11 027 | 8 059 |
| Социалдык иш-чараларга сарптоолор | 10 351 | 10 647 |
| Кеңсе буюмдары | 8 277 | 9 511 |
| Ижарага чыгашалар | 4 599 | 4 471 |
| Башкалар | 38 992 | 36 630 |
| **Жыйынтыгында, административдик чыгашалар** | **3 289 202** | **2 601 473** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 29 Пайда салыгы

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Туунду уюмдарга салык салынууга тийиш. Салык чени салык мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасындагы юридикалык жактардын төлөөгө карата салык салынуучу пайдасынан 10 пайызды түзөт.

Чыгашалардын айрым түрлөрү салык салуу максаттарында эсепке алынбагандыгына байланыштуу, ошондой эле салык салынбаган киреше орун алгандыктан, Топто белгилүү бир туруктуу салык айырмалары келип чыгат.

Кийинкиге калтырылган салык консолидацияланган финансылык отчёттун максатында салык салуу максаты үчүн аныкталган активдердин эсепке алуу наркы менен милдеттенмелердин ортосундагы убактылуу айырмадан алынган таза салык натыйжасын чагылдырат. 2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата орун алган убактылуу айырма, негизинен, кирешелерди жана чыгашаларды эсепке алуу боюнча ар башка методдорго/мөөнөттөргө, ошондой эле айрым активдерди эсепке алуу менен салык наркы ортосундагы айырмадан келип чыккан убактылуу айырмаларга байланыштуу.

| | **2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл** | **2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл** |
|---|---|---|
| Учурдагы пайда салыгы боюнча чыгаша | (52 927) | (64 528) |
| Убактылуу айырманын келип чыгуусунан жана калыбына келүүсүнөн улам калтырылган салык активдеринин/милдеттенмелеринин өлчөмүнүн өзгөрүшү | (8 639) | 5 791 |
| **Жыйынтыгында, пайда салыгы боюнча чыгашалар** | **(61 566)** | **(58 737)** |

Төмөндө 10 пайыз ченемдик чен боюнча эсептелген пайда салыгы боюнча чыгашаларды пайда салыгы боюнча айкын чыгашаларга ылайык келтирүү үчүн эсептөөлөр келтирилген:

| | **2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл** | **2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл** |
|---|---|---|
| Салык салынганга чейинки пайда | **60 930 977** | **45 839 281** |
| Белгиленген чен боюнча салык (10%) | (6 093 098) | (4 583 928) |
| Улуттук банктын операциялары боюнча салык салынбаган киреше | 6 073 474 | 4 569 673 |
| Башка туруктуу айырмалар | (41 942) | (44 482) |
| **Жыйынтыгында, пайда салыгы боюнча чыгашалар** | **(61 566)** | **(58 737)** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 29 Пайда салыгы (уландысы)

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча кийинкиге калтырылган салык активдери/(милдеттенмелер) төмөнкүдөй берилген:

| | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | Пайда же чыгым жөнүндө консолидация-ланган отчётто | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | Пайда же чыгым жөнүндө консолидация-ланган отчётто | 2023-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| Негизги каражаттар | (2 438) | 475 | (2 913) | (45) | (2 958) |
| Башка финансылык милдеттенмелер | (13 647) | (9 262) | (4 385) | 7 412 | 3 027 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 1 696 | (162) | 1 858 | (832) | 1 026 |
| Башка активдер жана милдеттенмелер | 3 684 | 310 | 3 374 | (744) | 2 630 |
| **Жыйынтыгында, кийинкиге калтырылган таза салык милдеттенмелери/активдери** | **(10 705)** | **(8 639)** | **(2 066)** | **5 791** | **3 725** |

## 30 Шарттуу милдеттенмелер

### (а) Салык салуу

Кыргыз Республикасында салык системасы салыштырмалуу жаңы жана мыйзам ченемдеринин, расмий түшүндүрмөлөрдүн жана сот чечимдеринин бат-бат өзгөрүшү менен мүнөздөлөт, алар кээ бир учурларда так эмес, карама-каршы жана ар башка чечмелөөлөрдү камтыйт. Салыктар салык органдары тарабынан текшерүү жана изилдөө предметинен болуп саналат, алар айыптык төлөм белгилөө жана жазалоо укугуна ээ. Салык мыйзамдары бузулган учурда, салык органдары тарабынан алты жыл өткөндөн кийин кошумча салыктар, айыптык төлөмдөр же жазалоо боюнча эч кандай милдеттенмелер жүктөлбөйт.

Бул жагдайлар Кыргыз Республикасында салык боюнча тобокелдиктерди жаратууда, алар башка өлкөлөргө караганда кыйла маанилүү болуп саналат. Жетекчилик салык милдеттенмелери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы салык мыйзамдарына, расмий түшүндүрмөлөргө жана сот чечимдерине ылайык шайкеш келтирилген деп эсептейт. Ошондой болсо да, тиешелүү органдар тарабынан бул жоболордун чечмелениши айырмалынышы мүмкүн жана эгерде алар өз позициясынын укук ченемдүүлүгүн далилдей алса, анын консолидацияланган финансылык отчётко карата таасири олуттуу болушу ыктымал.

Жетекчилик, эгерде Топко карата доо жана даттануулар боюнча акыркы милдеттенме орун алса, анда ал Топтун консолидацияланган финансылык абалына же келечектеги ишинин жыйынтыгына олуттуу деле таасирин тийгизбейт деп болжолдойт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 30 Шарттуу милдеттенмелер (уландысы)

### (б) Сот доолору

Кадимки чарба ишинде Топко үчүнчү жактардан мезгил-мезгили менен дооматтар келип түшүшү мүмкүн. Жетекчилик 2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Топ мындай дооматтар боюнча олуттуу чыгым тартпайт деп эсептеген жана ага жараша, бааланууучу милдеттенмелерди тааныган эмес.

### (в) Кредиттик мүнөзгө ээ милдеттенмелер, гарантиялар жана башка финансылык контракттар

“Кепилдик фонд” ААК өнөктөш банктарынын жана финансылык мекемелеринин карыз алуучуларына финансылык гарантияларды берүүдө.

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча номиналдык же контракттык суммалар төмөнкүлөрдү түзгөн:

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Финансылык гарантиялар | 5 322 431 | 4 279 250 |
| Кредиттик мүнөзгө ээ милдеттенмелер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга бааланууучу резерв | (176 570) | (155 249) |
| **Жыйынтыгында, кредиттик мүнөздөгү милдеттенмелер** | **5 145 861** | **4 124 001** |

Финансылык гарантиялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өзгөрүүлөрүнө талдап-иликтөөлөр төмөнкүдөй чагылдырылган:

| | 12 ай ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдар |
|---|---|
| **2024-жылдын 31-декабрына карата күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **155 249** |
| Резервдин таза өзгөрүүсү | 21 321 |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **176 570** |

| | 12 ай ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдар |
|---|---|
| **2023-жылдын 31-декабрына карата күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **100 426** |
| Резервдин таза өзгөрүүсү | 54 823 |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **155 249** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө

Тобокелдиктерди тескөөгө алуу Топтун ишинде маанилүү роль ойноп, анын операциялык ишинин маанилүү элементи болуп саналат. Топ өз ишин жүзөгө ашыруу процессинде дуушар болуучу негизги тобокелдиктерден болуп, рыноктук тобокелдик, кредиттик тобокелдик жана ликвиддүүлүк тобокелдиги саналат.

### (а) Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболор

Топтун тобокелдиктерди тескөө боюнча саясаты Топ дуушар болуучу тобокелдиктерди аныктоого, аларга баа берүүгө, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүгө жана тескөөгө, ошондой эле чектөөлөрдү белгилөөгө жана тиешелүү контролдоону камсыз кылууга, тобокелдик деңгээлине туруктуу баа берүүгө жана алардын белгиленген лимиттерге ылайык келүүсүнө байкоо жүргүзүүгө багытталган. Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболору, рыноктук жагдайлардын өзгөрүүсүн, сунушталып жаткан банктык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, топтолгон алгылыктуу дүйнөлүк тажрыйбаларды чагылдыруу максатында, туруктуу негизде кайрадан каралып турат.

Топтун жетекчилиги, тобокелдиктерди тескөө боюнча контролдоо системасынын талаптагыдай иштеши, негизги тобокелдиктердин тескөөгө алынышы жана тобокелдиктерди тескөө боюнча саясаттын жана жол-жоболордун жактырылышы, ошондой эле ири бүтүмдөрүн жактырылышы үчүн жоопкерчиликтүү.

Улуттук банк Башкармасы комитеттер жана комиссиялар монетардык, инвестициялык жана валюта саясаттарына байланыштуу маселелерди дайыма кароого алып, активдерди тескөө алкагында лимиттерди, ошондой эле Топтун контрагенттерине карата талаптарды белгилешет.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 18-декабрындагы токтому менен бекитилген Улуттук банктын эл аралык резервди тескөө боюнча инвестициялык саясатына ылайык (мындан ары – Инвестициялык саясат), тобокелдиктерди тескөөнүн негизги максатынан болуп, Топтун ликвиддүүлүгүн жана активдеринин коопсуздугун камсыз кылуу саналат. Операциялар Инвестициялык саясатта белгиленген ар жылдык лимиттердин чегинде ишке ашырылат.

Ушул максаттарга ылайык Улуттук банктын алтын валюта активдери жумушчу жана инвестициялык портфелдерге бөлүнөт.

Топтун тобокелдиктери иштин жүрүшүндө дуушарланууга мүмкүн болгон, күтүлүүчү чыгым катары да, статистикалык моделдердин негизинде көбүрөөк айкын чыгымдарды баалоону түшүндүргөн күтүлбөгөн чыгым катары да чагылдырган метод аркылуу бааланат. Моделдерде мурдагы тажрыйбадан алынган жана экономикалык шарттарды эске алуу менен корректировкаланган болжолдоолордун маанилери колдонулат. Топ “өтө начар сценарийлердин” да моделин түзөт, алар келип чыгуу ыктымалдыгы төмөн болуп саналган жагдайлар башталган учурда орун алышы мүмкүн.

Иштин бардык түрлөрү боюнча алынган маалымат тобокелдиктерди талдоо, контролдоо жана алдын ала аныктоо максатында изилденет жана иштелип чыгат. Көрсөтүлгөн маалымат түшүндүрмөлөрү менен Башкармага сунушталат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### (а) Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболор, уландысы

Тобокелдиктин концентрацияланышы бир катар контрагенттер иштин окшош түрлөрүн жүргүзгөн, же алардын иши бир географиялык региондо жүргүзүлгөн, же болбосо контрагенттер ушул сыяктуу экономикалык мүнөздөмөлөргө ээ болгон учурда келип чыгат, жана экономикалык, саясий жана башка шарттарда өзгөрүүлөрдүн натыйжасында, бул контрагенттердин келишимдик милдеттенмелерди аткаруу жөндөмдүүлүгүнө ушул сыяктуу таасирин тийгизет. Тобокелдиктин концентрацияланышы Топтун ишинин натыйжасына белгилүү бир тармакка же географиялык регионго таасирин тийгизген өзгөрүүлөргө салыштырмалуу ийкемдүүлүгүн чагылдырат.

Тобокелдиктин ашыкча концентрацияланышына жол бербөө максатында, Топтун саясатында жана жол-жобосунда диверсификацияланган портфелди колдоого багытталган атайын принциптер камтылат. Тобокелдиктин белгиленген концентрацияланышы тескөөгө алынат.

### (б) Рыноктук тобокелдик

Рыноктук тобокелдик – бул, рыноктук баанын өзгөрүүсүнөн улам адилет нарктын же финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Рыноктук тобокелдик валюта тобокелдигинен, пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдигинен, ошондой эле башка баа тобокелдиктеринен турат. Рыноктук тобокелдик, рыноктогу жалпы жана мүнөздүү болгон өзгөрүүлөрдүн, рыноктук баанын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн таасирине дуушар болгон пайыздык, валюталык жана үлүштүк финансылык инструменттерге карата ачык позициялар боюнча келип чыгат.

Рыноктук тобокелдикке дуушарлануу алгылыктуу параметрлердин чегинен чыкпагандай, ошону менен катар эле кабыл алынган тобокелдик үчүн алынган кирешелүүлүктү оптималдаштырууну камсыз кылуу менен тескөө жана контролдоо рыноктук тобокелдикти тескөө милдетинен болуп саналат.

Топ бардык ачык позицияларга баа берүү жол-жобосун туруктуу ишке ашыруу аркылуу рыноктук тобокелдикти тескейт. Мындан тышкары, Топ финансылык инструменттер боюнча ачык позицияларга белгиленген лимиттерге, пайыздык чендерге, төлөө мөөнөттөрүнө жана тобокелдик көрсөткүчүнүн/кирешелүүлүктүн катышына туруктуу байкоо жүргүзүп турат.

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги*

Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги – бул, рыноктук пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн улам адилет нарктын же финансылык инструмент боюнча келечекте болжолдонуп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Топ басымдуулук кылган рыноктук пайыздык чендердин анын финансылык абалына жана акча каражаттарынын агымынын таасирлерине дуушарланышы ыктымал. Мындай өзгөрүүлөр пайыздык маржа деңгээлин көбөйтүшү мүмкүн, бирок аны төмөндөтүшү да мүмкүн же болбосо пайыздык чендердин күтүүсүз өзгөрүүсү чыгымдардын келип чыгышына алып келет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### *Орточо пайыздык чендер*

Төмөндө келтирилген таблицада 2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата пайыздык активдер жана милдеттенмелер боюнча орточо натыйжалуу пайыздык чендер чагылдырылган. Бул пайыздык чендер тиешелүү активдердин жана милдеттенмелердин төлөөгө карата кирешелүүлүгүнө баа берүү катары чагылдырат.

| | Орточо салмактанып алынган натыйжалуу пайыздык чен, % 2025-жылдын 31-декабры | Орточо салмактанып алынган натыйжалуу пайыздык чен, % 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Пайыздык активдер** | | |
| **Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар** | | |
| *“Ностро” түрүндөгү эсептер* | | |
| - АКШ долларында | 3,41 | 4,25 |
| - евродо | 1,73 | 3,73 |
| - канада долларында | 2,00 | 3,03 |
| - кытай юанында | 0,17 | 0,27 |
| - корея вонасында | 0,10 | 0,10 |
| - швейцария франкында | - | 0,19 |
| - АКУда | 2,66 | 3,16 |
| - австралия долларында | 2,85 | 4,35 |
| - англия фунт стерлингинде | 3,03 | 4,70 |
| - орус рублинде | 5,98 | 6,00 |
| - норвегия кронасында | 3,45 | - |
| - кыргыз сомунда | 5,12 | 5,28 |
| *Мөөнөттүү депозиттер* | | |
| - АКШ долларында | 4,14 | 4,80 |
| - евродо | 1,98 | 2,72 |
| - канада долларында | 2,17 | 3,35 |
| - англия фунт стерлингинде | 3,94 | 4,73 |
| - австралия долларында | 3,66 | 4,38 |
| - сингапур долларында | 1,81 | 3,20 |
| - дирхамда | 3,74 | - |
| - япония иенасында | 0,55 | 0,20 |
| - кыргыз сомунда | 13,06 | 12,31 |
| **Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар** | | |
| - АКШ долларында | 3,68 | 4,22 |
| - австралия долларында | 3,74 | 4,40 |
| - канада долларында | 2,60 | 4,07 |
| - англия фунт стерлингинде | 3,78 | 4,63 |
| - кытай юанында | 1,43 | 2,16 |
| **Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар** | | |
| - кыргыз сомунда | 13,41 | 13,06 |
| **Пайыздык милдеттенмелер** | | |
| **Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары** | | |
| - кыргыз сомунда | 5,00 | 4,00 |
| **Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар** | | |
| - кыргыз сомунда | 5,76 | 3,42 |
| **ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер** | 2,66 | 3,16 |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

***Пайыздык чендердин өзгөрүүгө ийкемдүүлүгүн талдап-иликтөөлөр***

Пайданын же чыгымдын, ошондой эле өздүк капиталдын башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркынын өзгөрүүсүнүн ийкемдүүлүгүнө талдап-иликтөөлөрдү, 2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча колдонулган позициялардын негизинде түзүлгөн, пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн жана кирешелүүлүк ийрегинин пайыздык чендердин көбөйүшү же азаюусу жагына 100 базистик пунктка катар жылышынын жөнөкөй сценарийинен улам, төмөнкүдөй чагылдырууга болот:

| | 2025-жылдын 31-декабры | | 2024-жылдын 31-декабры | |
|---|---|---|---|---|
| | **Пайда же чыгым** | **Жыйынды киреше жана капитал** | **Пайда же чыгым** | **Жыйынды киреше жана капитал** |
| Чендердин көбөйүүсү жагына 100 базистик пунктка катар жылышуу | - | (366 816) | - | (373 491) |
| Чендердин азаюусу жагына 100 базистик пунктка катар жылышуу | - | 366 816 | - | 373 491 |

Жогоруда келтирилген таблицаларда негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүү таасири чагылдырылган, ошол эле учурда башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган. Иш жүзүндө, жол берилгендер менен башка факторлор ортосундагы корреляция кездешет. Бул жерде ошондой эле көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк линиялык мүнөзгө ээ эмес экендигин белгилеп кетүү зарыл, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасир этүү ушул натыйжалардын негизинде интерполяциялануугa же экстраполяциялануугa тийиш эмес.

Ийкемдүүлүктү талдап-иликтөөлөрдө Топ активдерди жана милдеттенмелерди жигердүү тескөөгө ала тургандыгы эске алынбайт. Буга кошумча Топтун финансылык абалы рыноктогу өзгөрүүлөргө жараша өзгөрүшү мүмкүн. Мисалы, Топтун финансылык тобокелдиктерди тескөө жагындагы стратегиясы рыноктогу баанын өзгөрүүсүнө байланыштуу тобокелдиктерди тескөөгө багытталган. Баалуу кагаздар рыногунда баанын кескин алгылыксыз мүнөздө өзгөрүп кетиши шартында, Топтун аракеттеринде инвестициялык активдерди сатуу, инвестициялык портфелдин курамын өзгөртүү, ошондой эле коргонуунун башка ыкмалары да камтылышы мүмкүн. Демек, жол берүүдөгү өзгөрүүлөр милдеттенмелерге айкын таасир этпесе да, рынок баасы боюнча финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто эсепке алынган активдерге олуттуу таасир этиши мүмкүн. Бул учурда, активдерге жана милдеттенмелерге баа берүүнүн ар кандай ыкмалары капитал өлчөмүнүн өзгөрүүсүнө алып келиши мүмкүн.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги*

Топ бир нече чет өлкө валютасында туюндурулган активдерге жана милдеттенмелерге ээ.

Валюта тобокелдиги – бул, адилет нарктын же валюталардын рыноктук алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнөн улам, финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Топ валюта тобокелдиктеринен коргонуу жагында чараларды көрүп жаткандыгына карабастан, мындай операциялар ФОЭСке ылайык хеджирлөөгө тиешелүү аныктамаларга төп келбейт.

Топтун 2025-жылдын 31-декабрына карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| | Сом | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Орус рубли | Башка валюталар | Жыйынтыгында, 2025-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес финансылык активдер** | | | | | | | | | | | |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 4 750 873 | 94 278 105 | 4 796 595 | 4 000 883 | 697 744 | 23 475 124 | 4 481 614 | 7 058 968 | 2 292 354 | 1 710 084 | 147 542 344 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | - | 16 947 745 | - | 1 651 512 | 747 206 | - | 738 193 | 26 386 244 | - | - | 46 470 900 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 23 683 960 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 23 683 960 |
| Башка финансылык активдер | 353 214 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 353 214 |
| **Жыйынтыгында, туунду эмес финансылык активдер** | **28 788 047** | **111 225 850** | **4 796 595** | **5 652 395** | **1 444 950** | **23 475 124** | **5 219 807** | **33 445 212** | **2 292 354** | **1 710 084** | **218 050 418** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| | Сом | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Орус рубли | Башка валюталар | Жыйынтыгында, 2025-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес финансылык милдеттенмелер** | | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 300 778 298 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 300 778 298 |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | 192 178 255 | 3 872 604 | - | - | - | - | - | - | - | - | 196 050 859 |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары | 64 447 026 | 6 312 | 28 184 | - | - | - | - | - | 177 074 | 36 962 | 64 695 558 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 9 654 026 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 9 654 026 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | - | - | 20 455 848 | - | - | - | - | 20 455 848 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 1 126 216 | 19 070 | 823 | 128 | - | - | - | 63 | - | 344 | 1 146 644 |
| **Жыйынтыгында, туунду эмес финансылык милдеттенмелер** | **568 183 821** | **3 897 986** | **29 007** | **128** | **-** | **20 455 848** | **-** | **63** | **177 074** | **37 306** | **592 781 233** |
| **Таза баланстык позиция** | **(539 395 774)** | **107 327 864** | **4 767 588** | **5 652 267** | **1 444 950** | **3 019 276** | **5 219 807** | **33 445 149** | **2 115 280** | **1 672 778** | **(374 730 815)** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Топтун 2024-жылдын 31-декабрына карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| | Сом | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Орус рубли | Башка валюталар | Жыйынтыгында, 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес финансылык активдер** | | | | | | | | | | | |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 5 292 527 | 69 747 569 | 3 559 998 | 5 720 128 | 620 325 | 18 239 935 | 4 024 583 | 8 947 438 | 1 264 950 | 1 664 455 | 119 081 908 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | - | 20 247 713 | - | 3 705 617 | 663 942 | - | 563 235 | 25 563 835 | - | - | 50 744 342 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 22 728 862 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 22 728 862 |
| Башка финансылык активдер | 391 484 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 391 484 |
| **Жыйынтыгында, туунду эмес финансылык активдер** | **28 412 873** | **89 995 282** | **3 559 998** | **9 425 745** | **1 284 267** | **18 239 935** | **4 587 818** | **34 511 273** | **1 264 950** | **1 664 455** | **192 946 596** |

МАЗМУНУ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| | Сом | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Орус рубли | Башка валюталар | Жыйынтыгында, 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес финансылык милдеттенмелер** | | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 240 424 733 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 240 424 733 |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | 124 474 107 | 3 845 400 | - | - | - | - | - | - | - | - | 128 319 507 |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары | 41 773 714 | 45 467 | 15 999 | - | - | - | - | - | 259 515 | 34 265 | 42 128 960 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 747 148 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 747 148 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | - | - | 12 904 627 | - | - | - | - | 12 904 627 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 380 952 | 18 795 | 724 | 121 | - | - | - | - | - | 331 | 400 923 |
| **Жыйынтыгында, туунду эмес финансылык милдеттенмелер** | **407 800 654** | **3 909 662** | **16 723** | **121** | **-** | **12 904 627** | **-** | **-** | **259 515** | **34 596** | **424 925 898** |
| **Таза балантсык позиция** | **(379 387 781)** | **86 085 620** | **3 543 275** | **9 425 624** | **1 284 267** | **5 335 308** | **4 587 818** | **34 511 273** | **1 005 435** | **1 629 859** | **(231 979 302)** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Төмөнкү таблицада көрсөтүлгөндөй эле, кыргыз сомунун курсунун 2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча төмөндө келтирилген валюталарга карата алсызданышы, өздүк капиталдын жана башка жыйынды кирешенин төмөндө чагылдырылгандай көбөйүүсүнө (азаюусуна) алып келмек. Бул талдап-иликтөөлөр, Топтун көз карашы боюнча отчёттук мезгилдин акырына карата орун алышы мүмкүн болгон валюта курстарынын өзгөрүүсүнө негизделген. Ийкемдүүлүктүн бул деңгээли Топтун негизги башкаруу персоналына берилүүчү валюта тобокелдигине тиешелүү отчётторду даярдоодо колдонулат. Жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдө калган бардык өзгөрүлмөлүүлөр, айрыкча пайыздык чендер өзгөрүүсүз калуусу болжолдонгон.

| | 2025-жылдын 31-декабры | | 2024-жылдын 31-декабры | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым | Башка жыйынды киреше жана капитал | Пайда же чыгым | Башка жыйынды киреше жана капитал |
| АКШ доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 10 732 786 | - | 8 608 562 |
| Кытай юаны курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 3 344 515 | - | 3 451 127 |
| Канада доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 565 226 | - | 942 562 |
| Англия фунт стерлинги курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 521 981 | - | 458 782 |
| Евро курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 476 758 | - | 354 328 |
| АКУ курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 301 928 | - | 533 531 |
| Орус рублинин курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 211 528 | - | 100 544 |
| Австралия доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 144 495 | - | 128 427 |
| Башка валюталардын курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 167 278 | - | 162 986 |

Сомдун жогоруда келтирилген валюталарга карата курсунун бекемделиши, 2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча, калган бардык өзгөрүлмөлүүлөр өзгөрүүсүз калган учурда, кайтарым таасирге ээ болмок.

**Ийкемдүүлүктү талдап-иликтөөлөргө чектөөлөр**

Жогоруда келтирилген таблицаларда негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүү таасири чагылдырылган, ошол эле учурда башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган. Иш жүзүндө жол берилгендер менен башка факторлор ортосундагы корреляция орун алат. Ошондой эле бул жерде көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк линиялык мүнөзгө ээ эмес экендигин белгилеп кетүү зарыл, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасир этүү ушул натыйжалардын негизинде интерполяцияланууга же экстраполяцияланууга тийиш эмес.

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(iii) Башка баа тобокелдиги*

Башка баа тобокелдиги – бул, ошол белгилүү бир инструментке же анын эмитентине мүнөздүү болгон факторлордон же рынокто жүгүртүлгөн ушундай эле бардык финансылык инструменттерге таасир эткен факторлордон улам өзгөрүүлөр болгонбу же жокпу андан көз карандысыз, рыноктук баалардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында (мында, пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдигинин же валюта тобокелдигинин таасиринен улам келип чыккан өзгөрүүлөрдөн тышкары), финансылык инструменттин адилет наркынын же ал боюнча келечекте күтүлүп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Башка баа тобокелдиги, Топ финансылык инструмент боюнча узун же кыска позицияга ээ болгон шартта келип чыгат.

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Топ чет өлкө банктарындагы эсептердеги монетардык алтынга байланыштуу башка баа тобокелдигине дуушар болгон. Монетардык алтын 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча сактоо жайында жайгашкан физикалык жана эсептердеги алтын менен берилген. Улуттук банктын эсепке алуу саясаты монетардык алтынды адилет наркы боюнча баалоону карагандыктан, Улуттук банк физикалык алтындын баасынын өзгөрүшүнө байланыштуу тобокелдиктерге дуушар болот.

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча монетардык алтынга баанын сомго эквиваленттүү суммаларда өсүшү же төмөндөшү башка жыйынды кирешени жана капиталды төмөндө көрсөтүлгөн суммаларга көбөйтүүгө же азайтууга алып келмек. Бул талдап-иликтөө, Улуттук банктын көз карашынан алганда, алтындын баасынын өзгөрүүсүнө таянуу менен ишке ашырылып, отчёттук мезгилдин акырына карата келип чыгышы мүмкүн экендигине негизделген. Талдап-иликтөө, бардык калган өзгөрүлмөлүүлөр өзгөрүүсүз каларын болжолдойт.

| | 2025-жылдын 31-декабры | | 2024-жылдын 31-декабры | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым | Жыйынды киреше жана капитал | Пайда же чыгым | Жыйынды киреше жана капитал |
| Монетардык алтынга сом эквивалентиндеги баанын 10% өсүшү | - | 56 308 631 | - | 27 826 123 |
| Монетардык алтынга сом эквивалентиндеги баанын 10% төмөндөшү | - | (56 308 631) | - | (27 826 123) |

### (в) Кредиттик тобокелдик

Кредиттик тобокелдик – бул, карыз алуучулар же Топтун контрагенти милдеттенмелерин аткарбай коюшунун натыйжасында келип чыккан финансылык жоготуу тобокелдиги. Топ тарабынан кредит портфелинин концентрацияланышын чектөө боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү кошо алганда, кредиттик тобокелдикти тескөө саясаты жана жол-жоболору иштелип чыккан, мында эл аралык резервдерди тескөөдө орун алышы мүмкүн болгон кредиттик тобокелдикке мониторинг жүргүзүлүшү үчүн жоопкерчиликтүү болгон Инвестициялык комитет иш алып барат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 31 Тобокелдиктерди тескөө (уландысы)

### (в) Кредиттик тобокелдик, уландысы

Кредиттик тобокелдикти төмөндөтүү максатында, Улуттук банк тобокелдиктерди тескөө саясатын колдонот, анда Улуттук банктын контрагенттерине карата талаптар белгиленген. Ушул саясатка ылайык, Moody's Investors Service агенттигинин жана/же дүйнөнүн башка алдыңкы рейтингдик агенттиктеринин (Standard & Poor's Corporation, Fitch IBCA) стандарттары боюнча да жогорку рейтингге ээ борбордук банктар, финансылык мекемелер же коммерциялык банктар гана Улуттук банктын контрагентинен боло алышат.

Топтун кардарларга кредиттерди кошпогондо, финансылык активдери Moody's, Fitch ж.б. сыяктуу эл аралык таанымал рейтингдик агенттиктер тарабынан ыйгарылган учурдагы кредиттик рейтингдерди эске алуу менен классификацияланат. Эң жогорку мүмкүн болгон рейтинг – ААА. Финансылык активдердин инвестициялык деңгээли АААдан BBBга чейинки рейтингдерге туура келет. Ал эми Fitch классификациясы боюнча BBB рейтинги менен финансылык активдер алып сатарлык деңгээлге кирет. Борбордук банк катары Улуттук банктын статусун эске алуу менен контрагенттер төмөнкүдөй эки категорияга бөлүнгөн:

**А категориясы**

- экономикалык жана саясий абалы туруктуу, өнөр жайы өнүккөн мамлекеттердин Fitch классификациясы боюнча А- рейтингинен төмөн болбогон суверендүү рейтингге ээ борбордук банктар;
- ЭВФ, Эл аралык эсептешүүлөр банкы, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы, АӨБ, KfW жана башкалар сыяктуу эл аралык финансылык уюмдар, мекемелер жана банктар;
- Fitch классификациясы боюнча А- рейтингинен төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

**В категориясы**

- Fitch классификациясы боюнча А- рейтингинен төмөн суверендүү рейтингге ээ мамлекеттердин борбордук банктары;
- Кыргыз Республикасы кол койгон, эл аралык келишимдерде көрсөтүлгөн финансылык мекемелер;
- Fitch классификациясы боюнча А- рейтингинен төмөн, бирок BBBдан төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

Адилет наркын баалоо жакшы маалымдалган, мындай бүтүмгө келишүүгө ниеттенген, бири-биринен көз карандысыз тараптар ортосунда финансылык инструмент алмаштырылышы мүмкүн болгон наркты тагыраак аныктоого багытталган. Ошондой болсо да, белгисиздик жагдайлардын орун алышы жана баа берүүлөрдүн субъективдүүлүгү себебинен, адилет нарк активдерди сатып өткөрүү же милдеттенмелерди аткаруу дароо ишке ашырылышы мүмкүн болгон нарк катары каралбайт.

### (б) Адилет наркка баа берүү баскычтары

Топ көрсөтүлгөн баа берүүлөрдү түзүүдө, колдонулган маалыматтардын олуттуулугу эске алынган адилет наркка баа берүүнүн төмөндө келтирилген баскычтарын пайдалануу аркылуу финансылык абал жөнүндө отчётто чагылдырылган финансылык инструменттерди адилет наркы боюнча баалайт:

- 1-деңгээл: Бирдей финансылык инструменттерге карата активдүү рыноктогу котировкалар (корректировкаланбаган).
- 2-деңгээл: Түздөн-түз жеткиликтүү болгон (б.а. котировкаларда) же кандайдыр бир нерселер аркылуу (б.а. котировкалардан алынган маалыматтар) жеткиликтүү рыноктук маалыматтарга негизделген баа берүү методдору. Бул категорияга окшош инструменттер үчүн активдүү рыноктук котировкаларды, рыноктордо бирдей же окшош инструменттер үчүн активдүү же башка баа берүү ыкмалары катары каралбаган рыноктук котировкаларды колдонуу менен бааланган инструменттер кирет, бардык колдонулган маалыматтар түздөн-түз же кандайдыр бир нерселер аркылуу рынокто байкоого алынган маалыматтарга негизделет.
- 3-деңгээл: Байкоого алынбаган рыноктук маалыматтарга негизделген баа берүү методдору. Бул категорияга байкоого алынган рыноктук маалыматтарга негизделбеген маалыматтарды пайдалануу менен бааланган инструменттер кирет, мында байкоого алынбаган мындай маалыматтар инструментке баа берүүгө олуттуу таасирин тийгизет. Бул категорияга олуттуу байкоого алынбаган корректировкалоолорду же инструменттер ортосунда айырманы чагылдыруу үчүн ой-пикирлерди пайдалануу талап кылынган окшош инструменттер үчүн котировкалардын негизинде бааланган инструменттер кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 34 Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер: эсепке алуу классификациялары жана адилет нарк (уландысы)

### (б) Адилет наркка баа берүү баскычтары, уландысы

Төмөнкү таблицада 2025-жылдын 31-декабрына карата адилет наркы боюнча чагылдырылган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл | 2025-жылдын 31-декабры, жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 81 778 302 | - | - | **81 778 302** |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 46 470 900 | - | - | **46 470 900** |

Төмөнкү таблицада 2024-жылдын 31-декабрына карата адилет наркы боюнча чагылдырылган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл | 2024-жылдын 31-декабры, жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 65 741 757 | - | - | **65 741 757** |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 50 744 342 | - | - | **50 744 342** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 34 Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер: эсепке алуу классификациялары жана адилет нарк (уландысы)

### (б) Адилет наркка баа берүү баскычтары, уландысы

Төмөнкү таблицада 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча адилет наркы боюнча чагылдырылбаган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл | 2025-жылдын 31-декабры, жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 20 589 259 | 45 174 783 | - | **65 764 042** |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | - | 23 683 960 | - | **23 683 960** |
| Башка финансылык активдер | - | 353 214 | - | **353 214** |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | 300 778 298 | - | **300 778 298** |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | - | 196 050 859 | - | **196 050 859** |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары | - | 64 695 558 | - | **64 695 558** |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | - | 9 654 026 | - | **9 654 026** |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | 20 455 848 | - | **20 455 848** |
| Башка финансылык милдеттенмелер | - | 1 146 644 | - | **1 146 644** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 34 Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер: эсепке алуу классификациялары жана адилет нарк (уландысы)

### (б) Адилет наркка баа берүү баскычтары, уландысы

Төмөнкү таблицада 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча адилет наркы боюнча чагылдырылбаган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл | 2024-жылдын 31-декабры, жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 20 484 983 | 32 855 168 | - | **53 340 151** |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | - | 22 728 862 | - | **22 728 862** |
| Башка финансылык активдер | - | 391 484 | - | **391 484** |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | 240 424 733 | - | **240 424 733** |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | - | 128 319 507 | - | **128 319 507** |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары | - | 42 128 960 | - | **42 128 960** |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | - | 747 148 | - | **747 148** |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | 12 904 627 | - | **12 904 627** |
| Башка финансылык милдеттенмелер | - | 400 923 | - | **400 923** |

## 35 Финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегеришүү

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Топ өз ара чегеришүүнүн негизинде финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчётто көрсөтүлүүгө тийиш болгон финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге ээ болгон эмес, ошондой эле бул багытта кандайдыр бир башкы макулдашуу же ушул сыяктуу макулдашуулар түзүлгөн эмес.

## 36 Отчёттук мезгилден кийин орун алган жагдайлар

2026-жылдын 27-январында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-декабрындагы тескемесине ылайык, Улуттук банк стратегиялык объекттерди башкаруу системасын өркүндөтүү максатында, сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер катары классификацияланган негизги каражаттарды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине сатып өткөргөн (12-эскертүү). Бул объекттердин ордун жабуу наркы 466 482 миң сомду түзгөн.

Бул консолидацияланган финансылык отчётту чыгаруу күнүнө карата, жогоруда баяндалган окуялардан башка, ФОЭСтин (IAS) “Отчёттук мезгилден кийин орун алган жагдайлар” деп аталган 10-стандартына ылайык ачып берүү талап кылынган башка олуттуу окуялар же операциялар болгон эмес.

# 11-ГЛАВА. 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

## МАЗМУНУ

| | Беттери |
|---|---|
| КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ | 114 |
| ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТ | |
| Финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчёт | 118 |
| Пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчёт | 119 |
| Жыйынды киреше жөнүндө өзүнчө отчёт | 120 |
| Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчёт | 121 |
| Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө өзүнчө отчёт | 123 |
| Өзүнчө финансылык отчётко карата эскертүүлөр | 125 |

bakertilly

Ибраимов көчөсү, 103
"Виктори" бизнес борбору, 7-кабат
Бишкек ш., 720011
Кыргыз Республикасы

Т: +996 (312) 90 05 05
Ф: +996 (312) 91 05 05
contact@bakertilly.kg
www.bakertilly-ca.com

# КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына жана Аудит боюнча комитетине:

## Аудитордун пикири

Биз, 2025-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчёттон, көрсөтүлгөн күнгө карата бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчёттон, жыйынды киреше жөнүндө өзүнчө отчёттон, капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө өзүнчө отчёттон жана көрсөтүлгөн датага карата бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчёттон, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги жоболору боюнча кыскача маалыматты кошо алганда, өзүнчө финансылык отчётко карата эскертүүлөрдөн турган Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – "Улуттук банк") өзүнчө финансылык отчётуна аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибиз боюнча, тиркелген өзүнчө финансылык отчётто Улуттук банктын 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча финансылык абалынын бардык олуттуу аспектилери, ошондой эле көрсөтүлгөн күнгө карата бүткөн жыл ичинде анын финансылык натыйжалары жана акча каражаттарынын жылышы, өзүнчө финансылык отчётко карата 2-эскертүүдө көрсөтүлгөн өзүнчө финансылык отчётту даярдоо принциптерине ылайык так чагылдырылган.

## Пикирди билдирүү үчүн негиз

Биз аудитти Эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүздүк. Ошол стандарттарга ылайык биздин милдеттерибиз корутундунун "Өзүнчө финансылык отчётко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги" бөлүгүндө чагылдырылган. Биз, Бухгалтерлер үчүн эл аралык этика стандарттары боюнча кеңеш тарабынан кабыл алынган "Кесипкөй бухгалтерлердин эл аралык этика кодексине" (мындан ары – "Кодекс") жана Кыргыз Республикасында финансылык отчётко жүргүзүлгөн аудитке тиешелүү этикалык талаптарга ылайык, Улуттук банктан көз каранды эмеспиз жана биз ушул талаптарга жана Кодекске ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык. Биз алган аудитордук далилдер пикирибизди билдирүү үчүн негиз катары жетиштүү жана талапка жооп берет деп болжолдойбуз.

**Улуттук банктын 2025-жыл үчүн жылдык отчётунда чагылдырылган башка маалымат**

Башка маалыматта Улуттук банктын 2025-жыл үчүн жылдык отчётунда чагылдырылган маалымат камтылат, бирок өзүнчө финансылык отчёт жана биздин ал боюнча аудитордук корутунду башка маалыматта камтылбайт. Башка маалымат үчүн жоопкерчилик жетекчиликке жүктөлөт.

Өзүнчө финансылык отчётко аудитти биз жүргүзүп жаткандыктан, биздин милдет – башка маалымат менен таанышып чыгуу жана башка маалымат менен өзүнчө финансылык отчёт жана аудиттин жүрүшүндө бизге маалым болгон маалымат ортосунда олуттуу дал келбестиктер жоктугун жана башка маалыматта чыгарылган өзүнчө финансылык отчёттогу маалыматтан кыйла бурмаланган башка маалымат камтылбагандыгын карап чыгуу саналат.

Бул өзүнчө финансылык отчётту чыгаруу учурунда Улуттук банктын жылдык отчёту бекитилген эмес жана биз бул маалымат боюнча кандайдыр бир ишенимди билдирген пикирди сунуштабайбыз.

**Маанилүү жагдай – эсепке алуу принциптери**

Биз көңүлүңүздөрдү өзүнчө финансылык отчётко карата 2-эскертүүгө бурабыз, анда эсепке алуу принциптери чагылдырылган. Өзүнчө финансылык отчёт Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талаптарын сактоодо Улуттук банкка көмөк көрсөтүү максатында даярдалган.

Демек, бул өзүнчө финансылык отчётту башка максаттарда пайдаланууга жол берилбейт. Биз бул маселе боюнча модификацияланган пикирибизди билдирбейбиз.

**Жетекчиликтин жана Аудит боюнча комитеттин өзүнчө финансылык отчёт үчүн жоопкерчилиги**

Жетекчилик өзүнчө финансылык отчётко карата 2-эскертүүдө чагылдырылган өзүнчө финансылык отчётту даярдоо принциптерине ылайык өзүнчө финансылык отчёттун даярдалышы жана анда маалыматтардын так чагылдырылышы, ошондой эле жетекчилик алгылыксыз иш алып баруунун же каталарга жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду камтыбаган өзүнчө финансылык отчётту даярдоо үчүн зарыл деп эсептеген ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

Өзүнчө финансылык отчётту даярдоодо жетекчилик, Улуттук банкты жоюу, анын ишин токтотуу ниетин билдирген учурларды кошпогондо же жетекчиликтин мындан башка альтернативасы жок болсо, Улуттук банк өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө баа берүү, иш үзгүлтүксүздүгүнө тиешелүү маалыматтарды чечмелеп берүү жана бухгалтердик эсепке алуунун негиздери катары иш үзгүлтүксүздүгү боюнча принциптердин колдонулушу үчүн жоопкерчиликтүү болот.

Аудит боюнча комитет Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчётун даярдоо процессин көзөмөлдөө үчүн жооптуу болуп саналат.

МАЗМУНУ

**Өзүнчө финансылык отчётко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги**

Биздин максат – өзүнчө финансылык отчётто алгылыксыз иш-аракеттерден же каталарга жол берүүдөн улам олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жеткиликтүү ишенимде болуу жана биздин пикир камтылган аудитордук корутундуну даярдоо. Жеткиликтүү ишеним толук ишенимде болуу дегенди түшүндүрөт, бирок Эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө олуттуу бурмалоолор дайыма аныктала тургандыгын гарантиялабайт. Бурмалоолор алгылыксыз иш алып баруунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн же каталар өз-өзүнчө же биригип пайдалануучулар ушул өзүнчө финансылык отчёттун негизинде кабыл алган экономикалык чечимдерге таасирин тийгизиши ыктымалдыгын болжолдосок, алар олуттуу болуп эсептелинет.

Эл аралык аудит стандарттарына жана Финансылык отчёттун эл аралык стандарттарынын кошумча талаптарына ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, биз бүтүндөй аудит жүргүзүү мезгили ичинде кесипкөй көз карашка таянабыз жана кесиптик скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары, биз:

- алгылыксыз иш-аракеттердин же каталарга жол берүүнүн кесепетинен өзүнчө финансылык отчётто олуттуу бурмалоолорду аныктап, тобокелдиктерге баа беребиз; ошол тобокелдиктерге карата аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгабыз жана жүргүзөбүз; пикирибизди билдирүү үчүн негиз болгон жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алабыз. Жогоруда белгиленген алгылыксыз иш-аракеттердин кесепетинен улам олуттуу бурмалоолордун аныкталбай калуу тобокелдиги, катага жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдигине караганда алда-канча жогору болуп саналат, анткени алгылыксыз иш алып барууда келишип алуу, атайлап жасоо, атайлап калтырып кетүү, маалыматтарды бурмаланган түрдө сунуштоо же ички контролдоо системасынын талаптарына жооп бербеген иш-аракеттерди көрүү сыяктуу жагдайлар камтылышы мүмкүн;

- Улуттук банктын ички контролдоо системасынын натыйжалуулугу жөнүндө пикирди билдирүү максатында эмес, жагдайларга ылайык келген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, аудит үчүн мааниге ээ ички контролдоо системасы түшүнүгүн алабыз;

- колдонулуп жаткан эсепке алуу саясатынын талаптагыдай мүнөзүнө, жетекчилик тарабынан эсептелген баалоо маанилеринин жана тиешелүү маалыматтардын чечмеленишинин негиздүүлүгүнө баа беребиз;

- жетекчилик тарабынан иш үзгүлтүксүздүгү боюнча колдонулган жол берүүнүн укук ченемдүүлүгү боюнча тыянак чыгарып, алынган аудитордук далилдердин негизинде Улуттук банк өз ишин үзгүлтүксүз улантууга жөндөмдүүлүгү боюнча олуттуу шектенүүлөр жаралышы мүмкүндүгүнөн улам жаралган жагдайларга же шарттарга байланыштуу белгисиздик орун алышы мүмкүндүгү же жоктугу жөнүндө тыянак чыгарабыз. Эгерде олуттуу белгисиздик жагдайы орун алгандыгы жөнүндө тыянакка келсек, биз аудитордук корутундуда өзүнчө финансылык отчётто маалыматтарды талапка ылайык чечмелөөгө көңүл бурууга же маалымат талаптагыдай чечмеленбесе, өз пикирибизди модификациялоого тийишпиз. Биздин тыянактар аудитордук корутунду чыгарылган күнгө чейин алынган аудитордук далилдерге негизделет. Бирок келечекте орун алышы мүмкүн болгон жагдайлар же шарттар Улуттук банк өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн жоготууга алып келиши мүмкүн;

- бүтүндөй өзүнчө финансылык отчёттун, анын түзүмүнүн жана мазмунунун чагылдырылышына, анын ичинде маалыматтардын чечмеленишине, ошондой эле өзүнчө финансылык отчётто камтылган операциялардын жана иш жагдайынын так берилишин камсыз кыла алгандай сунушталгандыгына баа беребиз;
- өзүнчө финансылык отчёт жөнүндө пикирибизди билдирүү үчүн Улуттук банктын финансылык маалыматы боюнча жетиштүү талаптагыдай аудитордук далилдерди алабыз. Биз Улуттук банкта аудит жүргүзүү, контролдоо жана аудитти жалпы жетектөө үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналабыз. Аудитордук пикир үчүн жооптуу болуп аудитор эсептелинет.

Биз жетекчилик жана Аудит боюнча комитет менен маалымат алмашуу аркылуу өз ара иш алып барабыз, ошондой эле аудиттин пландаштырылган көлөмү жана мөөнөтү жана аудитор көңүл бурган олуттуу маселелер, анын ичинде биз аудит процессинде аныктаган ички контролдук системасындагы олуттуу кемчиликтер жөнүндө маалыматтарды беребиз.

Биз ошондой эле жетекчиликке жана Аудит боюнча комитетке көз карандысыздыкка карата бардык тиешелүү этикалык талаптарды аткаргандыгыбыз жана аудитордун көз карандысыздыгына таасирин тийгизиши мүмкүн деген бардык негиздүү мамилелер жана башка маселелер жөнүндө, ал эми зарыл учурларда – бардык тиешелүү алдын алуу чаралары жөнүндө кабарлаганыбызды билдиребиз.

Кубат Алымкулов
Долбоор боюнча өнөктөш

Нурлан Бекенов
Долбоор боюнча өнөктөш

Сертификатталган бухгалтер, FCCA (Улуу Британия)
Аудитордун жеке каттоо номери № 11152,
2023-жылдын 16-ноябры
Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын, кесиптик
аудитордук бирикмелердин бирдиктүү мамлекеттик
реестринде катталган
Аудит боюнча өнөктөш,
Директор, “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧК

“Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧК Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын, кесиптик аудитордук бирикмелердин бирдиктүү мамлекеттик реестринин “Ачык кызыкчылык субъекттеринин, ири ишкердик субъекттеринин аудитине жол берилген аудитордук уюмдардын реестринде” катталган.
Жеке каттоо номери 2101510, 2023-жылдын 9-августу

2026-жылдын 18-февралы,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНА КАРАТА ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ ЖӨНҮНДӨ ӨЗҮНЧӨ ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Эскертүүлөр | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | |
| Монетардык алтын | 6 | 563 086 315 | 278 261 231 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | 7 | 142 791 471 | 113 789 381 |
| Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | 8 | - | - |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 9 | 46 470 900 | 50 744 342 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 10 | 20 192 467 | 20 309 452 |
| Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар | 11 | 7 863 670 | 7 637 143 |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | 12 | 147 329 | - |
| Негизги каражаттар | 13 | 4 149 939 | 2 306 220 |
| Материалдык эмес активдер | | 159 739 | 59 696 |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар | 14 | 103 394 389 | 74 515 568 |
| Башка активдер | 15 | 2 059 375 | 2 513 717 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **890 315 594** | **550 136 750** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 16 | 300 778 298 | 240 424 733 |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | 17 | 196 050 859 | 128 319 507 |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары | 18 | 64 695 558 | 42 128 960 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 19 | 9 654 026 | 1 107 378 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 20 | 20 455 848 | 12 904 627 |
| Башка милдеттенмелер | 21 | 1 517 678 | 339 022 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **593 152 267** | **425 224 227** |
| **КАПИТАЛ** | | | |
| Уставдык капитал | 22 | 4 000 000 | 4 000 000 |
| Милдеттүү резерв | | 8 262 982 | 8 262 982 |
| Чет өлкө валютасын жана монетардык алтынды кайра баалоо боюнча резерв | | 224 127 664 | 67 121 351 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды кайра баалоо боюнча резерв | | 37 945 | (168 537) |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 60 734 736 | 45 696 727 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **297 163 327** | **124 912 523** |
| **Бардыгы болуп, милдеттенмелер жана капитал** | | **890 315 594** | **550 136 750** |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

125-209-беттердеги эскертүүлөр ушул өзүнчө финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ПАЙДА ЖЕ ЧЫГЫМ ЖӨНҮНДӨ ӨЗҮНЧӨ ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| Натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен эсептелген пайыздык кирешелер | 23 | 8 695 912 | 8 131 682 |
| Пайыздык чыгашалар | 23 | (4 733 177) | (7 512 859) |
| **Таза пайыздык киреше** | 23 | **3 962 735** | **618 823** |
| Комиссиялык кирешелер | | 216 082 | 158 065 |
| Комиссиялык чыгашалар | | (111 009) | (40 740) |
| **Таза комиссиялык киреше** | | **105 073** | **117 325** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервди калыбына келтирүү/(түзүү) | 24 | 888 615 | (209 626) |
| Чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган пайда | 25 | 44 207 372 | 9 648 194 |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган пайда | 26 | 14 072 330 | 37 322 952 |
| Ассоциацияланган уюмдун пайдасындагы үлүш | 11 | 400 505 | 251 142 |
| Башка кирешелер | 27 | 575 947 | 840 624 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **60 144 769** | **47 853 286** |
| **Операциялык кирешелер** | | **64 212 577** | **48 589 434** |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (533 666) | (599 663) |
| Административдик чыгашалар | 28 | (2 812 773) | (2 221 988) |
| Башка чыгашалар | 27 | (131 402) | (71 056) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(3 477 841)** | **(2 892 707)** |
| **Жыл ичиндеги пайда** | | **60 734 736** | **45 696 727** |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

125-209-беттердеги эскертүүлөр ушул өзүнчө финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ЖЫЙЫНДЫ КИРЕШЕ ЖӨНҮНДӨ ӨЗҮНЧӨ ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **Жыл ичиндеги пайда** | | **60 734 736** | **45 696 727** |
| **Белгилүү шарттарды аткарууда кийинки мезгилдердеги пайданын же чыгымдын курамына кайра классификацияланууга тийиш болгон башка жыйынды киреше** | | | |
| Чет өлкө валютасын жана монетардык алтынды кайра баалоо боюнча резерв: | | | |
| - чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана монетардык алтынды кайра баалоодон таза пайда | | 193 166 537 | 27 018 492 |
| - пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялардан реализацияланган таза пайда | 25 | (36 160 224) | (7 783 571) |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды кайра баалоо боюнча резерв: | | | |
| - башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардын адилет наркынын өзгөрүүсүнөн таза пайда | | 206 482 | 4 218 |
| - пайда же чыгымдын курамына которулган башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан реализацияланган таза пайда | | - | (10 484) |
| **Жыл ичиндеги башка жыйынды киреше** | | **157 212 795** | **19 228 655** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды киреше** | | **217 947 531** | **64 925 382** |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

125-209-беттердеги эскертүүлөр ушул өзүнчө финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ӨЗҮНЧӨ ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Алынган пайыздар | | 6 014 726 | 5 963 288 |
| Төлөнгөн пайыздар | | (4 658 598) | (7 804 858) |
| Алынган комиссиялык төлөмдөр | | 216 082 | 158 065 |
| Төлөнгөн комиссиялык төлөмдөр | | (111 009) | (40 740) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялардан акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү | 25 | 8 047 148 | 1 864 623 |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар менен операциялардан акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү | | 14 077 846 | 37 304 146 |
| Башка кирешелер | | 167 537 | 214 101 |
| Эмгек акы боюнча төлөмдөр | | (2 135 954) | (1 497 858) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (886 243) | (390 338) |
| Эмгек акы боюнча чыгашаларды эске албаганда, административдик жана башка чыгашалар | | (559 007) | (507 225) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | | **20 172 528** | **35 263 204** |
| **Операциялык активдердин (көбөйүшү)/азаюусу** | | | |
| Монетардык алтын | | (87 509 957) | (116 680 438) |
| Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар | | (10 271 420) | (11 277 137) |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | | 6 177 333 | (16 041 862) |
| Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | | 839 236 | - |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар | | (28 878 821) | 53 469 998 |
| Башка активдер | | (1 170 492) | (231 743) |
| **Операциялык милдеттенмелердин көбөйүшү/(азаюусу)** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | | 60 353 565 | 33 173 706 |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | | 67 720 966 | 69 358 013 |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары | | (16 349 994) | (9 731 171) |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | | 8 491 305 | (52 763 849) |
| Башка милдеттенмелер | | 1 173 295 | 19 067 |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кириши/(чыгышы)** | | **20 747 544** | **(15 442 212)** |

125-209-беттердеги эскертүүлөр ушул өзүнчө финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат .

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ӨЗҮНЧӨ ОТЧЁТ (УЛАНДЫСЫ)

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Туунду уюм түрүндө узак мөөнөттүү активди реализациялоо | 12 | - | 7 126 432 |
| Ассоциацияланган уюмдардын капиталындагы инвестициялардын көбөйүшү | 11 | (15 476) | - |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | | (322 407) | (292 425) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди реализациялоо | | - | 289 340 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардын ордун жабуудан түшүүлөр/(сатып алуу) | | 564 419 | (9 810 689) |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан алынган пайыздар | | 2 165 567 | 1 487 334 |
| Алынган дивиденддер | | 593 049 | 499 853 |
| **Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кириши/(чыгышы)** | | **2 985 152** | **(700 155)** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| **Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып кириши/(чыгышы)** | | **-** | **-** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүшү/(азаюусу)** | | **23 732 696** | **(16 142 367)** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | | 59 962 | (38 688) |
| Чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүшүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | | (6 128 039) | (5 076 536) |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 7 | 84 200 298 | 105 457 889 |
| **Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **7** | **101 864 917** | **84 200 298** |
| **Акчалай эмес операциялар** | | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен, ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелерди калыбына келтирүү | 20 | 6 689 864 | 3 202 303 |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

125-209-беттердеги эскертүүлөр ушул өзүнчө финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ӨЗҮНЧӨ ОТЧЁТ

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү резерв | Чет өлкө валютасын жана монетардык алтынды кайра баалоо боюнча резерв | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды кайра баалоо боюнча резерв | Бөлүштү-рүлбөгөн пайда | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2025-жылдын 1-январына карата калдык** | **4 000 000** | **8 262 982** | **67 121 351** | **(168 537)** | **45 696 727** | **124 912 523** |
| Жыл ичиндеги пайда | | | | | 60 734 736 | 60 734 736 |
| **Башка жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 206 482 | - | 206 482 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана монетардык алтынды кайра баалоодон таза пайда | - | - | 193 166 537 | - | - | 193 166 537 |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча таза реализацияланган пайда | - | - | (36 160 224) | - | - | (36 160 224) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **157 006 313** | **206 482** | **60 734 736** | **217 947 531** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын республикалык бюджетке бөлүштүрүү (22-эскертүү) | - | - | - | - | (45 696 727) | (45 696 727) |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | **-** | **-** | **-** | **-** | **(45 696 727)** | **(45 696 727)** |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **4 000 000** | **8 262 982** | **224 127 664** | **37 945** | **60 734 736** | **297 163 327** |

125-209-беттердеги эскертүүлөр ушул өзүнчө финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.



МАЗМУНУ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ӨЗҮНЧӨ ОТЧЁТ (УЛАНДЫСЫ)

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү резерв | Чет өлкө валютасын жана монетардык алтынды кайра баалоо боюнча резерв | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестицияларды кайра баалоо боюнча резерв | Бөлүштү-рүлбөгөн пайда | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2024-жылдын 1-январына карата калдык** | **4 000 000** | **8 262 982** | **47 886 430** | **(162 271)** | **12 436 056** | **72 423 197** |
| Жыл ичиндеги пайда | | | | | 45 696 727 | 45 696 727 |
| **Башка жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 4 218 | - | 4 218 |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардан реализацияланган таза пайда | - | - | - | (10 484) | - | (10 484) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана монетардык алтынды кайра баалоодон таза пайда | - | - | 27 018 492 | - | - | 27 018 492 |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операциялардан реализацияланган таза пайда | - | - | (7 783 571) | - | - | (7 783 571) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **19 234 921** | **(6 266)** | **45 696 727** | **64 925 382** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын республикалык бюджетке бөлүштүрүү (22-эскертүү) | - | - | - | - | (12 436 056) | (12 436 056) |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | **-** | **-** | **-** | **-** | **(12 436 056)** | **(12 436 056)** |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **4 000 000** | **8 262 982** | **67 121 351** | **(168 537)** | **45 696 727** | **124 912 523** |

**Тургунбаев М.Ж.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Абылгазиева А.Б.**
***Башкы бухгалтер***

2026-жылдын 18-февралы

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

125-209-беттердеги эскертүүлөр ушул өзүнчө финансылык отчёттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР**

*(миң сом)*

# 1 Негизги жоболор

## (а) Уюм жана анын негизги иши

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат, ал 1992-жылдын 12-декабрында “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аталышына ээ болгон. Улуттук банк 2022-жылы Улуттук банктын ишин жөнгө салган мыйзам актыларын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүү боюнча иштерди жүргүзгөн. 2022-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамын кабыл алган, бул Мыйзам 2022-жылдын 17-августунда күчүнө кирген жана учурда Улуттук банктын иши аталган мыйзамга ылайык жөнгө салынып келет.

Кыргыз Республикасында баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоо Улуттук банктын негизги иш максаты болуп саналат. Ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн Улуттук банкка мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасынын натыйжалуу, ишенимдүү жана коопсуз иштешине өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта резервдерин тескөө; мыйзамдарга ылайык коммерциялык банктарды жана финансы-кредит уюмдарын лицензиялоо, алардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө милдеттери жүктөлгөн. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин финансылык агенти катары иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Чүй пр. 168.

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча өлкө аймагында Улуттук банктын 5 областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 703 жана 718 адамды түзгөн.

Улуттук банк анын курамына төмөнкү уюмдар кирген топтун башкы компаниясы болуп саналат:

| | Добуш берүүчү акциялар пайызы (%) | | |
|---|---|---|---|
| **Аталышы** | **2025-жылдын 31-декабры** | **2024-жылдын 31-декабры** | **Ишкердик түрү** |
| “Кепилдик фонд” ачык акционердик коому | 91,22 | 91,22 | Гарантияларды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр |
| “Кыргыз инкассациясы” жабык акционердик коому | 100,00 | 100,00 | Баалуулуктарды ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

# 1 Негизги жоболор (уландысы)

## (а) Уюм жана анын негизги иши, уландысы

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк мурдагыдай эле “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК (мындан ары – “БПБ” ЖАК) ассоциацияланган уюмга салынган инвестицияларга ээ.

Улуттук банк 2025-жылдын төртүнчү чейрегинде туунду жана ассоциацияланган уюмдарды тескөө стратегиясын жүзөгө ашыруу максатында, “БПБ” ЖАКтын акционерлеринин 15 476 миң сом суммасындагы үлүшүн сатып алуу аркылуу “БПБ” ЖАКтын уставдык капиталындагы үлүшүн көбөйткөн. Акционерлердин үлүшүн сатып алуунун натыйжасында Улуттук банктын “БПБ” ЖАК ассоциацияланган уюмдун уставдык капиталындагы үлүшү 49,64 пайызды түзгөн (2024-жылдын 31-декабрына карата: 46,71 пайыз).

Ушул өзүнчө финансылык отчёт Улуттук банк Башкармасынын 2026-жылдын 18-февралындагы токтому менен бекитилген.

## (б) Операциялык чөйрө

Кыргыз Республикасы экономиканын чакан өлчөмдөгү ачык моделине ээ жана өзүнүн тарыхый калыптанган экономика түзүмүнөн улам өз ара региондор ортосунда тыгыз соода жүргүзүү мамилелерине интеграцияланган. Рыногу калыптанып жаткан өлкө катары Кыргыз Республикасынын экономикасы тышкы экономикалык конъюнктуранын, негизги соода өнөктөш өлкөлөрдөгү жагдайдын, дүйнөлүк азык-түлүк жана чийки зат рыноктордогу баа динамикасынын, дүйнөлүк финансы рынокторунун жана капитал рынокторунун өнүгүү тенденцияларынын ж.б. өзгөрүүлөрүнө дуушарланууда. Мунун натыйжасында, Кыргыз Республикасында финансылык-чарба иши ички факторлор менен катар эле, тышкы өзгөрүүлөрдүн таасирине жараша жүзөгө ашырылат.

Сунушталган өзүнчө финансылык отчётто Кыргыз Республикасында бизнес жүргүзүү шарттары Улуттук банктын ишине жана финансылык абалына кандай таасир тийгизип жатканына жетекчиликтин көз карашы чагылдырылган. Экономикада келечекте орун алышы ыктымал болгон шарттардын айкын таасири жетекчиликтин аларга баа берүүсүнөн айырмаланышы ыктымал.

# 2 Финансылык отчётту даярдоонун негизги принциптери жана эсепке алуу саясатындагы өзгөрүүлөр

## (а) Жалпы бөлүк

Бул өзүнчө финансылык отчёт Улуттук банктын өзүнчө финансылык абалын жана ишинин натыйжалуулугун Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык ишенимдүү берүү максатында жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын жоболорун эске алуу менен даярдалды.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 2 Финансылык отчётту даярдоонун негизги принциптери жана эсепке алуу саясатындагы өзгөрүүлөр (уландысы)

### (a) Жалпы бөлүк, уландысы

“Ишенимдүү берүү” концепциясы тандалган концепциянын талаптарына ылайык келүүнү билдирет, ошондой эле:

- финансылык отчётту ишенимдүү берүүнү камсыз кылуу жетекчиден маалыматты ушул концепцияда каралган көлөмгө караганда көбүрөөк көлөмдө ачып берүүнү талап кылышы мүмкүндүгүн түшүндүрөт, же;

- финансылык отчётту ишенимдүү берүүнү камсыз кылуу үчүн концепциянын талаптарынан жетекчинин четтөөсү талап кылынышы мүмкүндүгүн айкын формада тааныйт. Мындай четтөөлөр өзгөчө сейрек жагдайларда гана талап кылынышы мүмкүн деп болжолдонот.

Төмөнкүлөрдү эске албаганда, Улуттук банктын эсепке алуу саясаты Финансылык отчёттун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган Финансылык отчёттун эл аралык стандарттарына (мындан ары – ФОЭС) жана Эл аралык финансылык отчётту чечмелөө боюнча комитет (КРМФО) тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизделген:

- монетардык алтын рыноктук нарк боюнча кайра бааланат, ал эми эгерде монетардык алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди рыноктук нарк боюнча кайра баалоодон жалпы таза реализацияланбаган натыйжа пайда катары саналса, анда ал башка жыйынды киреше аркылуу таанылат. Эгерде монетардык алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди рыноктук нарк боюнча кайра баалоодон жалпы таза реализацияланбаган натыйжа чыгым катары саналса, анда ал пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто таанылат, буга мурда таанылган таза реализацияланбаган пайда эсептен чыгарылган учурлар кирбейт, мындай болбосо ал башка жыйынды киреше катары таанылат. Монетардык алтындын жана чет өлкө валютасындагы активдердин, милдеттенмелердин жыйынды позициясынын бөлүгүн таанууну токтотууда мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, аталган активдердин жана милдеттенмелердин колдонуудан калуусунун орточо алынган коэффициентин эске алуу менен пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто таанылат.

Бул өзүнчө финансылык отчёт – Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчёту.

Улуттук банктын туунду уюмдары бул өзүнчө финансылык отчётто консолидацияланбайт. Туунду уюмдарга инвестициялар нарксызданышынан кийин топтолгон чыгымдарды эсептен чыгаруу менен сатып алуу баасы боюнча эсепке алынат.

Улуттук банк, ошондой эле Улуттук банктын жана анын туунду уюмдарынын консолидацияланган финансылык отчётун даярдайт. Бул өзүнчө финансылык отчёт чыгарууга Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2026-жылдын 18-февралында бекитилген консолидацияланган финансылык отчёт менен чогуу каралууга тийиш.

Бул өзүнчө финансылык отчёт Улуттук банк жакынкы келечекте өз ишин улантат деген көз караштан улам даярдалган.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 2 Финансылык отчётту даярдоонун негизги принциптери жана эсепке алуу саясатындагы өзгөрүүлөр (уландысы)

### (б) Наркты аныктоо үчүн база

Бул өзүнчө финансылык отчёт 3 (а) эскертүүсүндө көрсөтүлгөндөй адилет наркы боюнча бааланган монетардык алтынды жана айрым финансылык инструменттерди эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принцибине ылайык даярдалган.

### (в) Функционалдык валюта жана өзүнчө финансылык отчёттун маалыматтарын чагылдырган валюта

Өзүнчө финансылык отчётко камтылган статьялар Улуттук банк анда иш алып барган баштапкы экономикалык чөйрөнүн валютасында өлчөнөт (мындан ары – “функционалдык валюта”). Улуттук банктын функционалдык валютасы болуп кыргыз сому саналат, ал Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы катары Улуттук банк жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана анын ишине байланыштуу башка жагдайлардын экономикалык маңызын толук чагылдырат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул өзүнчө финансылык отчёттун маалыматтарын чагылдырган валюта болуп эсептелет.

Финансылык маалымат сом түрүндө берилген жана миңге чейин тегеректелген.



## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору

### (а) Алтынды эсепке алуу

Улуттук банктын алтын түрүндө активдери “Монетардык алтын” жана “Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар” статьяларына бөлүнөт. Алтын түрүндө активдерди классификациялоо жана финансы рынокторунда алтын түрүндө активдерди сатып алуу жана сатуу боюнча операциялар тартиби Улуттук банк Башкармасынын чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат.

### *(i) Монетардык алтын*

Монетардык алтын чет өлкө банктарындагы эсептерде жайгашкан жана Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясынын good delivery стандартындагы алтын куймаларды түшүндүрөт. Монетардык алтын акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу жана эл аралык резервдерди тескөө максатында түзүлгөн алтын түрүндө активдердин кыйла ликвиддүү бөлүгү болуп саналат.

Монетардык алтын өзүнчө финансылык отчётто рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан мурунку отчёттук күнгө карата белгиленген кечки баанын негизинде аныкталат. Монетардык алтындын рыноктук наркын кайра баалоодон түшкөн пайда башка жыйынды кирешенин курамында түздөн-түз чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто капитал эсептериндеги башка жыйынды кирешенин курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Монетардык алтынга тиешелүү реализацияланган пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчётто эске алынат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (а) Алтынды эсепке алуу, уландысы

### *(ii) Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар*

Монетардык эмес алтын катары жалпы таанылган эл аралык стандарттарга ылайык келбеген стандарттуу эмес куймалар, ошондой эле пластина жана гранул түрүндө алтын эсептелет.

Алтын түрүндө запастар катары Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясынын good delivery сапатындагы эл аралык стандарттын талаптарына жооп берген алтын куймалар, алтын түрүндө запас түзүү максатында, кайра эритүү жана башка өндүрүштүк максаттарда, ошондой эле финансы рынокторунда сатуу үчүн сатып алынган, эл аралык сапат стандарттарынын мүнөздөмөлөрүнө ээ, бирок Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясынын сертификаты менен тастыкталбаган алтын куймалар саналат.

Эл аралык сапат стандарттарынын талаптарына жооп берген алтын куймалар катары алтын түрүндө запастар инвестициялык актив болуп саналган монетардык алтындын курамына кайра классификацияланышы мүмкүн. Кайра классификациялоодо алтын түрүндө запастар рыноктук наркы боюнча кайра бааланат жана кайра баалоо жыйынтыктары башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылат.

Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар ички баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү келечегинин алкагында Улуттук банктын запастарын түзүү үчүн каралган. Алар Улуттук банктын алтын түрүндө инвестициялык активдерине кирбейт жана Улуттук банктын активдүү депозиттик операцияларында колдонулбайт.

Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар запас болуп саналат жана алар сатып алуу наркынын жана мүмкүн болгон таза сатуу баасынын эң төмөнкүсү боюнча бааланат.

Монетардык эмес алтынды жана алтын түрүндө запастарды сатуу рыноктук нарк боюнча жүзөгө ашырылат жана активди контролдоого өткөн учурдан тартып, б.а. убада кылынган активди сатып алуучуга өткөрүп берүү аркылуу аткаруу милдети жүзөгө ашырылганда сатып алуучу активди өз каалоосу боюнча тескөө укугуна ээ болот жана сатып алуучу активди кабыл алуусуна таасирин тийгизиши мүмкүн болгон аткарылбаган милдеттенме жок учурда жүзөгө ашырылат жана таанылат. Убада кылынган активди көзөмөлдөөнү өткөрүп берүү учурун аныктоо үчүн активдер белгилүү бир жерге жеткирилгендигин, жоготуу тобокелдиктери жана пайда сатып алуучуга өткөндүгүн жана бардык кабыл алуу критерийлери аткарылгандыгынын объективдүү далилдери бар экендигин жана актив макулдашылган параметрлерге жооп бере тургандыгын да эске алуу зарыл.

Алтын түрүндө запастарга контролдун өтүшү сатуу боюнча бүтүм келишилген күнү ишке ашырылган катары эсептелет, мында активдин наркынын ордун толтуруу боюнча сатып алуучунун шартсыз дебитордук карызы таанылат, анткени мындай учурда ошол төлөмдү алуу убакыттын өтүшү менен гана шартталат.

### (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар

Чет өлкө валютасындагы операциялар Улуттук банктын функционалдык валютасына операциялар жүргүзүлгөн күнү колдонулган валюта курстары боюнча которулат. Отчёттук күнгө карата абал боюнча чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер, отчёттук күнгө карата колдонулган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

## (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар, уландысы

Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан түшкөн пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, натыйжалуу пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизацияланган нарк менен бир мезгил ичиндеги төлөөлөрдүн жана отчёттук мезгилдин акырына карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизацияланган нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт.

Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат.

Чет өлкө валютасындагы операциялардан улам реализацияланган пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто чагылдырылат.

***Алмашуу курстары***

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча өзүнчө финансылык отчётту даярдоодо Улуттук банк тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| АКШ доллары/сом | 87,4177 | 87,0000 |
| Евро/сом | 102,8688 | 90,5844 |
| Атайын карыз алышуу укугу/сом | 119,8900 | 113,4592 |
| Канада доллары/сом | 63,9399 | 60,4330 |
| Австралия доллары/сом | 58,6097 | 54,0962 |
| Англия фунт стерлинги/сом | 117,9888 | 108,9624 |
| Кытай юаны/сом | 12,5094 | 11,9189 |
| Орус рубли/сом | 1,1233 | 0,8292 |
| Алтындын трой унциясы/сом | 381 823,0301 | 226 991,7000 |

## (в) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчёттун максаттарында акча каражаттары жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын жана адилет наркынын олуттуу өзгөрүү тобокелдигине дуушар болбогон “ностро” түрүндөгү эсептерди камтыйт жана ал Улуттук банк тарабынан кыска мөөнөттүү милдеттенмелерди жөнгө салуу үчүн колдонулат.

Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар суммасынан алынып салынат.

## (г) Финансылык активдер

Финансылык активдер Улуттук банк келишим боюнча тиешелүү финансылык инструмент боюнча тарап катары иш алып барган шартта, Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө өзүнчө отчётунда чагылдырылат. Улуттук банк бүтүм келишилген күн боюнча финансылык активдерди сатып алуу жана сатуу утурумдук мүнөзгө ээ экендигин чагылдырат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

#### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү*

ФОЭСтин (IFRS) 9-стандарты колдонулуучу чөйрөгө кирген, эсепке алууда таанылган бардык финансылык активдер баштапкы таануудан кийин Улуттук банктын бизнес-моделине ылайык амортизацияланган же адилет наркы боюнча бааланууга тийиш, бул финансылык активдерди жана акча агымдары келишиминде каралган мүнөздөмөлөрдү башкаруу үчүн зарыл, мында чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы “ностро” эсептер жана “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын финансылык активдерин жана милдеттенмелерин классификациялоо жана финансылык активдер боюнча келип чыгышы ыктымал болгон кредиттик чыгымдарга резервди эсептөө жөнүндө” жобого ылайык классификацияланган башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар эске алынбайт.

Атап айтканда:

- анын максатынан болуп карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөө гана саналган, келишимдерде каралган акча агымдарын алуу максатын көздөгөн бизнес-моделдин алкагында кармалып туруучу карыздык инструменттер баштапкы таануудан кийин амортизацияланган наркы боюнча бааланат.
- анын максатынан болуп карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөө гана саналган, келишимдерде каралган акча агымдарын алуу сыяктуу эле, тиешелүү карыздык инструменттерди сатуу максатын да көздөгөн бизнес-моделдин алкагында кармалып туруучу карыздык инструменттер баштапкы таануудан кийин башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.
- бардык башка карыздык инструменттер (мисалы, адилет наркы боюнча бааланган же сатууга каралган карыздык инструменттер) жана үлүштүк инструменттерге салынган инвестициялар баштапкы таануудан кийин пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.

Мында финансылык активди баштапкы таануу учурунда Улуттук банк ар бир өзүнчө жагдайда жокко чыгарууга мүмкүн болбогон тандоону/классификациялоону жүзөгө ашырууга укуктуу. Атап айтканда:

- эгерде, мындай инвестициялар соода үчүн каралбаса жана бизнести бириктирүүдө сатып алуучу тарабынан таанылган жана ага карата ФОЭСтин (IFRS) 3-стандарты колдонулган шарттуу сый акы болуп саналбаса, анда Улуттук банк башка жыйынды кирешенин курамында үлүштүк инструменттерге инвестициялардын адилет наркынын кийинки өзгөрүүлөрүн берүү тууралуу акыркы чечим кабыл алууга укуктуу; ошондой эле
- эгерде, мындай карыздык инструмент башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча таануу үчүн критерийлерге ылайык келсе жана бул эсепке алуу жагында дал келбөөчүлүктү четтетип же кыйла азайткан шартта (“адилет наркы боюнча эсепке алуу опциясы”), Улуттук банк мындай карыздык инструментти пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориясына киргизүү жөнүндө акыркы чечим кабыл алышы мүмкүн.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

#### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы*

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер. Келишимде каралган акча агымдарын алуу үчүн активдерди кармап туруу жана финансылык активдерди сатуу боюнча бизнес-моделде финансылык активдерди тескөө келишиминде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууну көздөгөндөй эле, финансылык активдерди сатууну да максат кыла тургандыгы каралган. Аталган бизнес-моделдин алкагында финансылык активди сатуудан акча каражаттарын алуу артыкчылыктуу болуп саналат, бул “Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн активди кармап туруу” бизнес-моделине салыштырганда, активдердин тез сатылышы жана көлөмүнүн көптүгү менен мүнөздөлөт. Улуттук банктын өткөн мезгилдерде сатуу көлөмүнүн жоктугу же аздыгы, ошондой эле келечектеги күтүүлөр өзүнчө эмес, финансылык активдерди тескөөнүн белгиленген максатына жетишкендиги жана акча каражаттарынын агымдарынын ишке ашырылышы боюнча бирдиктүү, толук талдап-иликтөөнүн алкагында каралат жана жогоруда көрсөтүлгөн фактыны бул активдерди которуу шарты катары кайра классификациялоо критерийи деп кабыл алынбайт.

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдерге төмөнкү активдер кирет:

- чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы “ностро” эсептери (7-эскертүү);
- башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (9-эскертүү).

Чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы ностро эсептердеги калдыкты колдоого алуу ликвиддүүлүктү тескөө максатында жүзөгө ашырылат. Чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы ностро эсептерден төлөмдөр Улуттук банк өз функциясын аткаруусу үчүн күндөлүк операцияларды камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт.

Чет өлкөлүк мамлекеттик жана агенттик карыздык милдеттенмелерге, ошондой эле эл аралык финансылык уюмдардын карыздык баалуу кагаздарына инвестицияларды салуунун негизги максатынан болуп ликвиддүүлүктү жана эл аралык резервдин коопсуздугун камсыз кылуу саналат. Мамлекеттик жана агенттик карыздык милдеттенмелерге, ошондой эле эл аралык финансылык уюмдардын карыздык баалуу кагаздарына инвестициялар Улуттук банктын функцияларын аткаруу максатында финансы рынокторунда мөөнөтүнөн мурда сатылышы мүмкүн. Ошентип, бул статьялар бизнес моделинин чегинде кармалып турат, анын максаты келишимдик акча агымдарын алуу жана финансылык активдерди сатуу жолу менен ишке ашырылат, демек, башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркы ФОЭСтин (IFRS) “Адилет наркын баалоо” деп аталган 13-стандартына ылайык аныкталат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы*

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн адилет наркы боюнча пайдалар же чыгымдар буга чейин капиталдын курамында чагылдырылган топтолгон пайда же чыгым, пайда же чыгымдын курамына которулуп, активди таануу токтотулган учурга чейин башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылат.

Амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер. Келишимде каралган акча каражаттарынын агымын алуу үчүн активди кармап туруу боюнча бизнес-моделде, финансылык активдерди тескөө финансылык инструментти колдонуу мөөнөтү ичинде негизги сумманы жана пайыздарды төлөөлөрдү алуу аркылуу акча каражаттарынын агымын ишке ашыруу максатында жүргүзүлөт. Бул бизнес-моделдин алкагында финансылык активди ордун жабууга чейин кармап туруу артыкчылыктуу болуп саналат, бирок мөөнөтүнөн мурда ишке ашырууга тыюу салынган эмес.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган финансылык активдерге төмөнкү активдер кирет:

- чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер, эл аралык финансылык уюмдардагы мөөнөттүү депозиттер жана кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары (7-эскертүү);
- банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү);
- амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (10-эскертүү); жана
- дебитордук карыз (15-эскертүү).

Баштапкы баа берүүдөн кийин амортизацияланган наркы боюнча финансылык активдер күтүлүүчү кредиттик чыгымды алып салуу менен натыйжалуу пайыздык чен методу аркылуу бааланат.

**Кайра классификациялоо.** Улуттук банк ага ылайык тигил же башка финансылык активди кармап турган бизнес-модель өзгөргөн шартта, активдер кайра классификацияланат. Жаңы категорияга тиешелүү классификациялоого жана наркын баалоого карата талаптар Улуттук банктын финансылык активдеринин кайра классификацияланышына алып келген бизнес-моделдеги өзгөрүүлөр пайда болгондон кийин биринчи отчёттук мезгилдин биринчи күнүнөн тартып колдонулат. Келишимде каралган акча агымдарынын өзгөрүшү төмөндө келтирилген “Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу” бөлүгүндө келтирилген эсепке алуу саясатына ылайык талдап-иликтенет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

#### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды таанууга жалпы ыкма. Улуттук банк пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланбаган төмөнкү финансылык активдерге карата күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу резервдерди тааныйт:

- банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар (7-эскертүү);
- банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү);
- башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (9-эскертүү);
- амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (10-эскертүү);
- дебитордук карыз (15-эскертүү).

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар үлүштүк инструменттерге инвестициялар боюнча таанылбайт.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды (төмөндө өзүнчө каралган түзүлгөн же сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча чыгымдарды кошпогондо) баалануучу резерв аркылуу баалоо зарыл, анын өлчөмү төмөнкүлөргө барабар:

- кийинки 12 ай ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнө, б.а. финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичиндеги кредиттик чыгымдардын бөлүгүнө барабар, ал отчёттук күндөн кийинки (“биринчи стадия”) 12 ай ичинде келип чыгышы мүмкүн болгон инструмент боюнча милдеттенмелердин аткарылбай калышынан улам келип чыгуучу кредиттик чыгымдарды билдирет;
- финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнө барабар, алар бүтүндөй колдонуу мөөнөтү ичинде инструмент боюнча милдеттенмелер аткарылбай калган бардык учурлардын натыйжасында келип чыгат (“экинчи стадия” жана “үчүнчү стадия”).

Финансылык инструментти бүтүндөй колдонуу мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын толук өлчөмү көлөмүндө баалануучу резервди түзүү аны баштапкы таануу учурунан тартып инструмент боюнча кредиттик тобокелдик олуттуу жогорулаган учурда же болбосо финансылык инструмент дефолтко учураган шартта түзүү талап кылынат. Калган бардык учурларда күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча резервдер 12 ай чегинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын көлөмүнө барабар өлчөмдө түзүлөт.

Сатылып алынган же түзүлгөн кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча, Улуттук банк баштапкы таануу учурунан тартып активдин бардык колдонуу мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын бардык өзгөрүлгөн өлчөмдөрүн баалоо резерви катары тааныйт; мында бардык өзгөрүүлөр пайда же чыгым курамында таанылат. Күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмдөрү алгылыктуу динамикага ээ болгон учурда мындай активдер үчүн нарксыздануудан пайда таанылат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

#### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулат:

ECL = EAD * LGD * PD, мында

- ECL – күтүлүүчү кредиттик чыгымдар;
- EAD – тобокелдик алдындагы сумма;
- LGD – дефолт учурундагы жоготуулар;
- PD – дефолтко учуроо ыктымалдуулугу.

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоо фактысы аныкталган шартта, Улуттук банк нарксыздануу боюнча талаптарга туура келген бардык финансылык активдерге мониторинг жүргүзөт. Кредиттик тобокелдик олуттуу жогорулаган учурда Улуттук банк кийинки 12 ай ичинде гана эмес, инструменттин бүтүндөй мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнүн негизинде бааланууучу резервдин өлчөмүнө баа берет. Кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулаган финансылык активдерге карата “экинчи стадиядагы активдер” деген термин колдонулат.

Баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосуна баа берүүдө Улуттук банк отчёттук күнгө карата абал боюнча калган төлөө мөөнөтүнө жараша инструмент боюнча дефолтко учуроо тобокелдигин финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда калган төлөө мөөнөтү үчүн белгиленген отчёттук күнгө карата болжолдонгон дефолтко учуроо тобокелдигине салыштырат. Мындай баа берүүдө Улуттук банк өткөн мезгилдер үчүн жана болжолдонгон маалыматтарды кошо алганда, негизделген жана тастыкталган сандык жана сапаттык маалыматты эске алат, ал Улуттук банктын болжолдонгон маалыматтарын кошо алганда, тажрыйбасынын жана эксперттик баа берүүлөрүнүн негизинде өзүн актабаган сарптоолорсуз же аракеттерсиз алынышы мүмкүн.

Кредиттик нарксызданган финансылык активдер. Финансылык актив ал боюнча келечектеги акча агымдарынын эсептелишине терс таасирин тийгизүүчү бир же бир нече жагдайлар келип чыккан шартта, кредиттик нарксызданган финансылык актив болуп саналат. Кредиттик нарксызданган финансылык активдерге карата “үчүнчү стадиядагы активдер” деген термин колдонулат.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулоо критерийлери жана финансылык активдердин ар бир тобу боюнча кредиттин баасынын түшүүсү боюнча кеңири маалымат төмөндө келтирилген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

**Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Нарксыздануу белгилери Moody's Investors Service, Fitch Ratings, Standard & Poors, (мындан ары – тиешелүүлүгүнө жараша, Moody's, Fitch, S&P) эл аралык рейтингдик агенттиктердин, Улуттук банктын контрагенттеринин финансылык отчётторун жана алардын кредиттик тобокелдик деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берген башка маалыматты изилдөөнүн негизинде аныкталат.

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Бул активдердин кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулашынын белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- баштапкы таануудагы рейтингге салыштырганда жогоруда көрсөтүлгөн бир же андан көп рейтингдик агенттиктердин классификациясы боюнча контрагенттин узак мөөнөттүү рейтингинин Baa2 (BBB) рейтингинен төмөн деңгээлге начарлашы;
- Улуттук банктын контрагенттери боюнча лимиттерди аныктоо саясатына ылайык алар боюнча лимиттерди эсептөө учурунда контрагент-коммерциялык банкка белгиленген деңгээлден төмөн балл берилиши;
- контрагент катары менен 2 (эки) жыл же андан ашык мөөнөт ичинде жылдык таза чыгымга туш болсо;
- Улуттук банктын төлөм тапшырмаларына ылайык валюталык каражаттарды чегерүү боюнча милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтүнүн өтүп кетиши же негизги сумманын жана/же пайыздардын 3 (үч) күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнүшү;
- ири айып пулдар, соттук териштирүүлөр жөнүндө маалыматтар жана ишенимдүү булактардан алынган келечектеги отчёттук мезгил ичинде контрагенттин кредиттик тобокелдигинин деңгээлине таасирин тийгизүүчү башка терс маалыматтар.

<u>Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттардын кредиттик нарксызданышынын белгилери катары төмөнкүлөр эсептелет:</u>

- дефолт, б.а. контрагент өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгү жок болсо же андан баш тартса;
- милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү 30 күндөн өтүп кетсе;
- контрагент карызды реструктуризациялоону талап кылса;
- контрагентке бир же бир нече рейтингдик агенттик тарабынан D/Default, бир бөлүгү/айрымдары дефолтко учурагандыгы (RD/SD) рейтинги берилсе;
- ишенимдүү булактардан алгылыксыз, башкача маалымат түшсө, ал контрагенттин Улуттук банк менен түзүлгөн келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруусуна мүмкүндүк бербеген олуттуу финансылык кыйынчылыктар индикатору болуп саналат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

<u>Банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө.</u>

Ностро эсептер үчүн тобокелдик алдындагы сумма күндөлүк эсеп боюнча орточо жылдык калдыкка барабар (акыркы 12 ай ичиндеги ар бир айдын акырына карата эсептеги калдыктардын орточо мааниси катары эсептелген), ал Улуттук банктын отчёттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген.

Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер жана эл аралык финансылык уюмдардагы мөөнөттүү депозиттер үчүн тобокелдик алдындагы сумма Улуттук банктын отчёттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген активдер (негизги сумма жана пайыздар) боюнча келечекте келтирилүүчү келишимдик акча агымдарына барабар. Банктык жайгаштыруулар боюнча келишимдик акча агымдарын дисконттоого келтирүү коэффициенти катары финансылык актив боюнча натыйжалуу пайыздык чен саналат.

Дефолт учурундагы жоготуулар катары Улуттук банкка келишимге ылайык таандык боло турган акча агымдары менен Улуттук банк контрагент дефолтко учураган шартта алууну болжолдогон акча агымдары ортосундагы айырманын үлүшү саналат. Дефолт учурундагы жоготуулар нөлдөн 100 пайызга чейин өзгөрүп турат жана төмөнкү формула боюнча эсептелет:

LGD =100% - RR, мында

RR (калыбына келтирүү чени) – рейтингдик агенттиктердин маалыматына ылайык контрагент же инструмент дефолтко учураган шартта, акча каражаттарын кайтарып берүү үлүшүнүн көрсөткүчү.

Дефолтко (PD) учуроо ыктымалдуулугу катары дефолттун орточо кумулятивдик чендери пайдаланылат, алар Moody’s эл аралык рейтингдик агенттиги тарабынан жарыяланат жана жаңыртылып турат. Ал эми альтернатива катары S&P рейтингдик агенттиги берген ушул сыяктуу чендер пайдаланылат. Эгерде, контрагент Moody’s жана S&P агенттиктеринин рейтингине ээ болбосо, анда ага карата Fitch агенттигинин ушул сыяктуу рейтинги колдонулат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

**Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды баалоо**

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн кредиттик чыгымдардын кыйла жогорулашынын белгилеринен болуп бул эмитенттердин суверендүү рейтингинин баштапкы таанудагы рейтингге салыштырмалуу эл аралык рейтингдик агенттиктин шкаласы боюнча 2 (эки) же андан көбүрөөк деңгээлге төмөндөшү саналат.

<u>Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардын кредиттик нарксызданышынын белгилери катары төмөнкүлөр эсептелет:</u>

- дефолт, б.а. контрагент өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгү жок болсо же андан баш тартса;
- милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү 30 күндөн өтүп кетсе;
- контрагент карызды реструктуризациялоону талап кылса;
- контрагентке бир же бир нече рейтингдик агенттик тарабынан D/Default, бир бөлүгү/айрымдары дефолтко учурагандыгы (RD/SD) рейтинги берилсе;
- ишенимдүү булактардан алгылыксыз, башкача маалымат түшсө, ал контрагенттин Улуттук банк менен түзүлгөн келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруусуна мүмкүндүк бербеген олуттуу финансылык кыйынчылыктар индикатору болуп саналат.

<u>Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө</u>

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн тобокелдик алдындагы сумма Улуттук банктын отчёттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген активдер (негизги сумма жана пайыздар) боюнча келишимдик акча агымдарынын келтирилүүчү наркына барабар. Банктардагы эсептер жана депозиттер боюнча келишимдик акча агымдарын дисконттоо үчүн дисконттоо коэффициенти финансылык актив боюнча натыйжалуу пайыздык чен болуп саналат.

Дефолт учурундагы жоготуулар келишимге ылайык Улуттук банкка таандык боло турган акча агымдары менен Улуттук банк контрагент дефолтко учураган шартта алууну болжолдогон акча агымдары ортосундагы айырманын үлүшү болуп саналат. Дефолт учурундагы жоготуулар нөлдөн 100 пайызга чейин өзгөрүп турат жана төмөнкү формула боюнча эсептелет:

LGD =100% - RR, мында

RR (калыбына келтирүү чени) – рейтингдик агенттиктердин маалыматына ылайык контрагент же инструмент дефолтко учураган шартта, акча каражаттарын кайтарып берүү үлүшүнүн көрсөткүчү.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

#### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Дефолтко (PD) учуроо ыктымалдуулугу катары дефолттун орточо кумулятивдик чендери пайдаланылат, алар Moody's эл аралык рейтингдик агенттиги тарабынан жарыяланат жана жаңыртылып турат. Ал эми альтернатива катары S&P рейтингдик агенттиги берген ушул сыяктуу чендер пайдаланылат. Эгерде, контрагент Moody's жана S&P агенттиктеринин рейтингине ээ болбосо, анда ага карата Fitch агенттигинин ушул сыяктуу рейтинги колдонулат.

**Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды баалоо**

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингинин бир жыл ичинде (акыркы 12 ай ичинде) эл аралык рейтингдик агенттигинин шкаласы боюнча 2 (эки) жана андан жогору деңгээлге төмөндөшү амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулашынын белгиси болуп саналат.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялардын кредиттик нарксызданышынын белгиси катары төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, келишимдик милдеттенмелердин 30 күндөн ашык мөөнөткө аткарылбай калышы эсептелет.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн тобокелдик алдындагы сумма баалуу кагаздардын негизги суммасынын жана алар боюнча келечекте алынуучу пайыздар калдыгына келтирилген наркка барабар.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар үчүн дефолт учурунда жоготуулар көрсөткүчү Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингинин негизинде эсептелет.

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар боюнча дефолтко учуроо ыктымалдыгы катары Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингине дал келген дефолттун орточо алынган кумулятивдик чендери пайдаланылат.

**Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Кредитти баштапкы таануу учурунда ага дефолт келип чыгуу тобокелдигинин төмөн деңгээли ыйгарылат, б.а. берилген кредит биринчи стадияга кирет, мында акыркы инстанция кредитин жана банкка берилген, Улуттук банктын тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк системасына ылайык ишенимсиз катары аныкталган, ал боюнча дефолтко учуроо ыктымалдыгы 100 пайызга барабар катары белгиленген ликвиддүүлүктү колдоо кредити кирбейт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Эгерде, банктын же финансылык уюмдун отчёттук мезгил ичинде дефолтко учуроо ыктымалдыгы көрсөткүчү акыркы 60 ай ичинде Кыргыз Республикасынын бүтүндөй банк системасында дефолтко учуроо ыктымалдуулугунун 40 же 10 пайызына кирсе, анда бул факт банктын жана эл аралык уюмдун кредиттик тобокелдиги кыйла жогору катары бааланат.

Берилген кредиттин кредиттик нарксыздануу белгиси катары келишим милдеттенмелерин төмөнкү мөөнөттөрдө аткарбагандык болуп саналат:

- “овернайт” жана 7 күндүк кредит боюнча – төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, 1 (бир) күндөн ашык мөөнөткө;
- ишенимсиз банкка ликвиддүүлүгүн колдоого берилген кредитти эске албаганда, башка кредиттер боюнча – төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, 30 (отуз) күндөн ашык мөөнөткө.

Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө

Берилген кредиттер үчүн тобокелдик алдындагы сумма берилген кредиттин негизги суммасынын жана алар боюнча келечекте алынуучу пайыздардын калдыгынын келтирилген наркына барабар.

Берилген кредиттер үчүн дефолт учурундагы жоготуулар күрөөлүк камсыздоонун түзүмүнө жараша болот жана аларды эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулат:

$$LGD = \frac{EAD-[\sum_{i=1}^{n} Collateral_i*(1-Disc_factor_i)]}{EAD}$$, мында

EAD – тобокелдик алдындагы сумма;

$\text{Collateral}_i$ – күрөөлүк камсыздоонун белгилүү бир түрүнүн наркы;

$\text{Disc_factor}_i$ – күрөөлүк камсыздоонун белгилүү бир түрүнө ылайык келүүчү дисконт.

Берилген кредиттер үчүн дефолтко учуроо ыктымалдуулугу (PD) карыз алуучулардын финансылык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына жана кредит алган банктардын жана финансылык уюмдардын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына негизделген, адистештирилген моделдин негизинде эсептелет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

#### *(iii) Финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчётто күтүлгүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу резервди көрсөтүү*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу резерв финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчётто төмөнкүдөй көрсөтүлөт:

- амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн: активдердин дүң баланстык наркынан алып салынган катары;
- башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган карыздык инструменттер үчүн: күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу резерв инвестицияларды кайра баалоо боюнча резервдин курамында кайра баалоо суммасын таануу менен активдердин баланстык наркына киргизилет.

#### *(iv) Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу*

Финансылык активди баштапкы таануу күнү менен төлөө күнү ортосунда финансылык актив боюнча акча агымдарын жөнгө салуучу келишимдик шарттар кайра каралып чыкса же башка модификация жүрсө, финансылык актив модификацияланат. Модификация келишимде каралган акча агымдарынын суммасына жана/же мөөнөтүнө ошол эле убакыт ичинде же болбосо келечекте таасирин тийгизет.

Финансылык активдерди модификациялоодо Улуттук банк бул модификация активди таанууну токтотууга алып келерине баа берет. Модификациялоонун натыйжасында келишим шарттарында олуттуу айырмачылыктар келип чыкса, анда ал активди таанууну токтотууга алып келет. Өзгөртүлгөн шарттар баштапкы келишим шарттарынан олуттуу айырмалана тургандыгын аныктоо үчүн Улуттук банк сапаттык жана сандык факторлорду иликтеп чыгат. Эгерде келтирилген нарктын маанилери ортосунда айырма 10 пайыздан жогору болсо, Улуттук банк кайра каралган шарттар баштапкы шарттардан кыйла айырмаланат жана таанууну токтотууга алып келет деп эсептейт.

Улуттук банк модификацияланган финансылык активдер боюнча кредиттик тобокелдикти сапаттык жана сандык маалыматтарга баа берүү аркылуу контролдоп турат.

Активди таанууну токтотууга алып келбеген, финансылык активдин келишим шарттары өзгөргөн учурда Улуттук банк баштапкы таануу учурунан тартып мындай актив боюнча кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулагандыгын төмөнкүлөрдү салыштыруу менен аныктайт:

- баштапкы таанууда колдо болгон маалыматтардын жана баштапкы келишим шарттарынын негизинде бааланган, активдин калган колдонуудагы мөөнөтү ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугун; жана
- кайра каралган шарттарга жараша отчёттук күнгө карата абал боюнча активдин калган колдонуу мөөнөтү ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугун.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу,* уландысы

Улуттук банк тиешелүү келишим боюнча акча агымдарына укук токтотулган шартта гана (анын ичинде келишим шарттарынын олуттуу өзгөрүшүнө алып келүүчү модификациялоо натыйжасында) же финансылык актив жана активге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктер жана пайдалар башка тарапка өткөрүлүп берилген учурда, финансылык активди таанууну токтотот. Эгерде Улуттук банк активге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бербесе жана өзүндө сактабаса жана өткөрүп берилген активди контролдоону улантып жатса, анда ал бул активдеги жана ага байланыштуу милдеттенмедеги өз үлүшүн тиешелүү суммаларды төлөөгө мүмкүн болгон өлчөмдө чагылдырат. Эгерде Улуттук банк өткөрүлүп берилген финансылык активдерге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүндө калтырса, анда ал бул активди эсепке алуусун улантат, ал эми өткөрүп берүүдө алынган акча каражаттарын камсыздалган насыя түрүндө чагылдырат.

Эгерде Улуттук банк өздүк карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда ал финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчёттон алынып салынат жана милдеттенменин баланстык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруу ортосундагы айырма, милдеттенмени мөөнөтүнөн мурда төлөөдөн келип чыккан пайда же чыгым курамына кошулат.

Улуттук банк карызды өндүрүү боюнча бардык чаралар кабыл алынгандан кийин ишенимсиз катары бааланган активдерди эсептен алып салат.

### (д) Финансылык эмес активдердин нарксызданышы

Башка финансылык эмес активдер ар бир отчёттук күнгө карата абал боюнча нарксыздануу белгилеринин болушу боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин ордун толтуруу наркы катары сатуу боюнча чыгашалар жана пайдалануудан алынган баалуулуктар эсептен алынгандан кийинки адилет нарктын эң эле жогору өлчөмү саналат. Пайдалануудан баалуулукту аныктоодо келечекте алуу болжолдонгон акча каражаттарынын агымы салык салууга чейинки дисконттоо ченин пайдалануу менен ошол учурга карата келтирилген алардын наркына карата дисконттолуп, алар акчанын убактылуу наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Акча каражаттарынын агылып киришин шарттабаган, башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон активдердин орду толтурулуучу наркы, актив аларга таандык болгон, акча каражаттарын топтогон активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын топтогон активдер тобунун баланстык наркы анын орду толтурулуучу наркынан ашса, нарксыздануудан чыгым таанылат.

Финансылык эмес активдердин нарксызданышынан келип чыккан бардык чыгымдар пайда же чыгым курамында чагылдырылат жана орду жабылуучу наркты аныктоодо колдонулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр болгондо гана калыбына келтирилүүгө тийиш. Активдердин нарксызданышынан келип чыккан кандай болбосун чыгым, активдин баланстык наркы мындай баланстык нарктан ашпаган (амортизацияны жана эскиргендерди алып салуу менен), нарксыздануудан келип чыккан чыгым өзүнчө финансылык отчётто чагылдырылбаган шартта түптөлө турган көлөмдө калыбына келтирилүүгө тийиш.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (e) Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар

Туунду уюмдарга инвестициялар нарксыздануудан келип чыккан чыгымды эсептен чыгаруу менен баштапкы наркы боюнча эсепке алынат.

Улуттук банктын ассоциацияланган уюмдарга инвестициялары үлүштүк катышуу ыкмасы боюнча эсепке алынат, ага ылайык инвестициялар баштапкы таануу учурунда өздүк наркы боюнча бааланат, андан соң алардын наркы инвестордун инвестициялоо объектилеринин таза активдериндеги үлүшүн сатып алуудан кийинки өзгөрүүсүн эске алуу менен корректировкаланат. Инвестордун пайдасына же чыгымына анын инвестиция объектиси боюнча пайдасында же чыгымында камтылат, ал эми инвестордун башка жыйынды кирешеси анын инвестиция объектисинин башка жыйынды кирешесиндеги үлүшүн камтыйт.

Пайданы бөлүштүрүүнүн натыйжасында инвестиция объектисинен алынган дивиденддер инвестициянын баланстык наркын азайтат.

Улуттук банк инвестициялар объектинин чыгымындагы жыйынды үлүшү анын инвестиция объектисинин чыгымындагы үлүшүнө барабар же арткан учурда, кошумча чыгашалардагы өз үлүшүн таанууну токтотот.

***Туунду уюмдарга инвестициялардын нарксызданышына каралган резервди эсептөө***

Улуттук банк ар бир отчёттук мезгилдин акырына карата туунду уюмга инвестициялардын нарксыздануусунун кандайдыр бир белгилери жоктугун аныктоого тийиш. Кандай болбосун мындай белги аныкталган учурда Улуттук банк туунду уюмга инвестициялардын ордун толтуруу суммасын баалайт.

Туунду уюмга инвестициялардын ордун толтуруу наркы эсептен чыгарууга сарптоолорду жана пайдалануудан баалуулукту эсептен чыгаруудан кийин адилет наркы менен бул өлчөмдөрдүн кайсынысы жогору болгондугуна жараша (эсептен чыгарууга сарптоолорду эсептен чыгаруудан кийин адилет наркы жана пайдалануудан баалуулук) аныкталат. Эгерде акча каражаттарын топтогон активдин баланстык наркы анын ордун толтуруу суммасынан жогору болсо, актив нарксызданган катары эсептелинип, ал орду толтурулуучу сумма чегинде эсептен чыгарылат.

Улуттук банк нарксыздануу суммасын кеңири пландарга жана болжолдуу эсептөөлөргө жараша аныктайт, алар акча каражаттарын топтогон ар бир бирдик боюнча өз-өзүнчө даярдалат, ага айрым активдер кирет. Болжолдуу эсептөөлөр пландык көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен он жылга түзүлөт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (е) Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар, уландысы

Туунду уюмга инвестициялардын нарксызданышынан келип чыккан чыгымдар пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто таанылат. Ар бир отчёттук күнгө карата Улуттук банк гудвиллди эске албаганда, инвестициялардын нарксызданышынан улам мурда таанылган чыгымдар жоктугу же азайгандыгы белгилери бар же жогун аныктайт. Эгерде мындай белги аныкталса, Улуттук банк инвестициялардын орду толтурулуучу суммасын эсептеп чыгат. Нарксызданышынан улам мурда таанылган чыгымдар инвестициялардын ордун толтуруу суммасы нарксызданышынан улам чыгым акыркы жолу таанылган убактан тартып пайдаланылган жол берүүлөрдө өзгөрүүлөр орун алган шартта гана калыбына келтирилет. Калыбына келтирүү суммалары, инвестициянын баланстык наркы анын ордун толтуруу суммасынан ашпагандай, ошондой эле мурдагы жылдар ичинде нарксызданышынан улам келип чыккан чыгым таанылбаган учурда, ал боюнча мындай инвестиция таанылa турган баланстык нарктан ашпай турган өлчөмдө чектелген. Наркты мындай калыбына келтирүү пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто таанылат.

### (ж) Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер

Узак мөөнөттүү активдер жана колдонуудан калган активдер тобу, эгерде алардын баланстык наркы, негизинен, өндүрүштүк иште пайдалануу процессинде эмес, сатуу учурунда орду жабылса, анда сатуу үчүн каралган катары классификацияланат. Эгерде, актив (же колдонуудан калуучу топ) мындай активдерди (же колдонуудан калуучу топту) сатуунун адаттагы, типтүү болуп саналган шарттарында гана аны учурдагы абалында тез арада сатуу үчүн жеткиликтүү болсо, анда аталган шарт аткарылган катары саналат, ошол эле учурда активди сатуу ыктымалдуулугу жогору деңгээлде болууга жана аны сатуу үчүн каралган катары классификацияланган учурдан тартып бир жыл ичинде сатылып өткөрүлүүгө тийиш.

### (з) Негизги каражаттар

Негизги каражаттардын объектилери нарксыздануудан келип чыккан чыгымдарды жана топтолгон амортизацияны алып салуу менен баштапкы наркы боюнча өзүнчө финансылык отчётто чагылдырылат. Эгерде, негизги каражаттардын объектилери ар башка пайдалуу колдонуу мөөнөтүнө ээ бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

Негизги каражаттар боюнча амортизация аларды пайдалуу колдонуу болжолдонгон мөөнөт ичинде эскилиги жеткендиги боюнча бирдей ченемде чегерүү методу боюнча чегерилет жана пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат. Амортизация объект сатылып алынган күндөн тартып чегерилет, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттардын объектилери үчүн аны куруу иштери аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда чегерилет. Жер тилкелери боюнча амортизация чегерилбейт. Негизги каражаттардын ар кандай объектилерин пайдалуу колдонуу мөөнөттөрү төмөндө келтирилген:

| | |
|---|---|
| Имараттар | 75 жыл |
| Курулмалар | 20 жыл |
| Эмерек жана жабдуулар | 7 жыл |
| Компьютердик жабдуулар | 7 жыл |
| Транспорт каражаттары | 7 жыл |
| Аймакты ыңгайлаштыруу | 10 жыл |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (и) Материалдык эмес активдер

Сатылып алынган материалдык эмес активдер өзүнчө финансылык отчётто, топтолгон амортизациянын жана нарксызданууда келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептен алып салгандан кийин айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайын программалык камсыздоолорго лицензияларды сатып алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында эске алынат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация аларды пайдалуу колдонуу болжолдонгон мөөнөтү ичинде эскилиги жеткенди бирдей чегерүү методу боюнча эсептелет жана пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдерди пайдалуу колдонуу мөөнөтү 5 жылдан ашпаган мөөнөттү түзөт.

### (к) Финансылык милдеттенмелер

Финансылык милдеттенмелер Улуттук банк келишим боюнча тиешелүү финансылык инструментке карата тарап болуп саналган учурда Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө өзүнчө отчётто чагылдырылат. Улуттук банк бүтүм келишилген күн боюнча финансылык милдеттенмелерди сатып алуу жана сатуунун утурумдук мүнөзүн чагылдырат.

Улуттук банктын бардык финансылык милдеттенмелери амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат.

Улуттук банк финансылык милдеттенмелердин орду жабылган, жокко чыгарылган же алар боюнча талап кылуу мөөнөтү бүткөн учурда гана аларды таанууну токтотот. Таануу токтотулган финансылык милдеттенмелердин баланстык наркы менен төлөнгөн же төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун ортосундагы айырма пайданын же чыгымдын курамында таанылат.

Улуттук банк менен кредитор ортосунда карыздык инструменттерди кыйла айырмаланган шарттар менен алмашуу баштапкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алынат. Улуттук банк учурдагы финансылык милдеттенменин же анын бөлүгүнүн шарттарынын олуттуу өзгөрүүсүн баштапкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алат. Улуттук банк, эгерде баштапкы натыйжалуу пайыздык чен боюнча дисконттолуп алынган комиссиялык сый акыны эсептен алып салуу менен комиссиялык сый акыны төлөөнү кошо алганда, жаңы шарттарга ылайык акча агымдарынын дисконттолуп келтирилген наркы баштапкы финансылык милдеттенме боюнча калган акча агымдарынын дисконттолуп келтирилген наркынан кеминде 10 пайызга айырмаланса, шарттар олуттуу айырмаланат деген жол берүүлөргө таянат. Эгерде модификация олуттуу болбосо, анда алардын: (1) милдеттенменин модификациялоого чейинки баланстык наркы; жана (2) модификациялоодон кийин акча агымдарынын келтирилген наркынын ортосундагы айырма башка пайда же чыгымдын курамында модификациялоодон кийинки киреше же чыгым катары пайдаларда же чыгымдарда таанылууга тийиш.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*



## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (л) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчётто номиналдык наркы боюнча эсепке алынат. Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар милдеттенмелер катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса жайларында жайгашкан улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын курамына кирбейт.

Жүгүртүүгө чыгарылбаган банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен сарптоолор, алар жүгүртүүгө чыгарылганга чейин башка активдер курамында эсепке алынат.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто өзүнчө статья катары чагылдырылат.

### (м) Уставдык капитал жана резервдер

Улуттук банк уставдык капиталдын белгиленген суммасына ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Улуттук банктын уставдык капиталы баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү резерв пайданын Мыйзамда белгиленген бөлүгү же толугу менен республикалык бюджетке чегерилгенден кийин таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү резерв баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

### (н) Салык салуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Улуттук банк пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Бюджетке Улуттук банк тарабынан жүзөгө ашырылган ишке чегерилүүчү бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык ишке ашырылат. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

### (о) Кирешелердин жана чыгашалардын таанылышы

Комиссиялык кирешелер жана чыгашалар, ошондой эле башка кирешелер жана чыгашалар тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча баалангандар катары классификациялангандарды эске албаганда, бардык финансылык инструменттер боюнча пайыздык кирешелер жана чыгашалар натыйжалуу пайыздык чен методун колдонуу менен пайдалар же чыгымдар эсептеринде “Таза пайыздык киреше” курамында “Пайыздык кирешелер” жана “Пайыздык чыгашалар” катары чагылдырылат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча баалангандар категориясындагы финансылык инструменттер боюнча пайыздар отчёттук мезгил ичиндеги адилет наркы боюнча өзгөрүүлөрдүн курамында камтылат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору (уландысы)

### (о) Кирешелердин жана чыгашалардын таанылышы, уландысы

Натыйжалуу пайыздык чен – бул, финансылык инструмент боюнча келечекте эсептелүүчү акча агымдарын финансылык активдин же милдеттенменин күтүлүп жаткан колдонуу мөөнөтү ичинде же кыйла кыска мөөнөт ичинде (эгерде колдонулса) таза балaнстык наркынын өлчөмүнө чейин дисконттоо чени. Келечектеги акча агымдары инструменттин бардык келишим шарттарын эске алуу менен бааланат.

Натыйжалуу пайыздык чендин ажырагыс бөлүгү болуп саналган жана насыя жөнүндө тигил же бул келишүүлөргө түздөн-түз тиешеси бар бардык сый акылар, тараптар төлөгөн жана алган суммалар, ошондой эле бүтүм боюнча сарптоолор жана бардык башка сый акылар же жеңилдиктер эсепке алынат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча баалангандар категориясындагы финансылык активдер үчүн бүтүм боюнча сарптоолор баштапкы таануу учурунда пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Пайыздык кирешелер/пайыздык чыгашалар кредиттик нарксызданбаган болуп саналган (башкача айтканда, финансылык активдин амортизацияланган наркын күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууачу резервдин өлчөмүнө корректировкалаганга чейин) финансылык активдердин дүң балaнстык наркына же финансылык милдеттенмелердин амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ченди пайдалануу аркылуу эсептелет.

Кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча пайыздык кирешелер мындай активдердин (б.а. күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууачу резервди эсептен алып салуу менен алардын дүң балaнстык наркын) амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ченди колдонуу аркылуу эсептелет. Түзүлгөн же сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер үчүн (POCI) натыйжалуу пайыздык чен финансылык активден келечекте күтүлүүчү акча агымдарын аныктоо учурунда күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүн чагылдырат.

### (п) Фидуциардык активдер

Улуттук банк үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан улам агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо бул активдерди жана аларга байланыштуу кирешелерди өзүнчө финансылык отчёттон алып салат, себеби бул активдер Улуттук банктын активдери болуп саналбайт.

### (р) Өз ара чегеришүү

Финансылык активдер жана милдеттенмелер өз ара чегерилет жана финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчётто, чагылдырылган суммаларды өз ара чегеришүү боюнча юридикалык жактан бекитилген укук, ошондой эле же өз ара чегеришүү же болбосо бир учурда активди сатуу жана милдеттенмени аткаруу ниети болгон учурларда гана таза өлчөм чагылдырылат. Чегерүүнү ишке ашыруу укугу келечекте орун алышы мүмкүн болгон жагдайдан көз каранды болбоого жана юридикалык жактан бардык төмөндө келтирилген жагдайлардан корголууга тийиш:

- адаттагы иштин жүрүшүндө;
- дефолт учурунда; жана
- уюмдун, же контрагенттердин биринин кудуретсиздиги же банкроттугу учурунда.

ФОЭСке ылайык уруксат берилген учурлардан тышкары, кирешелер жана чыгашалар пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчётто өз ара чегерилбейт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 4 Жаңы жана кайра каралган стандарттарды колдонуу

Улуттук банк өзүнчө финансылык отчётту даярдоодо 2025-жылдын 1-январынан башталган жылдык отчёттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген жана өз ишинде колдонгон төмөнкү жаңы жана кайра каралган стандарттарды кабыл алган:

- ФОЭСтин (IFRS) “Валюта курстарынын өзгөрүшүнүн таасири” деп аталган 21-стандартына түзөтүүлөр (валюталарды алмаштыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу), валютанын алмаштырыла тургандыгын баалоо тартибин тактайт, ошондой эле валютаны алмаштыруу мүмкүн болбогон же олуттуу чектелген учурларда алмашуу курсун аныктоо жана маалыматты ачыктоо талаптарын белгилейт. Бул түзөтүүлөр чет өлкө валютасында туюндурулган операцияларды жана калдыктарды ырааттуу жана ачык чагылдырууга багытталган.

Мындай түзөтүүлөр Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчётуна олуттуу таасирин тийгизген эмес.

***Жаңы стандарттар, колдонуудагы стандарттарга жана түшүндүрмөлөргө карата оңдоолор жана түшүндүрмөлөр***

Төмөндө чыгарылган, бирок Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчёту жарыяланган күнгө карата күчүнө кире элек жаңы стандарттар, түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр келтирилет.

- ФОЭСтин (IFRS) “Финансылык инструменттер” деп аталган 9 жана ФОЭСтин (IFRS) “Финансылык инструменттер: маалыматты ачып берүү” деп аталган 7-стандарттарына түзөтүүлөрдө, айрыкча бизнес-моделдер жана акча агымдары бөлүгүндө финансылык активдерди кайра классификациялоо, баалоо жана маалыматты ачып көрсөтүү каралган жана негизинен ФОЭСтин (IFRS) “Финансылык инструменттер” деп аталган 9-стандартын колдонууга жана ФОЭСтин (IFRS) “Финансылык инструменттер: маалыматты ачып берүү” деп аталган 7-стандартынын шайкештикти камсыз кылуу жана сапаттуу, ачык-айкын эсепке алууга багыттаган бүтүмдөрдүн ачык экономикалык мазмунун чагылдыруу максатында тобокелдиктер жөнүндө маалыматын ачып көрсөтүүгө карата талаптарын корректировкалоого тиешелүү.
- ФОЭСтин (IFRS) “Финансылык инструменттер” деп аталган 9 жана ФОЭСтин (IFRS) “Финансылык инструменттер: маалыматты ачып берүү” деп аталган 7-стандартына карата “Жаратылыш булактарынан алынган электр энергиясын берүү келишимдери” түзөтүүлөрү, алар жаратылыш булактарынан алынган электр энергиясын берүү келишимдеринин мазмунун түшүндүрөт, ФОЭСтин (IFRS) “Финансылык инструменттер” деп аталган 9-стандартына “жеке муктаждыктары үчүн колдонуу” талаптарын пайдалануу тартибин тактайт, ошондой эле хеджирлөө боюнча эсепке алуу талаптарына өзгөртүүлөрдү киргизет, анын ичинде хеджирленүүчү статья катары күтүлгөн операциялардын өзгөрүлмө номиналдык көлөмүн аныктоого уруксат берет, ал жаратылыш булагынан өндүрүүнүн күтүлгөн өзгөрүлмө көлөмүнө дал келет. Түзөтүүлөр 2026-жылдын 1-январынан же кийинчерээк башталган жылдык отчёттук мезгилдер үчүн колдонулат; мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 4 Жаңы жана кайра каралган стандарттарды колдонуу (уландысы)

- ФОЭСтин бухгалтердик эсепке алуунун стандарттарын жыл сайын өркүндөтүү боюнча 11-чыгарылышы, анда ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык отчёттуулуктун эл аралык стандарттарынын биринчи колдонулушу" деп аталган 1-стандартына, ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер: маалыматты ачып берүү" деп аталган 7-стандартына, ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9-стандартына, ФОЭСтин (IFRS) "Консолидацияланган финансылык отчёт" деп аталган 10-стандартына жана ФОЭСтин (IAS) "Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчёт" деп аталган 7-стандартына карата бир катар тактоолор камтылган. Бул тактоолор түшүнүксүз жагдайларды четтетүүгө жана стандарттардын бирдей колдонулушун камсыз кылууга багытталган. Стандарттар 2026-жылдын 1-январынан же кийинчерээк башталган жылдык отчёттук мезгилдер үчүн колдонулат.
- ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык отчёттуулуктагы маалыматтарды берүү жана ачып берүү" деп аталган 18-стандарты, ал ФОЭСтин (IAS) "Финансылык отчётту берүү" деп аталган 1-стандартын алмаштырат жана анда отчёттун түзүмүнө карата жаңы талаптар, кирешелердин жана чыгашалардын классификациясы, ошондой эле маалыматты ачып берүү боюнча кеңейтилген талаптар камтылат. Стандарт 2026-жылдын 1-январынан же кийинчерээк башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонулат.
- ФОЭСтин (IFRS) "Коомдук жоопкерчиликсиз туунду ишканалар: маалыматты ачып берүү" деп аталган 19-стандартын колдонууга киргизүү. Бул стандартка ылайык, белгилүү бир критерийлерге жооп берген туунду уюмдар финансылык отчёттогу маалыматты ачып берүүнүн жөнөкөйлөтүлгөн талаптарын колдоно алышат. 2027-жылдын 1-январынан же кийинчерээк башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонулат.

Стандарттар күчүнө кирген күндөн тартып колдонула турган болсо, Улуттук банк бул стандарттарды, түзөтүүлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү колдонууну көздөйт.

## 5 Баа берүүдөгү олуттуу жол берүүлөр жана белгисиздикти шарттаган булактар

Улуттук банктын эсепке алуу саясатын колдонуу процессинде жетекчилик башка булактардан алуу мүмкүн болбогон активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркы боюнча божомолдоолорду, баа берүүлөрдү жана жол берүүлөрдү сунуштоого тийиш. Баа берилген маани жана анын негизин түзгөн жол берүүлөр мурдагы тажрыйбадан жана башка факторлордон улам түптөлөт, алар белгилүү бир учурларда орундуу болуп саналат. Айкын натыйжалар баа берүүнүн маалыматтарынан айырмаланышы мүмкүн.

Баа берүүлөр жана ага байланыштуу жол берүүлөр дайыма кайра каралып турат. Баа берүүлөрдөгү өзгөрүүлөр, эгер алар ушул мезгил ичинде эле таасирин тийгизсе, баа берүү кайра каралган мезгилде, же өзгөрүүлөр учурдагы сыяктуу эле, келечектеги мезгилге да таасирин тийгизе турган болсо, баа берүү кайра каралган мезгилде жана келечектеги мезгилдерде да чагылдырылат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 5 Баа берүүдөгү олуттуу жол берүүлөр жана белгисиздикти шарттаган булактар (уландысы)

### Олуттуу жол берүүлөр

***Финансылык активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдар***

ФОЭСтин (IFRS) 9-стандартына ылайык финансылык активдердин бардык категориялары боюнча чыгымдарды баалоо пикирди колдонууну талап кылат, атап айтканда, күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды аныктоо учурунда жана кредиттик тобокелдиктин олуттуу көбөйүшүн баалоо учурунда келечектеги акча агымдарынын келип чыгуу көлөмүн жана мөөнөтүн жана камсыз кылуу наркын баалоо зарыл. Мындай эсептөө баалары бир катар факторлордон көз каранды болот, аларды өзгөртүү күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын баа берүү резервдеринин ар кандай суммаларына алып келиши мүмкүн. Улуттук банктын күтүлүүчү кредиттик чыгымдарын эсептөөлөр өзгөрүлмө баштапкы маалыматтарды жана алардын өз ара көз карандыларды тандоо боюнча бир катар жол берүүлөрдү камтыган татаал моделдердин жыйынтыгы болуп саналат. Пикирлер жана эсептөө баа берүүлөрү деп эсептелген күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө моделдеринин элементтерине төмөнкүлөр кирет:

- Дефолт ыктымалдыгын аныктоо үчүн (PD) Улуттук банк тарабынан колдонулуучу ички кредиттик рейтингди ыйгаруу системасы;
- Улуттук банк тарабынан кредиттик тобокелдиктин олуттуу көбөйгөндүгүн баалоо үчүн колдонулуучу критерийлер, анын натыйжасында финансылык активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдар бүтүндөй мөөнөт ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдар менен бирдей суммада бааланууга жана сапаттуу баа берилиши зарыл;
- Ар кандай формулаларды жана баштапкы маалыматтарды тандоону кошо алганда, күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө моделдерин иштеп чыгуу;
- Макроэкономикалык сценарийлер жана экономикалык маалыматтар ортосундагы өз ара байланыштарды, ошондой эле дефолтко учуроо ыктымалдыгынын көрсөткүчтөрүнө (PD), дефолттун тобокелдикке дуушарлануу көлөмүнө (EAD) жана дефолтко учуроодо жоготууларга (LGD) таасирин аныктоо; жана
- Болжолдуу макроэкономикалык сценарийлерди тандоо жана күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү моделдери үчүн экономикалык баштапкы маалыматтарды алуу үчүн ыктымалдуулукту эске алуу менен аларга баа берүү.

Толук маалымат 24, 29-эскертүүлөрдө берилген.

***Туунду уюмдарга инвестициялардын нарксызданышына каралган резервди эсептөө***

Улуттук банк беш жылдан ашык убакыт аралыгындагы финансылык бюджеттер/болжолдоолор боюнча маалыматтарга негизделген акча каражаттарынын агымдары боюнча болжолдоолорду колдонот.

Беш жылдан ашык убакыт аралыгындагы акча каражаттарынын агымы акыркы жылдар ичинде өсүш арымынын туруктуу көрсөткүчүн колдонуу менен финансылык бюджеттер/болжолдоолор боюнча маалыматтарга негизделген акча каражаттарынын агымын болжолдоолорду экстраполяциялоо жолу менен болжолдонот.

## 5 Баа берүүдөгү олуттуу жол берүүлөр жана белгисиздикти шарттаган булактар (уландысы)

Туунду уюмга инвестицияларды колдонуудан баалуулуктарды аныктоодо, акча каражаттарынын болжолдонгон келечектеги агымдары дисконттоо ченин колдонуу менен алардын ошол учурдагы наркына дисконттолот, ал акчанын убактылуу наркына жана бул активге мүнөздүү тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баасын чагылдырат.

## 6 Монетардык алтын

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Монетардык алтын** | | |
| Чет өлкө банктарындагы эсептердеги жана куйма түрүндөгү алтын | 563 086 315 | 278 261 231 |
| | **563 086 315** | **278 261 231** |

Чет өлкө банктарындагы эсептердеги жана куйма түрүндөгү алтын Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык келет.

**Алтындын чет өлкө банктарындагы депозиттерде концентрацияланышы**

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк Fitch Ratings Inc. (мындан ары – Fitch) эл аралык агенттиги тарабынан ыйгарылган А+ деңгээлиндеги кредиттик рейтинг менен чет өлкө банктарындагы эсептериндеги алтынга ээ.

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын өздүк капиталынын 10 пайызынан ашкан чет өлкө банктарындагы эсептериндеги алтын калдыгына ээ.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 7 Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы эсептер жана депозиттер** | | |
| **Чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 2 683 771 | 1 669 420 |
| - А дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 31 987 534 | 25 422 772 |
| - ВВ- дан BBBга чейинки кредиттик рейтинги менен | 30 880 | 28 443 |
| - кредиттик рейтинг ыйгарылбаган | 2 459 520 | 1 469 881 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери** | **37 161 705** | **28 590 516** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (149 013) | (208 986) |
| | **37 012 692** | **28 381 530** |
| **Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - АА- дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 16 127 319 | 18 029 000 |
| - А- дан А+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 24 800 376 | 11 560 421 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | **40 927 695** | **29 589 421** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (1 141) | (338) |
| | **40 926 554** | **29 589 083** |
| **Эл аралык финансылык уюмдардагы эсептер жана депозиттер** | | |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсеп | 23 475 140 | 18 239 947 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | 20 787 867 | 17 093 868 |
| **Жыйынтыгында, эл аралык финансылык уюмдардагы эсептер жана депозиттер** | **44 263 007** | **35 333 815** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (41) | (30) |
| | **44 262 966** | **35 333 785** |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 20 589 259 | 20 484 983 |
| **Жыйынтыгында, кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар** | **142 791 471** | **113 789 381** |

### Каражаттардын банктарда жана башка финансылык уюмдарда концентрацияланышы

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы эсептеринде суммасы өз-өзүнчө өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан калдыктар жок (2024-жылдын 31-декабрына карата Улуттук банктын АА+ кредиттик рейтинги бар үч банкта жана башка финансылык уюмдарда өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан эсептеринде калдыктары болгон. Бул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү 2024-жылдын 31-декабрына карата 50 799 775 миң сомду түзгөн).

Кредиттик рейтингдер Fitch рейтингдик агенттигинин стандарттарына же башка эл аралык рейтингдик агенттиктеринин ушул сыяктуу стандарттарына ылайык берилген.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24, 29-эскертүүлөрдө чечмеленген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 7 Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар (уландысы)

### Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчёттун максаттары үчүн төмөнкүлөрдү камтыйт:

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери | 37 012 692 | 28 381 530 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсеп | 23 475 125 | 18 239 935 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы “ностро” эсептери | 20 787 841 | 17 093 850 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 20 589 259 | 20 484 983 |
| **Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчёттогу акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **101 864 917** | **84 200 298** |

## 8 Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген кредиттер** | | |
| - кредиттик рейтинг ыйгарылбаган | - | 155 605 |
| **Жыйынтыгында, банктарга жана эл аралык уюмдарга күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервди эсептен алып салганга чейинки кредиттер** | **-** | **155 605** |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | - | (155 605) |
| **Жыйынтыгында, банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер** | **-** | **-** |

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк калдыгы өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан коммерциялык банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттерге ээ эмес.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24, 29-эскертүүлөрдө чечмеленген.

МАЗМУНУ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 9 Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| А кредиттик рейтингиндеги Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн казына облигациялары | 7 304 686 | 6 886 134 |
| АА+ кредиттик рейтингиндеги Канада Өкмөтүнүн казына облигациялары | - | 1 082 376 |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **7 304 686** | **7 968 510** |
| Кредиттик рейтинг ыйгарылбаган эл аралык финансылык уюмдардын карыздык баалуу кагаздары | 38 282 217 | 38 504 361 |
| ААА кредиттик рейтингдеги агенттик баалуу кагаздар | 883 997 | 4 271 471 |
| | **46 470 900** | **50 744 342** |

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан үлүшү бар контрагенттери менен иш алып барган эмес (2024-жылдын 31-декабрына карата Улуттук банктын өздүк капиталынын 10 пайызынан ашкан үлүшү бар бир контрагенти болгон. 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча бул контрагентке карата кредиттик тобокелдиктин дуушарлануусу 29 456 905 миң сомду түзгөн).

Кредиттик рейтингдер Fitch рейтингдик агенттигинин стандарттарына же башка эл аралык рейтингдик агенттиктеринин ушул сыяктуу стандарттарына ылайык берилген.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24-эскертүүдө чечмеленген.

## 10 Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| В- кредиттик рейтингиндеги Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигациялары | 20 595 637 | 20 727 476 |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (403 170) | (418 024) |
| | **20 192 467** | **20 309 452** |

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24, 29-эскертүүлөрдө чечмеленген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 11 Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар

Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялардын жылышын төмөнкүдөй чагылдырууга болот:

| | Туунду уюмдар | Ассоциацияланган уюм | Баланстык нарк |
|---|---|---|---|
| **2024-жылдын 1-январы** | **6 770 000** | **676 676** | **7 446 676** |
| Ассоциацияланган уюмдун пайдасындагы үлүш | - | 251 142 | 251 142 |
| Ассоциацияланган уюмдан алынган дивиденддер | - | (60 675) | (60 675) |
| **2024-жылдын 31-декабры** | **6 770 000** | **867 143** | **7 637 143** |
| Ассоциацияланган уюмдун акционерлеринин үлүштөрүн сатып алуу | - | 15 476 | 15 476 |
| Ассоциацияланган уюмдун пайдасындагы үлүш | - | 400 505 | 400 505 |
| Ассоциацияланган уюмдан алынган дивиденддер | - | (189 454) | (189 454) |
| **2025-жылдын 31-декабры** | **6 770 000** | **1 093 670** | **7 863 670** |

| Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар | Иштин түрү | Ээлик кылуу үлүшү, % | 2025-жылдын 31-декабры | Ээлик кылуу үлүшү, % | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|
| “Кепилдик фонд” ААК | Гарантияларды сунуштоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 91,22 | 6 050 000 | 91,22 | 6 050 000 |
| “Кыргыз инкассациясы” ЖАК | Баалуулуктарды ташып жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,00 | 720 000 | 100,00 | 720 000 |
| “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК | Процессингдик кызмат көрсөтүүлөр | 49,64 | 1 093 670 | 46,71 | 867 143 |
| | | | **7 863 670** | | **7 637 143** |

Улуттук банктын бардык туунду жана ассоциацияланган уюмдары катталган жана өз ишин Кыргыз Республикасында жүргүзүшөт.

2025-жылдын төртүнчү чейрегинде Улуттук банк туунду жана ассоциацияланган уюмдарды башкаруу стратегиясын ишке ашыруу максатында “БПБ” ЖАКтын акционерлеринин үлүштөрүн 15 476 миң сомго сатып алуу аркылуу “БПБ” ЖАКтын уставдык капиталындагы өз үлүшүн көбөйткөн. Акционерлердин үлүштөрүн сатып алуунун натыйжасында Улуттук банктын “БПБ” ЖАКтын уставдык капиталындагы үлүшү 49,64 пайызды түзгөн (2024-жылдын 31-декабрына карата: 46,71 пайыз).

## 12 Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | 147 329 | - |
| | **147 329** | **-** |

Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине 2026-жылдын 27-январында сатылган негизги каражаттардын объекттери түрүндө көрсөтүлгөн. Бул объекттердин ордун толтуруу наркы 466 482 миң сомду түзгөн.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 13 Негизги каражаттар

| | Жер | Имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | | |
| **2025-жылдын 1-январына карата калдык** | **125 866** | **1 090 070** | **1 043 013** | **168 539** | **46 709** | **577 639** | **3 051 836** |
| Сатып алуулар | - | 710 452 | 39 676 | 113 488 | 30 017 | 1 409 222 | 2 302 855 |
| Колдонуудан калгандар | - | (42 638) | (40 056) | (37 599) | (3 724) | (58) | (124 075) |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдерге которуу | - | (140 656) | (6 427) | (246) | - | - | (147 329) |
| Ордунан которулгандар | 39 127 | 1 445 367 | 179 951 | - | - | (1 757 395) | (92 950) |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **164 993** | **3 062 595** | **1 216 157** | **244 182** | **73 002** | **229 408** | **4 990 337** |
| ***Амортизация*** | | | | | | | |
| **2025-жылдын 1-январына карата калдык** | **-** | **(248 662)** | **(402 473)** | **(73 397)** | **(21 084)** | **-** | **(745 616)** |
| Жыл ичиндеги чегерүүлөр | - | (32 432) | (146 663) | (27 716) | (11 088) | - | (217 899) |
| Колдонуудан калгандар | - | 42 630 | 40 026 | 37 598 | 2 863 | - | 123 117 |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **-** | **(238 464)** | **(509 110)** | **(63 515)** | **(29 309)** | **-** | **(840 398)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | | |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **164 993** | **2 824 131** | **707 047** | **180 667** | **43 693** | **229 408** | **4 149 939** |

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча сатып алууларда жалпы суммасы 1 243 514 миң сомду түзгөн мамлекеттик менчик формасындагы ишканага алдын ала төлөөлөрдү таануу жана 21-эскертүүдө ачып көрсөтүлгөн бааланууучу милдеттенме камтылат.

2025-жылы Улуттук банк башкы подрядчы – мамлекеттик менчик формасындагы курулуш компаниясын ишке тартуу менен Киев көчөсү, 189 дарегиндеги административдик имараттын курулушун аяктады.

Курулушу аяктаган объекттин шайкештигин баалоо боюнча 1 171 362 миң сом суммасындагы актыга 2025-жылдын 23-октябрында кол коюлган. 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча подрядчы менен эсептешүүлөрдүн документ түрүндө таризделиши текшерүү жана макулдашуу процессинде турат. Башкы подрядчы баалардын өсүшүн эске алуу менен аткарылган иштердин жана колдонулган материалдардын наркын кайра эсептегендигин, ошондой эле кошумча аткарылган иштердин тизмегин билдирген.

Улуттук банктын жетекчилиги ФОЭСтин “Негизги каражаттар” деп аталган 16-стандартынын талаптарына таянып, курулушу аяктаган объекттин шайкештигин баалоо актысынын негизинде пайдаланууга даяр болгон учурдан тартып негизги каражаттардын объекттерин тааныган, ошондой эле башкы подрядчынын сарптоолорун компенсациялоо ыктымалдуулугу жана эң жакшы баа тууралуу кесипкөй пикирди колдонуу менен, 2025-жылдын 31-декабрына карата 21-эскертүүдө ачып көрсөтүлгөн бааланууучу милдеттенмени тааныган.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 13 Негизги каражаттар (уландысы)

| | Жер | Имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | | |
| **2024-жылдын 1-январына карата калдык** | **200 250** | **1 028 479** | **653 155** | **503 904** | **43 599** | **539 890** | **2 969 277** |
| Сатып алуулар | - | 1 824 | 410 523 | 58 912 | 13 318 | 113 394 | 597 971 |
| Колдонуудан калгандар | (74 384) | (505) | (24 335) | (392 831) | (10 208) | (9 766) | (512 029) |
| Ордунан которулгандар | - | 60 272 | 3 670 | (1 446) | - | (65 879) | (3 383) |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **125 866** | **1 090 070** | **1 043 013** | **168 539** | **46 709** | **577 639** | **3 051 836** |
| ***Амортизация*** | | | | | | | |
| **2024-жылдын 1-январына карата калдык** | **-** | **(224 100)** | **(292 602)** | **(421 183)** | **(23 829)** | **-** | **(961 714)** |
| Жыл ичиндеги чегерүүлөр | - | (25 048) | (134 180) | (46 105) | (7 463) | - | (212 796) |
| Колдонуудан калгандар | - | 486 | 24 316 | 392 828 | 10 208 | - | 427 838 |
| Ордунан которулгандар | - | - | (7) | 1 063 | - | - | 1 056 |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **-** | **(248 662)** | **(402 473)** | **(73 397)** | **(21 084)** | **-** | **(745 616)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | | |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата** | **125 866** | **841 408** | **640 540** | **95 142** | **25 625** | **577 639** | **2 306 220** |

2025-жыл ичинде 147 329 миң сом суммасындагы негизги каражаттар сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдерге которулган (2024-жылы: болгон эмес).

2025-жыл ичинде 92 950 миң сом суммасындагы негизги каражаттар материалдык эмес активдерге которулган (2024-жылы: 3 383 миң сом суммасында).

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча толугу менен өз алдынча амортизацияланган негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер жок.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 14 Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Алтын түрүндө запастар | 100 837 737 | 72 245 123 |
| Монетардык эмес алтын | 2 556 652 | 2 270 445 |
| | **103 394 389** | **74 515 568** |

2025 жана 2024-жылдар ичинде Улуттук банк тышкы рынокто эл аралык резервдин курамына кирбеген алтынды сатуу операцияларын, ошондой эле ички баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү келечеги алкагында Улуттук банктын запастарын түптөө максатында сатып алуу операцияларын да жүргүзгөн. Сатылган монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастардан түшкөн каражаттар менен өздүк наркы боюнча маалымат 26-эскертүүдө чечмеленген.

## 15 Башка активдер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Дебитордук карыз | 372 393 | 393 508 |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв | (45 635) | (20 938) |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **326 758** | **372 570** |
| Запастар | 956 604 | 588 467 |
| Берилген аванстар | 716 268 | 1 379 679 |
| Нумизматикалык баалуулуктар | 51 178 | 160 617 |
| Башкалар | 8 567 | 12 384 |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык эмес активдер** | **1 732 617** | **2 141 147** |
| | **2 059 375** | **2 513 717** |

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервдин жылышы 24, 29-эскертүүлөрдө чечмеленген.

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча берилген аванстар мамлекеттик менчик формасындагы ишканага 550 617 миң сом суммасындагы алдын ала төлөөнү камтыйт (2024-жылдын 31-декабрына карата: курулушу бүтө элек объект боюнча курулуш-монтаждоо иштерин аткарууга 1 171 362 миң сом).

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 16 Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 304 007 805 | 243 313 538 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкнотторду жана моненталарды алып салуу менен | (3 229 507) | (2 888 805) |
| | **300 778 298** | **240 424 733** |

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар калктын колундагы жана уюмдарда жайгашкан жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын номиналдык наркын билдирет.

## 17 Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын эсептери | 104 741 734 | 80 911 121 |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине таандык коммерциялык банктардын жана финансылык уюмдардын эсептери | 90 019 188 | 46 343 648 |
| Башка финансылык уюмдардын эсептери | 1 289 937 | 1 064 738 |
| | **196 050 859** | **128 319 507** |

2025-жылдын 31-декабрына карата Улуттук банкта эки коммерциялык банктын эсептери боюнча өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан калдык катталган (2024-жылдын 31-декабрына карата: беш коммерциялык банк). Бул банктардын эсептериндеги калдыктардын жалпы көлөмү 2025-жылдын 31-декабрына карата 90 019 188 миң сомду (2024-жылдын 31-декабрына карата: 95 667 611 миң сом) түзгөн.

## 18 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттары

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эсептериндеги каражаттар кирет.

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Улуттук валютада | 64 447 026 | 41 773 714 |
| Чет өлкө валютасында | 248 532 | 355 246 |
| | **64 695 558** | **42 128 960** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 19 Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар

2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга төмөнкүдөй төлөө мөөнөтүнө жана баланстык наркына ээ баалуу кагаздар кирет:

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Улуттук банктын төлөө мөөнөтү 7 күн болгон ноталары | 777 311 | 1 107 378 |
| Улуттук банктын төлөө мөөнөтү 91 күн болгон ноталары | 5 446 782 | - |
| Улуттук банктын төлөө мөөнөтү 182 күн болгон ноталары | 3 429 933 | - |
| | **9 654 026** | **1 107 378** |

Улуттук банк акча-кредит саясатын жүргүзүү алкагында баалуу кагаздарды чыгарууга жана алар менен кабыл алынган эл аралык тажрыйбага ылайык операциялардын бардык түрлөрүн ишке ашырууга укуктуу. Улуттук банктын ноталары Улуттук банктын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу жайгаштырылат, анын катышуучуларынан болуп Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары саналат.

## 20 ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 20 455 848 | 12 904 627 |

Атайын карыз алышуу укуктарын (мындан ары – АКУ) бөлүштүрүү, алардын суммасын эл аралык валюта фондунун (мындан ары – ЭВФ) мүчөсү болгон өлкөлөрдүн эл аралык резервдерин толуктоо жана ликвиддүүлүгүн колдоо максатында ЭВФтин мүчөсү болгон өлкөлөрдүн ортосунда анын чечими боюнча АКУ суммаларын шартсыз бөлүштүрүү болуп саналат. Мындай бөлүштүрүү глобалдуу финансылык каатчылыкка каршы жамааттык монетардык жооп болуп саналат, ал ликвиддүүлүк проблемасын башынан кечирип жаткан өлкөлөргө шарттар менен чектелбеген олуттуу финансылык ресурстарды берүү аркылуу ишке ашырылат. Бул ресурстар жөнгө салууга муктаждыкты азайтууга жана экономикалык өнүгүү саясатынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн валюталык запасын толуктоо аркылуу глобалдуу экономикалык системанын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууга каралган. ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн арасында АКУну жалпы бөлүштүрүү алардын ЭВФтеги квотасына пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылган (31-эскертүү). Мындан тышкары, 2009-жылдын 10-августунда глобалдуу ликвиддүүлүктү жогорулатуу максатында, ЭВФтин Келишимдер статьясына төртүнчү түзөтүү күчүнө кирген, анда АКУну бир жолу атайын бөлүштүрүү каралган. Ушул түзөтүүгө ылайык, Кыргыз Республикасын кошо алганда, ЭВФке мүчө өлкөлөргө атайын бөлүштүрүү 2009-жылдын 9-сентябрында ишке ашырылган. Мүчө өлкөлөр жана АКУга ээлик кылуучулар аларды ЭВФ менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонушу мүмкүн. Кыргыз Республикасы 84 737 миң АКУ өлчөмүндө бөлүштүрүлгөн каражатты пайдалануу укугуна ээ болгон.

2021-жылы ЭВФ COVID-19 пандемиясынын терс таасирин жөнгө салуу зарылдыгына байланыштуу, катышуучу өлкөлөрдүн арасында АКУну бөлүштүргөн, жыйынтыгында 2021-жылдын 23-августунда Кыргыз Республикасы бөлүштүрүлгөн АКУнун өлчөмүн 170 222 миңге көбөйткөн. Анын пайыздык чени жума сайын ЭВФ тарабынан аныкталат жана ал бүткүл дүйнө боюнча бөлүштүрүлгөн АКУну алуучулар үчүн бирдей болуп саналат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 20 ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер (уландысы)

2022-жылдын 13-майында Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2021-жылы ЭВФтен Кыргыз Республикасына бөлүштүрүлгөн АКУну өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууга кол коюлган. Ага ылайык, бөлүштүрүлгөн АКУ Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын ордун жабуу максатына колдонулат.

2025-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Улуттук банкка 56 741 миң АКУ калыбына келтирилген, ал 2021-жылы Кыргыз Республикасына ЭВФ тарабынан бөлүштүрүлгөн АКУнун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине Улуттук банк тарабынан өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуунун алкагында берилген (2024-жылы: 28 370 миң АКУ). 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелери тиешелүүлүгүнө жараша 169 848 миң АКУну жана 85 111 миң АКУну (2024-жылдын 31-декабрына карата: тиешелүүлүгүнө жараша 113 107 миң АКУ жана 141 852 миң АКУ) түзгөн.

Кийинки таблицада Улуттук банктын финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелериндеги өзгөрүүлөр, анын ичинде акча агымдары менен шартталган өзгөрүүлөр сыяктуу эле, акчага байланышпаган өзгөрүүлөр да сунушталган. Финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер дегенден улам, Улуттук банктын акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчётто чагылдырылган же чагылдырыла турган, финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын агымынын курамындагы милдеттенмелерди, акча агымдарын түшүнүүгө болот.

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **2025-жылдын 1-январы** | **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i)** | **Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо** | **Башка өзгөрүүлөр (ii)** | **2025-жылдын 31-декабры** |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 12 904 627 | - | 840 129 | 6 711 092 | 20 455 848 |
| | **12 904 627** | **-** | **840 129** | **6 711 092** | **20 455 848** |

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **2024-жылдын 1-январы** | **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i)** | **Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо** | **Башка өзгөрүүлөр (ii)** | **2024-жылдын 31-декабры** |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 10 204 524 | - | (500 390) | 3 200 493 | 12 904 627 |
| | **10 204 524** | **-** | **(500 390)** | **3 200 493** | **12 904 627** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 20 ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер (уландысы)

(i) ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелерден акча

агымдары акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчётто карыз алуулардан жана карыз алуулардын ордун жабуудан түшүүлөрдүн таза суммасын түзөт.

(ii) 2025 жана 2024-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча башка өзгөрүүлөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Улуттук банкка ЭВФтен Кыргыз Республикасына бөлүштүрүлгөн АКУ калыбына келтирилген жана чегерилген пайыздар боюнча өзгөрүүлөрдү өзүнө камтыйт.

## 21 Башка милдеттенмелер

| | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Бааланууучу милдеттенме | 710 000 | - |
| Башкалар | 146 363 | 153 506 |
| **Жыйынтыгында башка финансылык милдеттенмелер** | **856 363** | **153 506** |
| Алынган аванстар | 466 732 | 517 |
| Башкалар | 194 583 | 184 999 |
| **Жыйынтыгында башка финансылык эмес милдеттенмелер** | **661 315** | **185 516** |
| | **1 517 678** | **339 022** |

2025-жылдын 31-декабрына карата бааланууучу милдеттенме Улуттук банктын жаңы имаратынын курулушун аяктоого байланыштуу ыктымалдуу милдеттенме боюнча эң жакшы баалоону билдирет (13-эскертүү).

2025-жылдын 31-декабрына карата алынган аванстарга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сатууга каралган узак мөөнөттүү активдер катары классификацияланган негизги каражаттар үчүн 466 482 миң сом суммасындагы төлөмү кирет.

## 22 Уставдык капитал

### Төлөнгөн капитал

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык Улуттук банктын уставдык капиталы 4 000 000 миң сомду түзөт.

### Республикалык бюджетке чегерүүлөр жана милдеттүү резерв

Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын 13-февралындагы “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасын которуу маселелери жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык, Улуттук банктын 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча пайдасы финансылык отчёт көз карандысыз тышкы аудитор тарабынан тастыкталгандан кийин которулат.

## 22 Уставдык капитал (уландысы)

2025-жылдын 19-февралында Улуттук банктын 2024-жылдагы бөлүштүрүү үчүн пайдасы 45 696 727 миң сом өлчөмүндө бекитилген, ал жүз пайыз өлчөмүндө Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине чегерилген (2024-жылы: 2023-жыл үчүн 12 436 056 миң сом өлчөмүндө таза пайда бекитилген, ал жүз пайыз өлчөмүндө Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине чегерилген).

Республикалык бюджетке чегерилген сумма жана милдеттүү резерв Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каражаттарынын көбөйүшү катары чагылдырылгандыктан, алар акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчёттон алынып салынган.

**Капиталды тескөө**

Улуттук банктын капиталы дегенден улам, анын бардык милдеттенмелерин эсептен алып салгандан кийинки Улуттук банктын активдеринин калдык наркын түшүнүү зарыл.

Улуттук банктын капиталды тескөөгө байланыштуу максаттары Улуттук банктын көз карандысыздыгын жана ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн капиталды тиешелүү деңгээлде колдоп турууга багытталган. Улуттук банк өзүнүн тескөөсүндө турган жалпы капиталды финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчётто камтылган өздүк капитал катары карайт.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамында каралган 4 000 000 миң сомду түзгөн уставдык капиталдын өлчөмүн эске албаганда, Улуттук банк үчүн анын капитал деңгээлине карата кандайдыр бир тышкы талаптар жок.

## 23 Таза пайыздык киреше

| | 2025-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Натыйжалуу пайыздык чен методун колдонуу менен пайыздык кирешелер** | | |
| Чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы “ностро” эсептер | 3 225 869 | 2 921 534 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 2 598 147 | 1 988 195 |
| Чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык уюмдардагы мөөнөттүү депозиттер | 1 398 165 | 1 627 347 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | 1 308 975 | 1 537 283 |
| Башкалар | 164 756 | 57 323 |
| | **8 695 912** | **8 131 682** |
| **Пайыздык чыгашалар** | | |
| Банктардын жана башка финансылык уюмдардын каражаттары | (3 719 159) | (2 512 644) |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | (515 363) | (4 490 117) |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | (498 612) | (409 060) |
| Башкалар | (43) | (101 038) |
| | **(4 733 177)** | **(7 512 859)** |
| | **3 962 735** | **618 823** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 24 Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервди калыбына келтирүү/түзүү

| | Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык уюмдардагы каражаттар (7-эскертүү) | | Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү) | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар | Амортизацияланган наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарга инвестициялар (10-эскертүү) | Башка финансылык активдер (15-эскертүү) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | 1-стадия | 1-стадия | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | Жыйынтыгында |
| **2025-жылдын 1-январына карата абал боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **4 163** | **205 191** | **155 605** | **266** | **418 024** | **4 245** | **619** | **16 074** | **804 187** |
| Резервдин суммасындагы өзгөрүү | | | | | | | | | |
| Биринчи стадияга которуу | - | - | - | - | - | 156 | (156) | - | - |
| Экинчи стадияга которуу | - | - | - | - | - | (27) | 27 | - | - |
| Үчүнчү стадияга которуу | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Кредиттик тобокелдик параметрлери өзгөрүшүнүн натыйжасындагы нетто өзгөрүүлөр | - | - | - | - | (14 854) | 65 | 282 | - | (14 507) |
| Чыгымдардын ордун толтуруу | - | - | 682 826 | - | - | - | - | - | 682 826 |
| Түзүлгөн же сатылып алынган финансылык активдер | 12 687 | 15 302 | - | 259 | - | - | - | 25 275 | 53 523 |
| Таануу токтотулган финансылык активдер | (2 600) | (84 548) | (839 236) | (262) | - | (469) | (207) | (309) | (927 631) |
| Валюталардын курстарынын өзгөрүшү жана башка өзгөрүүлөр | - | - | 805 | - | - | - | - | 60 | 865 |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резерв** | **14 250** | **135 945** | **-** | **263** | **403 170** | **3 970** | **565** | **41 100** | **599 263** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР (УЛАНДЫСЫ)**

*(миң сом)*

## 24 Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга резервди калыбына келтирүү/түзүү (уландысы)

